Кырг
Т25



КАДЫРБЕК ТАШМАТОВ

# КҮЗГҮ ЖАМГЫР

(Лирикалык ырлар)

КАДЫРБЕК ТАШМАТОВ

# Күзгү жамгыр

*(Лирикалык ырлар)*

«Максат»
Бишкек – 2022

УДК 821.51-1
ББК 84 (5 Кир) – 5
Т 25

**Ташматов Кадырбек.**
Т 25 **Күзгү жамгыр:** Ырлар. -- Б.: «Максат», 2022. – 372 б.

ISBN 978-9967-9292-4-1

Урматтуу окурман, калеми төшөлгөн жаш акын Кадырбек Ташматовдун «Күзгү жамгыр» аттуу ырлар жыйнагы Сиздерге алгач сунушталып отурат. Акындын бул көп жылдык чыгармачылык мезгилин камтыган жыйнакта сүйүү, ой толгоо, балалык баёо дүйнө темасы автор тарабынан жеткиликтүү берилген.

УДК 821.51-1
ББК 84 ( 5 Кир) -- 5

ISBN 978-9967-9292-4-1

© Ташматов К., 2022.

***Арбагыңардан айланайын асылдарым!***

***Мени төрөп, ымыркай кезимден багып-чоңойтуп, эрезеге жеткирип, жакшы тарбия бергениңерге түбөлүк ыраазымын. Ачыгын айтсам, өзүм силерге кандай уул болгонумду биле албайм. Көзүңөр тирүүсүндө арзырлык иш жасай алган жокмун. Ал үчүн кечирим сурайм.***

***Бул тирүүлүктө жасаган алгачкы жупуну эмгегимди атам, Ташмат уулу Мамбетжанга, апам, Сыдыгалы кызы Мырзага арнаймын.***

**Автордон.**

## «КҮЗГҮ ЖАМГЫР» ДЕМ БЕРСИН

Кадырбек мырза! Сенин ырларың мага тааныш. Себеби, биз улуу акын «Алыкул Осмонов атындагы» адабий ийримде сапар карытып келебиз. Окуган ар бир ырыңды укканымда жакшы таасирге туш болом. Эң негизгиси айтайын деген оюңдун жарыктыгы алымсындырат мени. Эң сонун! Калеми жатык, такшалган акындардай жазган ырларың арбын. Эргүү бар сенде. Ички сезим-туюмуңун чакырыгын чагылдырган эркин саптар жыш, албетте, алар өтө тыгыз уйкаштыкка көбүнесе моюн суна беришпейт, бирок, ошол эле учурда ыргактуулук керектүү мааниге жетишүүгө түрткү берип турат. Тигил же бул теманы ачып берүүдө ыр саптары сапар тарткан каркыра-каздай жөн эле тизмектешпестен, сөздү экинчи сөз байытып, маани жагынан үндөшүп, арсар ойду жаратпайт. Сезимдин тууралыгы кубаттандырган күчтүү сөз өз таасирин жоготпостон, ылайыктуу колдонулуп, ынаным жаратат.

Менин жеке кабыл алуумда ачык түстөгү боёктор менен берилген төмөнкү ыр саптары сөз баккан, тилчи, адабиятчы, тиш каккан акындардан сырткары жөнөкөй окурмандарга түшүнүктүүлүгү жана жөнөкөйлүгү менен жагат, – деп ойлойм.

Назар салып көрөлү:

Адамбыз биз, адамдык дилибиз бар,
Ар улуттан ар башка, тилибиз бар.
Улутуна карабас адам дили,
Жүрөктөрдө адамдык сүйүүбүз бар.
Ар бир тилди ардактап билүү керек,
Адам кылып төрөгөн энебиз бар.

Үндөштүк, саптардын маани жагынан берилиши, эреже катары, акындын ой-тилегин ырастап, кандайдыр бир шандуулукка, патриоттук акыл жүгүртүүгө чакырык жасайт.

Кадырбектин ырларынын дагы бир өзгөчөлүгү, жашоо-тиричиликте кездешкен окуялар, дал ошол сыяктуу бурмаланбай чагылдырылат. Жымырып-жашырбайт, тескерисинче, зарыл керектүү азыктай пайдаланууга бел байлайт.

Кадырбекти лирика жандуу акындардын катарына кошкум келет. Ырларынын сюжети кабарлап тургандай, ырлары акырындык менен биринин артынан экинчиси уланып, терең ой толгоолорго чейин өсүп-жетет. Ушул артыкчылыгы менен окурмандарына абдан жагат го, – деген чоң ишеним бар.

Ошондой эле ырларынын көркөмдүк жагынан өнүгүшү, түзүлүшү да жаман эмес. Жөнөкөйлүктөн татаал ой-чабытын камтыган түрдүү кейиптердин ырчиеленишкен жагдайына чейинки ырастоолорду ырларынан байкоого болот.

Дагы бир ойдогудай жазылган ыр саптарына көңүл төшөйлү:

Мен киммин? Мен бир пенде, башында бар бактысы,
Балдарымдын атасымын, үй-бүлөмдүн башчысы.
Элим үчүн мен дарыгер, ден соолукту сактаган,
Жерим үчүн мен жоокермин, Мекенимдин сакчысы!

Ынтаа коюп карасак, ырдын көркөмдүк жагынан өнүгүшүндө «Мен жоокермин, Мекенимдин сакчысы!» деген саптагы ишенимдүү пикирине ынанасың. Эң башкы ойду автор терендетип берүүгө аракет жасайт.

Анча чоң болбосо да, эки кемчилигин байкадым, биринчиси, тыныш белгилерине өзгөчө маани бербегендиги, экинчиси, айрым учурда уйкашсыз саптарга орун бергендиги. Майда-чүйдө кемчилик болсо да калемдешке жардамың тийсе дурус го, – дейм. Далысынан таптап, куру бекер мактап, чыгарманын чын-бышыгын талдабай туруп, үстүртөн, жымсалдап пикир айтуудан алыс экенимди баса белгилеп кетким келет. Албетте, жыйнакта жогорку баскычка жеткен ырлардын саналуу экендиги акындын беделин түшүрбөйт, тескерисинче, талант, шыгы, жөндөмү бар экенин ырастап тургансыйт!

Адатта узун, жадатма саптар окурмандарды зериктирип жибериши мүмкүн. Арийне, көркөм окуу учурунда мындай аркандай узун ырларды жаттап, көркөм окуу кыйындыкты туудурат. Терме, санат, дастан же поэмаларга орун берилет деңизчи, ошондо да бардыгы өз ченеминде, ыргак, муун-өлчөм, уйкаштыктар так жана туура сакталып, негизги идеаны, чыгарманын маанисин айкындап турушу абзел. Сезимтал, сергек акын бул пайдалуу кеңештерди эске алат го, -деген ойдомун.

Жылдар учкан жылдыздай жылт этип, өтүп жатат.

«Күзгү жамгыр» аттуу жыйнагыңдын темасы айтып тургандай, бышыкчылыктын маалындагы түшүмдөй, ырларыңдын жемиштери да берекелүү, даамдуу, окурмандарга жагымдуу болсун. Колуңдан келсе, калемдешим ушул ыргагыңдан жазба, көп жаз, бирок, төп жаз. Изденип, өнөрканаңды гүлдөтүп, ыр куржунуңду сапаттуу ырларга толтуруп, элиңе, окурмандарыңа тартуулай бер. Чыгармачылык жигериң арта берсин!

***Алмаз СЕЙИТКАЗИЕВ,***
***Кыргыз Республикасынын жазуучулар***
***Кошунунун мүчөсү, акын-пародист***

# Мекен ырлары

## БАКТЫЛУУ КЫРГЫЗ ЭКЕМИН

Жарынан жагалмай, куш кайкып учкан,
Жайыкта арыш керип, күлүк сызган.
Төрүндө төрт түлүгү жайыт алып,
Ак-Талаанын эли шайыр, жери кутман.

Жашыл төр, көк жайыгы малга жагып,
Абасы, тунук суусу жанга жагып.
Асыл жер – Ак-Талаадай барбы деги,
Адамды дайым турган сагындырып.

Күү салып шар булагы колот өрдөйт,
Көк тиреп карагайы төрдү бербейт.
Бир көрүп, мейман болуп кеткен болсо,
Барсам, – деп кайра-кайра көңүл дегдейт.

Көктөмү көркү чыгып жамгыр төккөн,
Күркүрөп, албуут Нарын агып өткөн.
Кең Соң-Көл көбүк чачып тоо койнунда,
Ак-Талаа аймагына кошот көркөм.

К а й ы р м а:

Ак-Талаа – Ата-Мекеним,
Арча жыт аңкып өзөнүң.
Төрөлүп өскөн өзүңдө,
Бактылуу кыргыз экемин!

## ЫЙЫК ТУТКАНЫМ

Бар жакшылык баары сага байыр алган,
Бүт дүйнөмдүн ордосуна айланган.
Алтын уям, ата-энемдин турагы,
Сен ыйыксың, мага баардык жайлардан.

Таппай канча таттуу деген даамдардан,
Таңдайымдын таңсыгына айланган.
Таттуу даамын апакемдин нанынын
Таппай келем канча ширин даамдардан.

Өскөн айлым – балалыктын мекени,
Сага жетпейт мен көргөндүн нечени.
Чоң көчөңдө чаң ызгытып ойногон,
Калды изи балалыктын кечээги.

Мына ушул, менин ыйык тутканым,
Сагынычым, таалай-ырыс, кутманым.
Убагында жетпегенбиз баркына,
Кайдан билдик мезгил бизди утканын!

## ЖОЛ ТАРТКАНЫ ТУРАМ МЕН АЙЫЛЫМА

Жүрөгүм элеп-желеп эмнегедир,
Жай таппай өз үйүмдөн мен негедир..?
Жол тартканы турам мен айылыма,
Жаткандай, апам күтүп эмнегедир.

Ал сезим, калган эле адат болуп,
Ар жылы, жумушумдан эргүү алып.
Айылга ушул айда бараар элем,
Апакеме маянамдан белек алып.

Бул жолу ичимдеги сезим башка,
Балкыган, мээримине кезим башка.
Белек сатып алган жокмун апама арнап,
Баштагыдай күтпөйт да... айлыбыз да..?

Көрө албай караанынды бук болоормун,
Кусамды эселентип, суз болоормун.
Кайрылып мүрзөңүзгө куран окуп,
Көңүлдүн кайгысына туш болоормун?..

Кабагыңды таппасмын күлүп тураар,
Караанынды жоктоормун, тосуп чыгаар.
Келин-уулум, келатат алыстан, – деп,
Ким билет, арбагыңыз үйдө чыгаар?!

## САЛАМАТ ТУР, САНЖЫРАЛУУ АЙЫЛЫМ

Салам сага алыстагы айылым,
Сенде менин өнүп-өскөн тамырым.
Сен ыйыксың, башка жерден башкача,
Сенден көргөм бул өмүрдүн жарыгын.

Сенден аттап, алгач кадам өмүргө,
Сенде сүйүү келген алгач көңүлгө.
Сагынычты сенден сезип мен алгач,
Сүйүү ырын жазгам алгач төрүңдө.

Сендик болуу, айтканы да багымдын,
Сенден дүйнө ак-карасын тааныдым.
Сенде жашап, өткөн ата-энем да,
Сенсиң чыны, түбөлүктүү байырым.

Сагынычтын басаңдатып агымын,
Саламат тур, санжыралуу айылым!
Себеп болду, сергүүсүнө көңүлдүн,
Сени эстеп, бир ыр жазып байыдым!

## БИЗДИН АЙЫЛ

Биз чоңойгон биздин айыл чоң эмес,
Балалыктан берип дайым бир элес.
Бир көчөдө биз кошуна чоңойдук,
Бир кыз элең, эрке кыял, жөн эмес.

Баёо кыял, сүйүү эмне билбеген.,
Байлап салып бар дүйнөмдү сага мен.
Башка жан жок бул дүйнөдө өңдөнүп,
Бар сезимди арнап сүйгөн мен элем.

Бачым эле балалыктан бой жетип,
Баскан кезде, махабатка ой жетип.
Байкамаксан болуп менин барымды,
Башка жанга кеттиң, сунган кол жетип.

Андан бери канча барсам айылга,
Арзуу сезим, ороп, алоо жалынга.
Алгач сүйүүм, азыр дале сени издейм,
Алигиче, сен жүргөндөй айылда..

Эстейм ошол күндөрүмдү, эзилем,
Эселек бир сүйгөнүмө кезигем.
Эң алгач мен, эркелетип сени өпкөм,
Эстен кетпей калганыңды түшүнөм.

Биздин айыл, биздин аруу балалык,
Биздин сүйүү – бир берилген саамалык.
Байкабаппыз учурунда биз аны,
Бир келбестир, ал кез кайра жаралып?!

## АТА-ЭНЕМДИН ТУРАГЫ...

Көз ачып, көргөн алгач, жарык дүйнө,
Алтын уям, канат каккан мен өмүргө.
Аянышпай алпечтеп мени өстүргөн,
Асылдардын аярлайм дүйнөсүндө.

Дүйнөнүн башатындай ошол үйдө,
Дүңгүрөп жашоо шаңы күндө-күндө.
Атакем аскар тоодой көктү тиреп,
Апакем айкалышчу Айга, Күнгө.

Менменсип, мээрим толуп, ташып турчу,
Мейман дос, бул дүйнөнүн төрү болчу.
Мекени балалыктын ошол үйдөн,
Мээримин атам, апам төгүп турчу.

Бапырап бардар болуп, бар дүйнөбүз,
Бакытка балкып турчу, үй-бүлөбүз.
Кыялдар келечекке үмүт артып.
Кулпуруп гүлдөп турчу, гүл дүйнөбүз.

Айныбас асылдыктын баасын берип,
Атакем курган дүйнө, терин төгүп.
Аздектеп ар бир ташын турагыңдын,
Төрүндөй тирүүлүктүн, жүрөм сүйүп.

Ал үйдө балалыктын изи калган.
Ак бата, алкоо, ата сөзүн алгам.
Алтын туур ата-энемдин короо-жайы,
Арбагы асылдардын байыр алган.

Качанда, кайдан сапар карыганда.
Кайтып дайым атакемдин чарбагына.
Кулундай балалыктын изин басып,
Куран окуйм ата-энем арбагына.

Кыр ашып кеткен күнү сагынаарым,
Кымбатсың, тирүүлүктө ыйык жайым.
Асылдар, ата-энемдин турак жайы,
Ыйыксың, калган сенде балалыгым!

# ТАШКЫНДАЙ БЕР, НАРЫНЫМ!

Агып өтүп, жер шаарынын жарымын,
Азияга жайып бүткүл тамырың.
Айландырдың сен гүлзарга чөлдөрдү,
Айбатың күч, албуут дайра Нарыным!
Шарыңдан жарык шам жанып,
Толкудуң көлдөй шаңданып.
Агымың артык күч берип,
Айсыз түн, болду жапжарык.
Толкуп актың, тоо суусунан топтолуп,
Толкунуңдан, жылдыз учту от болуп.
Тоолук элим байырлады жээгиңди,
Турмуш шаңы, бакыт менен коштолуп.
Мөңгүдөн агып чогулуп,
Мөңкүдүң ташка урунуп.
Тамчыңды таткан чөл, талаа,
Кулпурду гүлгө оронуп.
Бузуп тоону буркандаган агымың,
Бүркүп турган электрдин жарыгын.
Бердиң элге кутман талаа азыгын,
Берекең эч, тартылбасын Нарыным!
Өзүңдөн жарык шам алып,
Шаарлар көркөм салынып.
Көөлгүп көлдөй токтодуң,
Эркине элдин багынып!

## БАКЫТТЫН ШААРЫ НАРЫНЫМ

Жаштыгымда көчөң бойлоп көп жүргөм,
Жаш өмүрдүн жаркын күнүн өткөргөм.
Жаштык шаары, жан кубаты, Нарыным,
Жашап сенде, алгач жолу, кыз сүйгөм.
Күн кошуп күчтүү салымын,
Күчтөнтүп дайра агымын.
Гүлгө ороп күндүн нурларын,
Гүлдөй бер, шаарым Нарыным!

Шайыр жаштар шаңга бөлөп кечинди,
Шаттантчу элең, сүйүү толгон сезимди.
Ойноок мүнөз, ый-күлкүгө тойбогон,
Сенде өткөргөм оттой ысык кезимди.
Жээгинде мөлтүр дайранын,
Желбиреп көккө байрагың.
Жашай бер, кылым карытып,
Жаштыктын шаары Нарыным!!

Агымында бул турмуштун агылып,
Азда болсо турмуш көрүп кагылып.
Ал кездерди бирге жүргөн өзүңдө,
Азыр жүрөм, шаарым сени сагынып.
Башкарар өмүр кайыгын,
Башаты таалай-багымын.
Балалык калган өзүңдө,
Бакыттын шаары Нарыным!

Баркы кымбат балалыктын мекенин,
Бар бакыттын баары сенден сеземин.
Баёо кыял байкабаган өмүрдүн
баамдадым, баасы кымбат экенин!
Санжыра өткөн тарыхың,
Салкын жер, жайдын таңысың.
Сапарда жүрсөң саматып,
Сагыныч шаарым, Нарыным!

## ӨНӨР, БИЛИМ БЕШИГИ

*(Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайынын маарекесине)*

Оргуштаган өнөрдүн булагысың,
Өчпөй турган билимдин чырагысың.
Таланттардын өнөрүн алга сүрөөр,
Өзгөчө бир касиеттүү турагысың.
Куттуу болсун маараке, жетимиш жыл,
Өсө бергин, өркүндөп окуу жайым!

Таңсык болгон, билимге таланттуунун,
Таалим берип, өнөрдүн ачып жолун.
Такшалдырдың канчанын таланттарын,
Так тургузуп, тай-тайлап, сунуп колуң.
Желбиресин желегиң, жерге түшпөй,
Жетимиш жыл, маарекең куттуу болсун!

Өзгөчө бир, өмүрлөргө шаң берген,
Өрнөк болуп, өнөр үчүн кам көргөн.
Өсүп чыкты гүлзарлардай кулпуруп,
Өнөрлүүнүн, канчасы өз төрүңдөн.
Өркүндөй бер, өнөр, билим бешиги,
Өчпөсүн эч, өмүр шамы өзүңдөн!

## ТАЛАНТТАРДЫН БЕШИГИ

Темир канат таланттар талпынышкан,
Айдыңында атак, даңк, калкып учкан.
Жетимиш жыл желегин желбиретип,
Атактуулар өзүңдөн билим туткан.

Көөлгүгөн көркөм өнөр майданында,
Оболоп көмөкөйдө, таңдайымда.
Коштогон, комуз күүсү кыялдарды,
Талантты берген бакыт таалайыма.

Уясы болуп улуу таланттардын,
Учургансың, жетилтип канаттарын.
Урмат-сыйга бөлөдүң канчаларды,
Улуу өнөр кенчи бол, далай дагын.

Шаттанса, шаңга бөлөп кыргыз жерин,
Эзелтен өнөргө бай, шайыр элим.
Өзүңдү өнөр кенчи, – деп билебиз,
Өнөрдүн өргө тарткан келечегин.

Бешиги – чебер өнөр, таланттардын,
Байрагың желбиресин алгалагын!
Таптай бер, таланттуу жаштарыңды,
Кылым жашап, эмгектен талба дайым!

# АЛТЫН ТУУР – ТУРАГЫМ

Туулган жер – сыйынаар мазарым,
Тумардай бек сактап, катаарым.
Өмүрүм өзүңдөн кош айтса,
Турпагың жамынып жатаарым.
Өзгөчө керемет күч менен,
Өзүңө түшкөн назарым!

Чарчабай, өзөнүң бойлогон,
Чаңыңды сапырып-ойногон,
Сагынтты балалык күндөрүм,
Саяңда кулундай туйлаган.
Санаанын сапарын тарткандай,
Сагынчым көөдөнгө батпаган.

Ата-Журт – алтын туур, турагым,
Мүрөктөй, мөл кашка булагың.
Тушунда туйлаган тулпарың,
Ташыркап, жешилди туягым.
Туурунда туйгундай талпынган,
Канатым талыбас убагым!

# ДОЛОН

Жайда жашыл, кышта ак кар жамынып,
Жазда жамгыр, күздө бороон чамынып.
Төрт мезгилиң төп келишкен Долонум,
Төрүң толо төрт түлүк мал жайылып.

Ажарланып, ай аскага нур төгүп,
Асман толо жылдыздарды чүмкөнүп.
Ашуусунда айлуу түндө баратсаң,
Асман жиреп бара жаткан өңдөнүп.

Даңазалуу Долон жайда керемет,
Жайып малын, кулун байлап-желелеп.
Ата-бабам, ак пейилинен абалтан,
Ак өргөөдө, конок күткөн келет, – деп.

Ашуу жайлоо, асыл жерим, тоолорум,
Жер соорусу сен жөнүндө соболум.
Сактап жүргөн бабалардын ысымын,
Санжыралуу атың сенин Долонум.

Долон бели-кылымдарды карыттың,
Кыя салып бийиктикке жанаштың.
Кыйыр жолуң карт тарыхтын изиндей,
Кыргызымдын пейилине жараштың!

# ЫЙЫК ЖЕРИМ

Туулган жер, ыйык мага ар-бир ташың,
Ак карлуу аяз кышың, жашыл жазың.
Сууң мүрөк, тоо, токоюң бейиш сымал,
Айлуу түнүң, көлкүгөн көк асманың,
Дан жыттанып чалкыган, даркан талааң,
Аптаптуу жай саратан, жайлооң салкын.

Күндөрдү тал чыбыктай күлүк минген,
Алгач сүйүү, ак бантикчен кызды сүйгөн.
Аттаган ак мектептин босогосун,
Таптаза тамчы суудай аруу дүйнөм.
Мезгили күлгүн курак, баёо мүнөз,
Туулган жер, балалыгым сенде өткөн.

Айлуу түн, жылдыз толгон асманыңдан,
Нур балкып, жүрөгүмө сүйүү тамган.
Бой жетип кучагыңда канат күүлөп,
Ааламга мен өзүңдөн сапар тарткам.
Кай жакта жүрсөм дагы ыйыксыңар,
Туулган жер, айылдаштар, апам, атам!

# КЫРГЫЗ КОМУЗУ

Колунда кыргызымдын үч кыл комуз,
Кылында нечен тарых, сыйкыр добуш.
Кайгысын, күлкүсүн да тең бөлүшүп,
Кечирип элим менен бирге турмуш.
Келетат көчүп-конуп кылымдарга,
Көтөрүп тарых жүгүн айтып бүткүс!

Ак калпак, сайма чапан, кемер куру,
Ала-Тоо, арчалуу төр, өзөн-суусу.
Ырлар-жомок-дастан, обондору,
Салт-санаа кылым санап баскан жолу.
Комуздун кылдарында күүгө айланган,
Элимдин бүт турмушу, мүдөө оюу.

Сыйынып, сыйлап күтөөр өмүрдөгү,
Сыйкырлуу сырдашым ал көңүлдөгү.
Оюмдун обонун таап оборогон,
Ырымды коштоп турар үнүмдөгү...
Комуздан улуу үйдө коногум жок,
Илинип турган дайым төрүмдөгү!

## МЕН, КЫРГЫЗМЫН

Аралашып арасында жылдыздын,
Ай, Күн менен коңшу менин турмушум.
Ак кар баскан улуу тоодо төрөлүп,
Эркин өскөн, эрки күчтүү,
элдин уулу, кыргызмын!

Тулпар туйлап, ак шумкары шаңшыган,
Күү жанырып, колдо комуз таңшыган.
Мазар мага – тууган жерим-турагым,
Мен кыргызмын, Ата-Журтун
карегиндей сактаган!

Карыларын кадырлаган, сыйлаган,
Кадыр-баркты эмгегинен жыйнаган.
Мен кыргызмын, Баатыр Манастын тукуму,
Кеменгерлик көлкүп турган
көөдөнүндө сыйбаган!

Кыргызмын, – деп сыймык менен айта алам,
Өз тилимде ырдай, сүйлөй, жаза алам.
Комузум колдо, ак калпагым башымда,
Бабам Манас, атам Чынгыз,
Мекеним – Кыргызстан!!

## УЛУТУНА КАРАБАС...

Адамбыз биз, адамдык дилибиз бар,
Ар улуттан ар башка, тилибиз бар.
Улутуна карабас адам дили,
Жүрөктөрдө адамдык сүйүүбүз бар.
Ар бир тилди ардактап билүү керек,
Адам кылып төрөгөн энебиз бар.

Орус менен сүйлөшсөм, орустаймын,
Өз тилимди эч качан унутпаймын!
Дунган менен дунганча учурашып,
Кошунабыз сыйлашам, урушпаймын.
Айырмасы жок чыгаар, аңдап көргүн,
Казак-кыргыз өткөргөн курултайын!

Эсебине көп элдин кириш керек,
Колдон келсе көп тилди билиш керек.
Өгөйлөбөй өзгөнүн эне тилин,
Өз тилиңден кем эмес билиш керек.
Кайсы улуттан экениң кажет эмес,
Эне тилди энеңдей сүйүш керек!

## БИЙИКТИКТЕР

Бийиктиктер тоолордо бар, жолдо бар,
Бийиктиктер кыялда бар, ойдо бар.
Бийик болуу ар пенденин тилеги,
Бийиктикке алып барат максаттар.

Бийик деген жамандыкка жарашпайт,
Жамандыкта аппак болуп таң атпайт.
Күндүн, Айдын жолу дайым бийикте,
Ошондуктан алар жолдон адашпайт

Айырмалап жакшы менен жаманды,
Бийиктиктен көрө аласың ааламды.
Билим, өнөр бийиктикке жеткирет,
Бийиктиктер бийик кылат адамды!

Акыл калчап, аралашып ар ишке,
Акыл ойду багып дайым бийикте.
Адашпасаң бара турган жолуңдан,
Адамзаттын оорду өзү бийикте.

## ТООЛОРУМ

Тоолорум менин тоолорум,
Тектирге чыгып ойнодум.
Тартылып таттуу кыялдар,
Толкундай толкуйт ойлорум.

Тоолордо мөңгү, булак бар.
Толукшуп күнү, чубак бар.
Тай күлүк чапкан жарышып,
Тай чабаар бала курак бар.

Тоолорум менин тоолорум,
Татаал, узун жолдоруң.
Табышмак дүйнө – сулуулук,
Талаа -түз, аска-зоолоруң.

Тоолордо толо сүйүү бар,
Таңшыган улар үнү бар.
Туптунук, мөлтүр булагы,
Татына сүйүү гүлү бар.

Тоолордо тунук тазалык,
Толукшуйт жазда жасанып.
Тектири сансыз гүл жайнап,
Термелет желге назданып.

Төккөндө жамгыр себелеп,
Теребел сайма чегелеп.
Толукшуп тийсе күн нуру,
Тоо койну укмуш керемет.

## КЕЛ, НООРУЗУМ!

Кел, Ноорузум! Жазгы күндөй жаркып кел,
Келечектүү бак-таалайга балкып кел.
Гүлгө ороп Ала-Тоонун аймагын,
Жагалмайдай жашообузга кайкып кел.

Кел, Ноорузум! Жакшылыкка жарчы бол.
Багын ачаар, бактыбыздын багы бол.
Умай Эне, Ала-Тоону аруулап,
Кыдыр Ата, берсин бата жайып кол.

Бала болуп, баласызга балкып кел,
Кембагалга байлык берип, көңүл бөл.
Элге, журтка, аманчылык, ден-соолук,
Төрт-түлүккө бер Ноорузум эгиз төл.

Кел, Ноорузум! Ала келгин мол түшүм,
Баба дыйкан, көрсүн эмгек үзүрүн.
Адам, пенде жалгыз жашоо кечирбей,
Ушул жылы, тапсын ар ким түгөйүн.

Ак калпактуу аталардын атын бер,
Ак элечек апалардын жашын бер,
Кел, Ноорузум! Биздин элдин төрүнө,
Кел, Ноорузум! Кел, Ноорузум, бачым кел!

## ЫСЫК-КӨЛҮМ, КҮБӨСҮҢ

Көл кечи, бир керемет, чар тарабым,
Көксөмдүн учун чубап кыялдарым.
Турганда турпатыңа, мен суктанып,
Сен мени, секетим ай, не карадың?..

Карегиң карегиме кабылганда,
Капталып капылеттен чагылганга.
Көрүнүп көктөн түшкөн периштедей,
Жамалың жандан артык жакты мага.

Шыбырап Ысык-Көлүм деми менен,
Учкун, – дейт аалам кезип, периң менен.
Сыйкырлуу сүйүү мага канат болуп,
Сызгым бар, сырыңды угуп көлүм терең.

Ылайым толкуп-ташкын, түгөнбөгүн,
Ырыскың толуп турсун, көөнөрбөсүн.
Өзүңдөн бакыт кушун кармап алдым,
Ысык-Көл ак сүйүүмө сен күбөсүн!

# САГЫНЫЧЫМ ЫСЫК-КӨЛ

Көл шарпылдап, кусалуудай үн катып,
Көл жээгинде мен олтурам ыр жазып.
Канча акын сырдаш сага болду экен,
Кусалыгын айтып, сага сырдашып?..

Көз жетпеген тереңинде не сыр бар?
Калган чөгүп кандай сырлуу сүйүү бар.
Карап сени неге Алыкул термелет?
Кереметиң сүйсө керек, сезип ал.

Ак чардагың кайып-учуп чөмүлөт,
Ак Кемең да, алыс жактан көрүнөт,
Ай чагылып, толкундарың жаркылдап,
Аппак нуру күмүш кумга төгүлөт.

Сен керемет, жаратылыш жараткан,
Сен сулуусуң өмүр улап бараткан.
Саламат тур, качан болсо Ысык-Көл,
Сагынычым ыр дүйнөдө таң аткан!

## КЫРГЫЗ ТООСУ

Кыргыз тоосу кылымдардын күбөсү,
Кылым жаштуу карыядай мүнөзү.
Аскалары күн нуруна чагылып,
Ак мөңгүлөр, асылдыктын бир өзү.

Аба жарып асманында чагылган,
Арасында аркар-кулжа жайылган.
Токоюнда торгой сайрап, үн салып,
Конушунда комуз күүсү жаңырган.

Коргон сымал турган элди калкалап,
Коозун айт, гүл оронгон чар тарап.
Жылгалардан аккан дары булагың,
Жанга жагып, элим келет аркалап!

Арча, кайың, карагай жыш төрүндө,
Абаң таза, эргүү берет көңүлгө.
Касиеттүү кагылайын тоолорум,
Карыздармын өмүр коштуң өмүргө.

## «БАБЫК»

Окурманга болсун оюм ачык кеп,
Жайлообуз бар, аты аталган «Бабык» – деп.
Эмнеликтен кимдер минтип атаган,
Сураштырдым улуулардан иликтеп.

Бирөө дагы толук жооп бербеди,
Жандыра албай кызыгууну мендеги.
Ар биринин өз-өзүнчө сыры бар,
Аталыштар табышмактуу элдеги.

Арасында ак мөңгүлүү зоолордун,
Көктү тиреп тирегиндей тоолордун.
Жайы-кышы турат булут жамынып,
Жабыгынан барып «Бабык» болгонбу?..

Балалыктын көбү өттү ал жерде,
Атам жылда бул жайлоого көччү эле.
Карагайсыз, тереги жок, суусу жок,
Бирок, жайнап түркүн гүлдөр өсчү эле.

Элим келчү жылда жайда мал багып,
Малга-жанга берекелүү күн жагып.
Ышкын терип биз кыдырып жүргөндө,
Бийик жерден улар уччу үн салып.

Атакемдин жылда кончу конушу,
«Чоң-Кар» менен «Коргон-Ташта» болучу.
Адыры гүл, арча жыты аңкыган,
«Бабык» жайлоо кереметке толуучу.

Таң эртеден түтүн булап түндүктөн,
Кыргыз айлы көркөм эле боз үйдөн.
Кеч киргенде ойночубуз ак чөлмөк,
Жалаң жаштар улуу -кичүү бир жүргөн.

Желе-желе кулун байлап, кулпунтуп,
Жорго таптап, жолго камдап жулкунтуп.
Коюн союп, конок күтүп, атакем,
Жайда жашоо болоор эле бир укмуш.

Мезгил өтүп, өмүр кетти өзгөрүп,
Сенден узап кеткен элем бой жетип.
Андан бери көрдүм канча жерлерди,
Керемет жер көралбадым сенчелик.

Убакыт таап жүрөм сага баралбай,
Көп күндөрдөн ылайыгын табалбай.
Атыңды атап, сыймыктанып жүрөмүн,
Сагынычым артып, кабар алалбай!?

## АЙЫЛЫМДЫ САГЫНДЫМ

Аралап көчө, багыңды,
Сапырып, топо-чаңыңды.
Чыгырык айдап ойногон,
Сагындым бала чагымды.
Киндик кан тамган Ботояр,
Сагындым өскөн айлымды!
Ал кезде балачак эле...
Айылдын кечи шаң эле.
Ак бантик таккан чачына,
Кошуна бир кыз бар эле.
Алгачкы аппак сүйүүмдү,
Унутпай жүрөм дагы эле.
Чоңоюп калган кезимде,
Чок салып ал кыз сезимге.
Балалык туңгуч ак сүйүүм,
Башталган айлым өзүндө.
Алгачкы жолу кыз өпкөн,
Ал күндөр дале эсимде.
Капарсыз, ойноп күлчү элек,
Кайгысыз доор сүрчү элек.
Бирге окуп, дайым бир жүрүп,
Биз анда октой курч элек.
Класcташ өскөн кыздарды,
Кызганып, коруп турчу элек.
Азыр мен келсем айлыма,
Ал кезек алыс, биз башка!
Аралап бассам көчөңдү,
Айлымдын көркү бир башка.

Эстээрге эски достор жок,
Жашынган жаштык мөл кашка.
Кыялдар учуп сабалап,
Кылсам да канча далалат.
Сагынтат, эзип жүрөктү
Кайрылбай кеткен балачак.
Көчөңдөн издеп табалбай...
Көңүлүм сени саматат.

## БАР БОЛОЛУ

Кыргыз элим кылым санап жөө-атчан,
Кызык жашап, кылымдарды карыткан.
Кыр-кырларда эркин турмуш кечирип,
Кыйындыкта бирге жоону чабышкан.

Кыз-уланы эр намысын бербеген,
Качан болсо камдуу, белин чечпеген.
Каада-салты, сый-урматы өзгөчө,
Кагылайын кыргыз деген элимден!

Пейил кенен Ысык-Көлдөй чалкыган,
Досторуна кучак жайып, жаркыган.
Ала-Тоодой оюу бийик, ак көңүл,
Айланайын, ынтымактуу калкыман!

Барктуу болуп, барды-жокту тең ойлой,
Баскынчыга, душмандарга жем болбой.
Баатыр Манас урпактары кең пейил,
Бар бололу башкалардан кем болбой!

# ЖАЙЛОО ТАҢЫ

Көшүтүп кыялдарды жамгыр үнү,
Көңүлдүү ойдо жаттым жайдын түнү.
Өзгөчө симфония ойноп жатты,
Жамгырдын бир укмуштуу сыйкыр үнү.

Тартылып табияттын музасына,
Таттуу уйкунун тартылдым кучагына.
Жайлоонун таңы атып калган экен,
Дүбүртүн жылкылардын укканымда.

Козголуп короодо кой, жуушап жаткан,
Жеңелер үйгө кайтып, уй саанынан.
Самоордон түтүн булап көктү көздөй,
Тамылжыйт таңдын нуру күн чыгыштан.

Кыраңда кылда буурул аргымакчан
Жылкычы жылкы айдап келе жаткан.
Кишенейт желедеги кулундары,
Ызгытып тулпар ташты туягынан..!

Сыдырым сылап беттен ичиркентип,
Сыйкырын сулуу таңдын сез дегенсип.
Өзгөчө керемети жайкы тандын,
Өмүрдү узарткансыйт эселентип.

Жаркыган жашыл жайлоо ак таңындай,
Жаркылдап, жапжаш сулуу ачык маанай.
Жаштыктын бир учурун эске салды,
Ийилип кымыз сунуп, жаны калбай.

# САГЫНДЫМ

Сагындым «Бабык», «Соң-Көлдү,
Сансыз гүл өсчү төрлөрдү,
Саймадай кооз Сары-Иймек.
Кашка-Суу, Жантык, Көл -Төрдү.

Мөңгүсүн аппак, зоолордун,
Аңкыган жытын тоолордун.
Ысык нанын апамдын
сагындым чайын самоордун!

Сагындым булак добушун,
Жайлоонун жашыл конушун.
Суусунуң канган бир жутсаң,
Сабаанын саамал кымызын.

# СОҢ-КӨЛГӨ

Атын токуп, кышта турган байлоодо,
Кошо алып, бизди малын айдоого.
Кыя жолдон төрт түлүгүн чубатып,
Жазда атам көчөөр эле жайлоого.

Бир керемет мезгил беле, жаз, -деген,
Жытын сепкен, тоодон соккон жел менен.
Өрүш алып, өйдө карай барчубуз,
Өзөн өрдөп, суу бойлогон жол менен.

Кыйма-чийме саймага окшоп жолдору,
Биз ашчубуз, бийик ашуу – «Молдону».
Салам айтып, тосуп алчу кең Соң-Көл,
Сагынат го, ал да бизди болжолу..?

Жылдыз-Көлдө – атакемдин конушу,
Жылда жайда өрүш алып конуучу.
Төрт түлүктүн жайытына жай эле,
Тепши менен Таш-Дөбөнүн өрүшү.

Жылкы тосуп, желесине кылаандан,
Азоо минип, көл жээгинен сугаргам.
Бээ саадырып, кулун байлап желеге,
Кымызынан ичээр элем суусасам.

Конок келсе, атам дайым кой сойчу,
«Таш-Дөбөдө» ат чабылып, той болчу.
Карыялар кымыз ичип, сөз баштап,
Айткандары санжыра-кеп, ой болчу.

Кылаасында кырка боз үй тигилип,
Мамыдагы азоо күлүк жулунуп.
Кыз-уландар кызык оюн курушуп,
Көбүк чачып, Соң-Көл турчу кубулуп.

Суyга келген кыздар өткүр, курч эле,
Сулуулугу көңүлүмдү бурчу эле.
Көл шарпылдап. көк кайыкты чайпалтып,
Көңүл кушу көөдөн тээп турчу эле.

Сезим козгой көлүм терең сырларың,
Сенде жазгам мен алгачкы ырларым.
Алсам керек акындыкты өзүңдөн,
Сенде өткөзгөм балалыктын жылдарын...

Сапар улап, сенден узап кеткемин,
Сендей көркөм сулуулукту көрбөдүм.
Сыйкырың го табияттан Соң-Көлүм,
Сактап жүргөн сулуулугун Мөөрдүн.

Жайы-кышы жайыт болгон кийикке,
Алп тоолордун ортосунда, бийикте.
Керемет Көл чалкып жатат -табышмак,
Жаратканым куйган өңдүү идишке!

Ашык сага тоо башында мөңгүлөр,
Ал гана эмес, адырдагы сан гүлдөр.
Акындар да «Соң-Көлүм», – деп ыр жазып,
Ашык болгон сага нечен өмүрлөр.

Келдим Соң-Көл, мен өзүңдү сагынып,
Касиеттүү бар күчүңө багынып.
Кулпурасың сен да мени күткөндөй,
Күлүп тосуп, күн нуруна чагылып.

Кана айтчы, каралдыңа сырларың,
Келе албасмын, мен өзүңө жыл сайын.
Кумар жазып, сагынычым таратып,
Көңүлүм жай, мен үйүмө кайтайын.

Чачтым сага чачыладай сырымды,
Чамам ушул, бүтүрөйүн ырымды.
Карт тоолордун арасында көп жашап,
Карыта бер, дагы нечен кылымды!

# АК-ТАЛАА – АТА-МЕКЕНИМ

Коюнунда тоолоруңдун,
төрөлүп, мен торолдум.
Көркүнөн кубат алып,
Эр жетип, мен чоңойдум!

Көргөндө көк адырын,
Көркүнө шаттанамын.
Уул кызын үчүн ыйык,
Абаң, сууң, топурагың.

Аралап айлуу түнүн,
Ашыктык ачып гүлүн.
Ак-Талаам сенде ойгонгон,
Алгачкы менин сүйүүм.

Көк жашыл, жазың, жайың,
Көйкөлгөн аппак таңың.
Көңүлдүн, төрүндөсүң
көрбөсөм сагынамын.

Кайрылсам кайра өзүңө
От жанат жүрөгүмдө
Кайрадан жолуккандай
Алгачкы сүйгөнүмө.

Айылым, атам-энем,
Асыл, кут, тагдыр берген
Айтылуу Ак-Талаамды,
Ыр арнап, ырдап келем!

# АЙЫЛЫМА КЕЛГИЛЕ

Күбө болуп, бир суктанып көркүнө,
Күздө жайда, айылыма келгиле.
Элим менин жайыр мүнөз, мейман дос,
Сыйын көрүп, сырын угуп, кеткиле.

Ай чагылып ак мөңгүгө жаркылдап,
Аппак тоолор закым окшоп калкылдап.
Көз тайгылган сулуулуктун көркөмү,
Көргөн жанга эргүү турат тартуулап.

Элим кутман, бакытка бай мекеним,
Таптап чыккан таланттардын неченин.
Булбул куштун сайрап турган үнүндөй,
Кайрыктары Каныкейдей эжемин.

Шоокум салып жазда жайда жаңырып,
Ак мөңгүндөн өзөн толуп агылып.
Шарпылдаган доошунда Соң-Көлдүн
Чебер Нурак күүсү турат жаңырып!

Өзгөртпөстөн салсаң бизге сапарың,
Өзүң көрүп бир кумарга батасың.
Өмүрлөргө бүтпөс кубат күч берет,
Ырын уксаң булбул Муса атанын.

Малга жайлуу Орто-Сыртың, Ак-Сайың,
Келсе экен, -деп, мейман күтөт «Ак-Кайың».
Агымынан симфония жаңырып,
Ак-Талаадан агып өтөт алп Нарын.

Атка жеңил, жигиттери чабандес,
Ай туяктуу, күлүктөрү жел жетпес.
Кыздарычы, кымча белдүү, супсулуу,
Сиңдилери Акмөөрдүн, ай теңдешпес!

# ТАЕНЕМДИН БАГЫ

Тоо тарапта, алысыраак айылдан,
Топ тал өсчү, бутактары жайылган.
Апам айтчу: «Таенеңдин багы, -деп,
Паана кылып келатабыз байыртан».

Бала кезде ат откоруп кел, -десе,
Ошол бакка бараар элем түз эле.
Канча жылы жашаганын ким билсин,
Кучак жеткис, ошол бактар чоң эле.

Көп жыл өттү, барбай жүрүп айылга,
Туз буюруп, барсам быйыл жайында.
Орду калып, ал бактардын бири жок,
Отун үчүн кыркса керек, байымда.

Көңүл чөгүп, турам бир аз апкаарып...
Кыйса кыйсын, калган кезде картайып.
Ата-энемдин чарбагы, -деп таекем,
Көчөт тигип койсо болмок, алпарып?!

Мен өзүмчө ойго чөктүм убай жеп:
Токой болуп өсө берсе дагы, -деп.
Кыйылса да калбай бир тал-бутагы,
Аты калды «Кара-Кыздын багы»– деп!!

# УЛУУ ТООНУН УЛАРЫ

Аппак кардуу улуу тоону мекендеп,
Аскаларга уя салып бекемдеп.
Үн алышып көк тиреген бийиктен,
Улуу тоодо улар жашоо кечирет.

Ала-Тоонун арасында керемет,
Арча, кайың атыр жытын себелеп.
Аскасында акын ырдап жаткандай,
Кыялыңа бир керемет күү келет!

Көркөмүнө тоолорумдун үн кошуп,
Улар сайрайт кереметтүү күү созуп.
Ушул үндү, уккан адам бактылуу,
Узун жайда, улуу тоодо таң тосуп.

## ТОО БУЛАГЫ

Тоого барып, доошун угуп булактын,
Толкунданып мен өзүмчө кубандым.
Эски обон кулагыма жаңырып,
Эске түштү ойноок бала курагым.

Жүзүм чайып мөлтүр булак суусуна,
Кере жуттум кош уучума толтура.
Чаңкоом канып, чарчаганым унутуп,
Эргүү келип кеттим жандай олтура.

Бала кезде байкабаган сулуулук,
Байыр алып сезимиме жылуулук.
Бир башкача шылдырайсың мени арбап,
Жан-дүйнөмө өтө жакын туюлуп.

Топтолушуп, толкуп дайра, көл болуп,
Ташкындай бер, тоолуктарга дем берип.
Мен сагынган балалыгым алып кал,
Ыр жазайын сагынганда мен келип..

## ЭСКИ ТАМ

Жол бою, калың терек арасында,
Заманбап жаңы үйдүн далдаасында.
Кароосуз эски үй турат, көп жыл болду,
Кара кулпу илинип каалгасында.

Бир кезде бирөө тилек кылса керек,
Урпагым жашасын, – деп курса керек.
Той болуп, топурашып ушул үйдө,
Жакшылык нечен ирет болсо керек.

Эскирип, сыры кетип, сыны кетпей,
Эзилип кар, жамгырга кулап түшпөй..
Эстетип, ээсин турат тааныштарга,
Эски там эзелки бир эстеликтей?!

Эски үйлөр тургузулган топурактан,
Эл жаңы, өзгөрүлгөн жаңы заман.
Кароосуз калбаса экен, эч бир коргон,
Мураска калган бизге аталардан.

Урпактар өткөндөрдү эстегиле,
Атанын үйүн таштап кетпегиле.
Кор кылбай, короо-жайын ата-энении,
Заманга ылайыктап эптегиле!

## САРЫ-ӨЗӨН-ЧҮЙ ЖЕРИНЕ

Кызмат менен кыдырып кыргыз жерин,
Жалал-Абад, Ош, Талас, Көлдү көрдүм.
Туз буюруп өзүңдөн мага дагы,
Туруп калдым өзүңдө Сары Өзөнүм.

Кут түшкөн, берекелүү жер экенсиң,
Пейлиндей кыргызымдын кең экенсиң.
Кыз узатып уул үйлөп, сенде туруп,
Өзүңө байланды окшойт келечегим.

Ким билсин, дагы канча турарымды..?
Өлчөп болбос, өмүр жаш убагыңды.
Туз татып, сууңду ичип жүргөнүмө,
Сары-Өзөнүм, сага таазим ылайым бу.

Конот, – дейт куш айланып тууруна,
Күн келээр, кайтаармын өз журтума.
Тууган жер топурагың буюрсунчу,
Ден соолук, өмүр бергин өз уулуңа!

## КУСАЛЫК

Сенде туулуп, сенде өсүп, чоңойдум,
Ысык-суугуң татып мен да торолдум.
Көп болуптур сенден узап кеткеним,
Баштаптырмын турмушумдун чоң жолун.

Жайда барам, кышта барам сагынып,
Сен жашарып баратасың жаңырып.
А, мен болсо, бубак басып чачымды,
Келаткансыйт күндө жакын карылык.

Жашыл дарак, чаң көчөңдүн боюнда,
Эски үйлөрдү элестетем оюмда.
Ак мектебим айылыма көрк берет,
Турат дале мени күтүп жолумда.

Карыялар, атам менен курбалдаш,
Көрүнбөйт го, неге алардын караны аз.
Акыл кенчи – апаларды таба албайм,
Аларды эстеп, ачык көңүл болоор пас.

Бейтааныштай айылдаштар, адамдар,
Алиги жок ак ниеттүү саламдар.
Чоочун болуп, чочуйт менин жүрөгүм,
Деги канча өттү, өтөт замандар.

Башбакканда атакемдин үйүнө,
Балалыгым олтургандай төрүндө.
Айылымдан таппай ата караанын,
Томсоромун, капа турат көңүлдө...

Садагалап, алдым тосуп жалынган,
Апакемди издейм, жытын сагынам.
Атакемдин ак батасын эстеп мен,
Терең ойго чөмүлөм да, камыгам.

Ошол замат көңүл зарга туш болуп,
Адам жоктой айыл ичи суз болуп.
Арбагыңдан айланайын асылдар,
Жоктоп турам жүрөгүмө муз тоңуп...

Айыл ичин аралаймын, айланып,
Карылар жок, каада күткөн жай калып.
Боор тарткан кошунамды сурасам,
Көзү өтүптүр, курган короо-жай калып.

Көңүлүмдө кусалык күч, топтолуп,
Кайттым үйгө айлым менен коштошуп.
Калды бирок, канбай дале сагыныч,
Менин ыйык атам, апам жок болуп!

# ЧЫКТЫМ ЖОЛГО

Башталган көп жыл мурун айылымдан,
Ушул жол сапар тартып, мен бараткан.
Анда мен атакемдин эрке уулу,
Жашоонун арабасын жаңы тарткан.

Мезгилим мен чоңойгон чыкпайт эстен,
Ушул жол сенден алыс алып кеткен...
Көп жүрдүм, аз жүрдүмбү андан бери,
Жыл тогошуп, көп ирет болду көктөм.

Учуруп сагынычым болуп канат,
Ушул жол мени айлыма алып барат.
Учунда ушул жолдун айылдагы,
Балбылдап балалыктын шамы жанат!

Башаты башталаарда турмуш жолум,
Ак жол тилеп, аткем жайып колун.
Батасын берген эле, бакыт каалап,
Эл уулу бол уулум, – деп айтып оюн.

Сагынып апакемди чыктым жолго,
Сапарым айылыма барчу жолдо.
Байсалдуу болсун жолу уулуңдун,
Бараткан максатымды кошо колдо!

## СУУСАМЫР

Суусамыр, сулуу жайлоо, жайда барсаң,
Суйсалат, сулуу кызча чачын жайган.
Жамынып жашыл килем, тоо-талаасы,
Сансыз гүл, адыр-тоосун саймалаган.
Төрүндө төрт түлүгү өрүш алып,
Булагы дайра болуп агат сайдан.

Аппак шейшеп жамынып, кышта барсам,
Аяз кызга окшошуп уктап жаткан.
Күлүңдөйт күмүш сайма, кымкап кийип,
Күзгүдөй күн нуруна жүзүн чайган.
Суусамыр сулуулуктун периси сен,
Көргөн жанды көксөтүп, сагындырган!

Жыл өтүп, мен өзүңө барбай калсам,
Сагынтат кымыз жыттуу, салкын абаан.
Өзүңдөн өтсүн дайым өмүр жолу,
Жол улап жолоочулар сапар тарткан.
Кут түшкөн кутман жери кыргызымдын,
Кабыл ал, бул ырымды сага арналган!

## АСЫЛ ЖЕРИМ

Ак-Талаа – асыл жерим, таланттардын мекени,
Жашап өткөн бир өзүндө залкарлардын нечени!
Молдобасан, Байымбет, булбул Муса атадан,
Бизге калган мурас болуп нечен өнөр кезеги.

Кең Ак-Талаа -керемет жер, өрүшүнө кут конгон,
Ата-Журтун ыйык туткан, өмүрлөргө жык толгон.
Ашыгы хан Жантайдын, айтылуу Акмөөр сулуу,
Ак куусу Соң-Көлүмдүн, Ак-Талаанын кызы болгон.

Эл багып, жерин коргоп, аргымак ат, тулпар таптап,
Эрдигин жоону сайган, эл эскерет, тарых тактап.
Эрөөлдө эр намысын эч душманга алдырбаган,
Тайлак баатыр Ак-Талаада төрөлүп, өткөн жашап!

Орто-Сырт, Арпа, Соң-Көл айтууга көп, асыл жерим,
Көркөмүң күүгө салып, черткен чебер Нурак сенин.
Аппак тоолор кызгалдактуу кыз өңүндөй талаалар,
Ырга айланган кайрыгында Каныкейдей эжемдин.

Асыл жерим, Ата-Журтум, айланайын Ак-Талаам,
Алыс жүрсөм атың атап, сыймыктанам, мактанам.
Сага болгон сагынычым ырга айланды жүрөктө,
Сапарында бул өмүрдүн сенден өмүр баштагам.

## ЫСЫК-КӨЛ ЖАНА АЛЫКУЛ

Кыргызымдын бермети – Ысык-Көлүм,
Керемет бейишисиң жер бетинин.
Жанына жакын жолдош ыйык тутуп,
Арнаган Алыкулуң ыр берметин.

Ак мөңгүлүү тоолордун кучагында,
Айкалышып ай-асман тутамына.
Ысык-Көл жаралып сен калгандайсың,
Дабаа болуп акындын кусасына.

Шарпылдаган үнүнөн толкунуңдун,
Жаны ырлары жаңырып Алыкулдун.
Аягы ак боз аттын дүбүртүндөй,
Алып кеткен акындын отуз жашын...

Жаркылдап көл бетине чагылышып,
Күткөндөй күн илебин сагынышып.
Мөңгүлөр куят жазда Ысык-Көлгө,
Ырындай акыныңдын чамынышып.

Жол тартып качан болсо келсем сага,
Жолуккандай боломун Алыкулга.
Көлүм сага сыйынып, куран окуйм,
Көлгө сиңген акындын арбагына!

Айрылып Алыкулдан калган күндөн,
Толкудуң, куса болдуң нечен-нечен...
Жок чыгаар жакын жолдош экөөңөрдөй,
Жолдоштуктун антына турган бекем!

Айтаарым Алыкулдун урпактары,
Ата-Журттун асыл, – дейт ар бир ташы.
Айырбайлы акынын Ысык-Көлдөн,
Алыкулдай сүйөлү табийгатты!

## АППАК ТООЛОР

Аппак тоолор ай шооласын жамынган,
Асыл мончок жылдыздардан тагынган.
Аскасына күн чагылып күндүзү,
Ак булуттан аппак жоолук салынган.

Абаасына арча жытын сепкендей,
Адырына түркүн гүлдү эккендей.
Адыр, түзүң аймагы кең керемет,
Асылдыктын нурун чачып кеткендей.

Керилишип көктү тиреп тургансып,
Көркөмүн айт, күмүш сууга жуугансып.
Кең өзөндүн шаркыраган үнүнөн,
Комуз ойноп жаткан өңдүү күү таңшып!

Мен тоолордо гүлүн ачкам өмүрдүн,
Торолгомун кучагында төрүңдүн.
Алгачкы ырым тоолор сенде жаралган,
Толуп турган ордосунда көңүлдүн.

Балалыгым мекендеген турагым,
Көркөмүңдөн канбайт эч бир кумарым!
Көрбөй калсам сагынычка жеңдирип,
Кусалыктан жазам сүйүү ырларын.

Жамгырыңдан сүйүү тамган жүрөккө,
Балалыктын изи калды түнөктө...
Силер менен жаным бирге окшоду,
Сагынганда туралбасмын мүнөткө!

# «КӨК-ОЙ»

Жолго чыгып, атам мени ээрчитип,
Жол боюнда мүрзөлөргө кезигип...
Аттан түшүп, атам куран окуса,
Бир сыр бардай турчу мага сезилип.

Сапар улап андан ары тоо жакка,
Туш келгенде oopду калган кыштакка .
Жоготконсуп бир нерсесин бул жерде,
Кобурачу... атам оюн жыймакка..

Көңүл буруп: «Уулум, билип ал, – дечү,
Көрдүңбү, – деп мындагы чоң дөңсөөнү?
Эстегенсип, бир кездеги жаш кезин,
Чоң атаңдын үйү болчу. Бул, – дечү.

Айыл болгон, бир чоң уруу эли бар,
Ата-бабаң өткөн жерди билип ал!?
Арбактарга куран окуй жүр балам,
Бул мүрзөдө биздин ата-бабалар!

Заманында ата-бабам жердеген,
Ошол айыл – Көк-Ой деген жер экен.
Аталардын арбагына сыйынып,
Ошол күндөн ыйык тутуп мен келем!

# Арноо ырлары

## АМАНДЫКТА ЖҮРГҮЛӨ

Бала болдук, бакыт күндө даң салдык,
Сүйүү таптык, бала көрдүк, там салдык.
Жаңы жылы бул өмүрдүн жаңырды,
Мына ушинтип, да бир жашка картайдык.

Байлык, – дедик, бийлик, – дедик, үй, – дедик,
Бала багып, кызмат иштеп, гүлдөдүк.
Күндө күтүп, келсе экен, – деп, жаңы күн,
Өмүр өтүп жатканды́гын билбедик..?

Тостук жылды, эски жылды узатып,
Өйдө-төмөн, турмуш шаңы уланып.
Тилек кылып, жакшылыкта кол жайып,
Жаңы жыл, – деп куттукташтык, кубанып.

Да бир жылы, калды артта өмүрдүн,
Ошону ойлоп, бир аз ойго чөмүлдүм.
Анткен менен тирүүлүккө ырахмат,
Аппак таңдын нуруна мен көмүлдүм.

Бакыт тилейм баарыңарга, жериме,
Үй-бүлөмө, балдарыма, элиме.
Дос, туугандар, жаңы жылда жалпыңар
амандыкта, ден-соолукта жүргүлө!

## БААТЫР ЖООКЕР

Басынбай барга-жокко, ачка-токко,
Баатырча Мекен үчүн күйдүң отко!
Татаал тагдыр жолунан тайманбаган,
Талантбек антка бекем, сендей жок го!

Сактайм, – деп сен өмүрүн бир жоокердин,
Кол сундуң, колуң эмес жаның бердиң.
Турмушта максаттарың бийик эле,
Кырсыктап калаарыңды кайдан билдиң?!

Чек коргоп, Мекен үчүн кызмат өтөп,
Кызматта жүрдүң эле, күндөп-түндөп.
Кыргыздын кыраан уулу эмес белең,
Капыстан токтойт беле, кайран жүрөк!..

Артыңда жарың калды, сүйүүң калды,
Ачыла элек Элестей, гүлүң калды.
Эрке уулуң, Эламанга эс кире элек,
Эңшерилип бул дүйнө, үйүң калды...

Эрдигиң урпактарга сабак болсун,
Уулдарың – туягың, аман болсун.
Эр жетип, эмгек менен баар тапсын
Эмгекти баалай билген заман болсун.

## КУБАНДЫРЫП ЖҮРГҮЛӨ

Барчын болуп, балам өсүп-жетилип,
Бактысына бакыт кушу кезигип.
Балкып турам, бир өзгөчө сезимге,
Бар бакыттын баары бүгүн кезигип!

Дос, туугандар жалпы күткөн сүйүнө,
Келин келди, баш кошулуп үйүмө.
Алтындарым, ак жолуңар ачылып,
Ак никеде узак өмүр сүргүлө!

Ак батамды арнап жүргөн силерге,
Айтып жатам алтындарым билгиле!
Ажырашпай, ак колунар кармашкан,
Ата-энени кубандырып жүргүлө.

# КЕЛИНИМ КЫМБАТКА

Тамчы суудай мөлтүрөгөн, татына,
Ак жоолугу куп жарашкан башына.
Келин алдык, кыздай күтүп алабыз,
Кир жугузбай көңүл, кабак-кашына.

Апаң салган аппак жоолук үлбүрөк,
Ак никенин аруулугун билдирет.
Айырбасын кудай сени ыймандан,
Бата берип, айтып турам бир тилек.

Эгиздердей, дайым бирге жүргүлө,
Эриш-аркак узак өмүр сүргүлө.
Келин-балам этегиңден жалгасын,
Кубанычтан маңдай жарып, күлгүлө!

## БУЛБУЛ ҮНҮН КЕЛЕПТЕП

*(Рыспай Абдыкадыровго)*

Махабатты салып шаңдуу кайрыкка,
Бир керемет үнүң менен ырдадың.
Өзүң өтүп кетсең дагы дүйнөдөн,
Элде калды мурас болуп ырларың
.
Кыягыңды элпек ойноп, боздодуң,
Жакты үнүң, жакты обон созгонуң.
«Алмашыңдай» бекем сүйүү аркылуу,
Далай жаштын жүрөктөрүн козгодуң.

Музыканын ачып нечен сырларын,
Музыканын чоң дүйнөсүн аттадың.
Булак шарын, булбул үнүн келептеп,
Кыргыз жерин кылымдарга даңктадың.

Сен ырдаган махабаттын дайрасы,
Сезимдерди селдей ташып, каптады.
Ышкы арттырып, таланттарга дем берип,
Ырларыңдын тийип турат аптабы!

## АЛЫКУЛГА

Жакын досу, жан жолдошу Көлүмдүн,
Аз өмүрдө ырга чөктү көңүлүң.
Сен өлбөссүң, сен тирүүсүң элиңде,
Ырга айланган ыйык сенин өмүрүң.

Ызаат, урмат, сөз айтылат элиңде,
Ышкы, талант терең экен дээриңде.
Ата-Журтту ырың менен калкалап,
Олтурасың «Ысык-Көлдүн» жээгинде.

Ак боз атың минип алып, алкынтып,
Ак канаттуу ырларыңды талпынтып.
Жүргөн кезиң элди-жерди аралап,
Жашоо, сүйүү маң-маанисин артылтып!

Өзүңдү өзүң өлбөс кылып жаратып,
Бүт кыргызды ата-журт деп ырдатып,
Элиң үчүн келечеке жол карап,
Кеткендейсиң ак боз минип кырды ашып.

Кубат алып ар-бир жазкан ырыңдан.
Кумир тутуп арбагыңа сыйынам.
Алыкул сен поэзия пирисиң
Акылында алтын сөздөр уюган.

## КЫЗЫМ, МЕДИНАНЫН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ

Туулган күнүң бүгүн кызым төрөлгөн,
Эне болуп, ал күн апаң сүйүнгөн.
Ата болуп, алгач ирет мен дагы,
Кубанычтын кучагына бөлөнгөм.

Куттуктаймын, кызым, бүгүн майрамың,
Жазгы күндөй, жашыл гүлдөй жайнагын.
Бакыт кушу консун сенин колуңа,
Билим алып, турмуш менен кайнагын.

Жетегинде жүргүн жанып чырактай,
Жакшы тилек, каалоо менен батанын.
Кайда болсоң ден соолукта жүр кызым,
Сагынычы болуп эне-атаңын!

## АСКАРЫМА

Кенже уулум, эркетайым, Аскарым,
Бейпил атсын, күндө сенин ак таңың.
Өмүрлүү бол, ден соолугуң чың болсун,
Чын жүрөктөн тилек кылып айтаарым.

Азамат бол, арыбаган, талбаган,
Жакшы адам бол, жакшылыкты жандаган.
Ата көргөн уул экен, – дедиртип,
Акылдуу бол, билимге күч арнаган.

Жамандыктан алыс болгун, бийик бол,
Элиң үчүн эмгек өтөп, сунуп кол.
Тилек айтып, сенин туулган күнүңдө,
Бата берип, атаң каалайт кенен жол!

# ИНИМ, НАДЫРБЕККЕ

Кандай иним, ден соолугуң, абалың?
Аман бекен, короодогу мал-жаның?
Жүрүшөбү күлүп-жайнап, дени сак,
Атам, апам, уул-кызың-балдарың?!

«Чоң апалап», бал тамызган тилинен,
Чоңойдубу, Нурпери кыз, кичинең?
Алган жарың аман-эсен жүрөбү,
Жөлөк болуп, баар таап ишинен?

Бел байладың көп иштерди куруруга,
Шарт болбоду жардамдашып туруруга.
Тирүүлүктүн турмуш-шарты ушу экен,
Жол бошотот кичүүлөрү улууга.

Атам, апам-асылдарым жанында,
Акыл айтса кабыл алгын, таарынба.
Колдон келсе көңүлдөрүн оорутпай,
Аздектейли, ал-күчүнүн барында!

Башаты го билсең өмүр-күнүңдүн,
Бак даарыган куту кутман үйүңдүн.
Жол көргөзөр ата-энемди ойлосом,
Сүйүнөмүн, сен да кошо сүйүнгүн!

## ТУУЛГАН КҮНҮҢ МЕНЕН КЫЗЫМ

Ачылган жайнап, жашоо, өмүр гүлүң,
Алтын кызым! Кут болсун туулган күнүң.
Куттуктап, кубанабыз чын жүрөктөн,
Жашоонун арнап сага кызыл гүлүн.

Кучагың атыр жыттуу гүлгө толсун,
Кубулжуп жан дүйнөңдө ырлар болсун.
Келечек жолуң дайым ачык болуп,
Арбын көр жакшылыгын бул жашоонун.

Ардагым, менин алтын, асыл кызым,
Ыр – белек, бак-таалай кушу консун.
Ар жылы ыйык күнүң белгиленип,
Атакеңдин ырына көңүл толсун!

# ҮЙЛӨНҮҮ ТОЙГО АРНОО

Барчын сымал, балдар өсүп-жетилип,
Бактысына бакыт кушу кезигип.
Баштап турат чоң турмуштун сапарын,
Бүгүнкү кеч бир ажайып сезилип.

Аппак жоолук ак жүзүнө жарашып,
Ай, ажарын алуучудай талашып.
Келин келди ак жибектей созулган,
Кош каректей түгөйүнө жанашып.

Эки жашка тилек айтып келебиз,
Колду жайып ак батаны беребиз.
Эркелетип, кыздай күтүп келинди,
Сүйүнүчкө балкып турат энебиз!

Турмуш жолу шыдыр болсун катасыз,
Түз тийсинчи биздин берген батабыз.
Баш кошулат башыма, – деп бак тилеп,
Толкуп турат кубанычтан атабыз.

Оо, калайык колуңарды жайгыла,
Атпай журттун ак батасын алгыла.
Эне-атасын, элин кошо сыйлаган,
Ыйман күткөн бүлө бойдон калгыла!

## СЕН ТИРҮҮСҮҢ...

*(Улуу жазуучу Ч. Айтматовго)*

Жылдыз кулап, асманынан кыргыздын,
Жылып кетти о, дүйнөгө Чыңгызым.
Капысынан урап түшүп тоолору,
Жоктоп турат кыргыз эли Чыңгызын.

Теңдеши жок адам элең бир келген,
Калем менен кара сөзгө жан берген.
Өлбөс, өчпөс чыгармалар жаратып,
Дүйнө эли талантыңа тан берген.

Жазгандарың жашообуздун күзгүсү,
Даниярдай келет жаштар сүйгүсү.
Канча муунга сабак болуп келатат,
Жамийладай, ак сүйүүнүн үлгүсү.

Өмүр барда өксүбөдүң, көп жаздың,
Ой тереңин келиштирип, төп жаздың.
Четте жүрүп, элдик ишти аткарып,
Чагылдырып турмуш сырын мөл жаздың.

Сен элиңди салып терең кайгыга,
Жатсаң дагы «Ата-Бейит» айлында.
Чыңгыз, – деген ысым жашай түбөлүк,
Жер үстүндө кыргыз адам барында!

# ЭЛҮҮ ЖАШКА КУТТУКТОО

*(Маэстро Замирбек Ибраевге арноо)*

Калп айтып, кантип сени алдайм,
Канча, – деп сенден сурабайм.
Каалаган жашты жашагын,
Каалооңду сенин, мен каалайм.
Көңүлүң дайым шай болуп,
Өмүрүң жашыл жай болуп.
Өксүбө, жапжаш бойдон жүр,
Өтүүсү күндүн жай болуп.
Элүүгө чыккан курагың,
Эркелеп турган убагың.
Эрке уул болуп элиңе,
Эсен жүр эми чырагым!

Алтымыш жашка шашпай бар,
Жетимиш жашты аттай бар.
Сексен, токсон, жүздү ашып,
Жүз жыйырмага жатпай бар!
Токсонго чыгып той бергин,
Жүз жашыңда бой кергин.
Калганын сура Алладан,
Жүз он жашты мен бердим!

## МЕДИНАМ

Мединам, менин кызым, жан эрмегим,
Медерим, мээрим төгөөр сербегейим.
Күн нуру күлүп, сени күтүп турат,
Жүрөгой, бакчаңа мен жеткирейин.

Эрмегим, эрке кызым, көпөлөгүм,
Келегой, боорума алып, көтөрөйүн.
Кол созуп, алдым тосо чуркап келчи,
Кучактап, бешенеңден бир өбөйүн.

Кубанчым, капалансам, кабак ачаар,
Сагынаарым кеткенде алыс-сапар.
Секетим, сербеңдеген кебетеңден,
Жыттоочум, жыттап-жыттап кумар жазаар.

Эркелеп, эне-атаңа эрмек болуп,
Өсө бер, эч оорубай, сергек болуп.
Бак-таалайың ачылсын, Кыдыр колдоп,
Көздөгөнүң билим менен эмгек болуп.

## ТИЛЕГИМ

Жалгызсырап жүргөн кезимде,
Жолукканың жаным эсимде.
Ак сүйүүнүн гүлүн тартуулап,
Ак көпөлөк конгон сезимге.

Ачылдыбы, назик гүлдөрүм,
Табылдыбы, издеп жүргөнүм.
Өмүрүмдүн өчпөс таңы окшоп,
Алгач болуп сени сүйгөмүм.

Гүлдөр өссүн, сүйүү жолуна,
Бакыт кушу консун колума.
Тилек кылып, ырым арнадым,
Түбөлүктүү түгөй болууга.

## ӨМҮРЛӨШҮМӨ

Түрмөктүү түркүн ойдун чубап учун,
Түгөнгүз түйшүгү көп жолдор узун.
Өзүндөй өмүрлүк жар менен бирге,
Тагдырдын татып келем балын-тузун.

Кээде кең, кээде тар го, бул заманың?
Бир жетсем, бирде жетпей кур каламын.
Колдоп, таяп, кээде аяп, демөөр берип,
Кыйындыкка бел байлап, сен жарадың.

Уул-кызым – балдарым, намыс-арым,
Ушулар менин улуу максаттарым.
Мен үчүн өмүрүмдүн куту сенсиң,
Түгөйүм, өмүрлөшүм, сүйгөн жарым.

Өмүр бизди сестентет, чотун кагып,
Моюн сунбай, ынтымак отун жагып.
Көрөлү бул турмуштун ырахатын,
Ынтымактын ырыскылуу балын татып!

## БАР БОЛГУЛА, КУРБУЛАР

Келдим бүгүн айылымдын четине,
Өткөн күндөр түштү менин эсиме.
Курбуларым бирге ойноп жүрчү элек,
Күлкү төгүп жаштык күндүн кечине.

Тал чыбыкты ат, – деп минип, жарышып,
Чаң сапырып, кээде жорго салышып.
Кадыр түндү өткөрчү элек уктабай,
Жомок айтып, коюн-колтук алышып.

Бирге жүрүп, бирибизден калбадык,
«Кымбатым», – деп, кыздарды бир жандадык.
Канчасына «каражаным, сүйөм», – деп,
Канчасына ырлар жазып, арнадык!

Бирге баскан көчөлөрдө силер жок,
Көркү чыкпай айылым да томсорот?
Кусалыктын ырын жазып олтурам,
Курбуларым кумар жазаар бириң жок.

Кайдасыңар классташтар, курбулар,
Каражандар мен ыр жазган сулуулар?
Бар болгула, кагып турсун жүрөктөр!!
Бакыт табып баарың турмуш курдуңар.

# АРТА БЕРСИН КАДЫРЫҢ

*(Дарыгер Кубан Дыйканалиевге)*

Жүрөгүндөй жумшак, жеңил колу да,
Өрнөк, үлгү басып өткөн жолу да.
Бир адам бар дартка дабаа издеген,
Халатындай таза, дилгир оюю да.

Эмгеги зор, элдик болгон адамды,
Элестетем акыл кенчи-Бакайды.
Мээнет тартып, кесел менен күрөшкөн,
Мээриминен канча оорулуу сакайды!

Соо адамдар билбес, оору-жабырын,
Жакты мага опол-тоодой сабырың.
Айыктырып жан кыйнаган оорудан,
Арта берсин эл ичинде кадырың!

## ЖЫЛДЫЗ ӨЧТҮ...

*(Акын Зайырбек Ажыматовдун жаркын элесине)*

Сатпай дагы, сатылбаган акын ай,
Күйүт менен кетет белең капырай?!
Сен кыргызга керек элең Зайырбек,
Жанып өчтүң неге мынча бачым ай.

Бачым кеттиң, өмүргө конок болуп.
Асыл оюң, ыр болуп, жомок болуп.
Куштар болгон акындын талантына,
Кыргызымдын дүйнөсү тозок болуп.

Өрүлгөнсүп достуктун сүйүүсүнө,
Өчөшкөндөй өмүрдө тирүүлүккө.
Өчөт беле... жарыгы жылдыздын да,
Өрттөнгөндөй өлүмдүн күйүтүнө..?

Акын кетти, артынан ырлары ыйлап,
Ала-Тоосу, өзөн-төр, кырлар ыйлап
Айрылганда акының жан досунан,
Аза күйүт айтылбас сырлары ыйлап.

Акын кетти, өмүрдөн асыл кетти,
Арнап ырын айтуучу асыл кепти.
Аз экенин өмүрдүн кайдан билдик,
Аз жашады көп жазды, бачым кетти.

Дос өткөндө тирүүлүктөн өч алмай,
Болгон өңдүү достук шерти ушундай.
Жалгыз канат ак-куу болуп жашабай,
Жанын кыйды достук үчүн ак-куудай!

## ЭРКИНБЕК ДОСКО

Эңка досум, кандай ал-жай, абалың?
Чоңоюшуп жүрүшөбү балдарың.
Амандыкта жүрдү бекен оорубай,
Светадай ала качып алганың.
Чөп, жем кенен, көбөйүшүп атабы,
Төрт түлүгүң, короондогу мал-жаның.
Ыр жаз, – дейсиң балдарга арнап сен мени,
Мына өзүңө арнап, калем кармадым.

Канча жылды биз узаттык үлгүрбөй…
Кайда жүрдүң, вотсапка да бир кирбей?
Телефонун барбедиби аяшым,
Жөн жатчы, – деп, айфонуна тийгизбей.
Келген сайын жылда кутман айылга,
Көрүнбөдүң, кабарыңды билгизбей.
Барган жокмун, сени издеп мен дагы,
Коёбу, – деп капарына эч илбей..?

Болбосом да, ыр жагынан Байдылда,
Аракет бар, ал жагынан бир кыйла.
Сен айткандай, баштаганда эртерээк,
Даана акын болмок экем, мен сыйда.
Анткен менен өткөндөргө өкүнбөйм,
Өзүң сындуу досторум бар өмүрдө
Ырыскысы ырдын сенден айлансын,
Айткандарды ала көрбө көңүлгө!

## АСЫЛ ОЙДУН ЭЭСИ БОЛ

Секетим, сербеңдеген кебетеңден,
Сагынаарым сапарда алыс жүрсөм.
Сен төрөлгөн ушул күн куттуу болсун,
Садагаң болуп кетсин, атаң сенден.

Атырым, Айназигим, алтын кызым,
Ардагыбыз, алпечтээр баарыбыздын.
Аман жүр, эч оорубай, ойноп-күлүп,
Алтындай доорун сүрүп балалыктын.

Эрмегим, эркем менин көпөлөгүм,
Эркелетип, мойнума көтөрөөрүм.
Эл кызы бол, эркин өс, бирок билгин,
Эрдик да эмгек менен өтөлөөрүн!

Ак жол кызым окууна, иштериңе,
Бештер толсун күндөлүк-дептериңе.
Ата-энеңдин үмүтүн актап кызым,
Асыл ойдун ээси бол келечекте!

## ААЛЫМ ӨТТҮ ДҮЙНӨДӨН

*(Аалым Чубак ажынын жаркын элесине)*

Аалым өттү дүйнөдөн, аалам көчтү.
Ал эмнеден жазды эле айтчы кепти?
Ажал улук дегениң анык белем,
Алып кетти жакшыны, алып кетти.

Жаратканга жакшылар керек болуп,
Жаткан жокпу ооруну себеп кылып?
Жок. Болбосо, жазыгы кайсы эле,
Жүрчү эле го жакшыга себеп болуп.

Бул дүйнө миң кубулуп, токтобойсуң,
Бүгүнкү эртеңкиге окшобойсуң.
Берген соң бул өмүрдү адамзатка,
Бузбастан тирүүлүгүн коргобойсуң.

Аалым өттү... oорду толбой, бош болоор,
Аза, кайгы айлар өтсө токтолоор..?
Кош ажыке, жаткан жериң жай болсун,
Сендей адам болсо дагы аз болоор!

# АСЫЛСЫҢАР АПАЛАР

Айды, Күндү алып келип берсем дагы белекке,
Арзыбастыр ак сүтүңдүн тамчысына Энеке!
Улап турган тирүүлүктүн учугун, о, апалар,
жылуулуктун, сулуулуктун, аруулугу силерде.
Эне берген өмүр, жашоо, жарыкчылык, күн үчүн...
Адамзаты түбөлүктүү, өмүр карыз силерге!

Силерсиңер чексиз бакыт, асылдыктын булагы,
Силер менен адамзаттын урпак учу улануу.
Калыс карап, текши ааламга нур төгүп, апаларым
силерсиңер, жарык кылган, адам үчүн ааламды!
Теңдеши жок асыл сезим жалгыз гана Энеде,
эне гана, өз жанынан артык көрөт баланы.

О, апалар, жаратмандар жакшылыкты, асылдар,
Силер үчүн, жазат арнап, жакшы ырларын акындар
Ыр эле эмес, тартуу акын жүрөгү, о, апалар,
Силер барда жакшылык бар, жаркын жашоо,
өмүр бар...
Жаз күнүндөй, жашыл гүлдөй, жаркып өмүр сүргүлө,
Мартабалуу жашап дайым жүзгө жетсин жашыңар!

# ЖҮР ЭСЕН!

*Кыргыз Республикасынын Эл акыны*
*Шайлообек Дүйшеевге арноо*

Агылып чоң дайрада турмуш деген,
Агындыдай урунуп ташка нечен.
Ат-Башынын керемет тоолорунда,
Балалыгы Шакемдин калган экен.

Жетим өсүп жетилип, күчкө толуп,
Кызматына элинин жакын болуп.
Карагайчы кемпирдин небереси,
Эл ишине жарадың акын болуп!

Кара сөздү ыр менен келептеген,
Ак -карасын турмуштун электеген.
Чындык үчүн чыркырап күйүп турган,
Болсун Шаке дениң сак керек, – деген!

Жарык дүйнө – жашоо деген кемеден,
Чайпалса да, чөкпөй Шаке, жүр эсен!
Көсөмдүгүң арта берсин дагы да,
Көзгө сайган көркоолорду ыр менен.

Мартабалуу карылыктын кезегин,
Жашооңузда жакшылыктын нечени
Уул-кызың сүйүп алган жар менен,
Урмат-сыйда жүрсүн өмүр тилээрим!

# АЙДИНУРУМ

Айдан нурлуу Айдинурум, неберем,
Дүйнө сулуу бир мен үчүн сен менен.
Бул өмүрдө канча бакыт тапсам да,
Бир өзүндү эч нерсеге теңебейм!

Үйүм жылуу, сен жанымда жүргөндө,
Күнүм нурлуу сен каткырып-күлгөндө.
Эркелесең, сен мойнумдан кучактап,
Эрип кетем бакыт болуп бул дүйнө!

Эзилемин, күндө көрүп өнөрүң,
Эси жогум өтө эркесиң билемин.
Эсен жүрчү, эрмек болуп атана,
Эргип сергек, мен да оорубай жүрөйүн!

**Обончу-композитор, акын-пародист, котормочу Алмаз Сейиткaзиевге арноо**

## ЖЕТИМИШ ЖАШКА КУТТУКТОО

Жетимиш жаш – жемиштүү кез билгенге,
Уул-кыздын урмат-сыйын көргөнгө.
Эмне жетсин небереңди ээрчитип,
Эл ичинде эсен-аман жүргөнгө!

Жетимишке келип бүгүн кубанып,
Жетине албай Сиз той берип турасыз.
Куттуу болсун маарекеңиз ылайым,
Куттук айтып биз, ыр десте сунабыз!

Сексен, токсон жүзгө чейин жетиңиз,
Сересинен жүз он жаштын өтүңүз.
Эмгегиңиз эл ичинде даңкталып,
Насаат болсун ар бир айткан сөзүңүз.

Кайтарылбас калемиңиз курч болуп,
Жаратканым берсин Сизге ден-соолук!
Ташкындасын талантыңыз күн санап,
Талыбаган кош канаты куш болуп!

## АКЫН БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВГЕ

Байдыке акын элең, алтын сары,
Лириканын батпаган аткан таны!
Колунда калем сабың койкондосо,
Тартылбай ташып турган ырлар жаңы.

Акынды берген Сиздей кыргызыма,
Ыракмат апаңызга, атаңызга.
Эмгекти эбегейсиз өтөп кеттиң,
Кыргызды көкөлөтүп ай-жылдызга.

Элүүңдө анча-мынча кыйналыпсыз,
Эпкиндүү эмгек менен чырмалыпсыз.
Элиңе сүт-май сурап арбынырaак,
Сарайда уйлар менен сырдашыпсыз...

Алтымыш ашык кырды ашыптырсыз,
Алтындай түрдүү ырды жазыптырсыз.
Аралап Ала-Тоону туз көтөрүп,
Ак койлорго ыр окуп, сырдашыпсыз.

Байкасам Байдыке акын, көп жазыпсыз,
Баа жеткис эчен түрлүү сөз жазыпсыз!
Башкáсын айтып-айтпай жөн коёлу,
Маркумдардын алын сурап кат жазыпсыз.

Барк албапсыз тирүүңдө барды-жокту,
Байкаганга ыңгайлуу бир жер жокпу.
Байдыке эл аралап, тоодо жүрүп,
«Ашуудан бериптирсиң отчетуңду».

Барбай эле Берлинине Лондонго,
Ырлар окуп кереметтүү тоолорго.
Өжөр акын болуптурсуз Байдыке,
Өз тушоосун өзү кескен чоң жолдо!

# ЭЖЕМ ТОРКОНУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Калса болмок ушул ырым жазылбай..?
Калса болмок ушул ойлор айтылбай..?
Кайып болуп арабыздан өзүңүз,
Калем алдым кайгыргандан атин, ай?!

Үзүрүн көргөнүндө кылганыңдын,
Үзүлүп уламасы жылдарыңдын...
Убайын көрбөй кеттиң аттин, арман,
Төрүндө олтурарда балдарыңдын!

Алышып оору менен ал жетпеди,
Асылып ажал колдон алып кетти...
Ыйлатып, буркуратып таштап кеттиң,
Карыганда боздотуп ата-энеңди.

Дагы деле ишене албайм өлүмгө,
Жүргөндөйсүң күлүп-жайнап үйүндө.
Кандай адам бир тууганлан түңүлөт,
Арты кайгы, арман экен бул дүйнө.

Ишене албай өлүм, – деген арманга ...
Биз ыйладык, жоктоп сизди жалганда.
Баары түгөл бул дүйнөнүн баарысы,
Өзүн жоксуң арабызда бир гана !

## ДОСТОРУМА

Бир келген бул турмуштун сапарында,
Кубанам силердей дос тапканыма.
Капыстан суюлбасын катарыбыз,
Түшпөйлү шум ажалдын капканына!?

Бар болуп уул-кыздын урматында,
Бар тилек көөнөрбөсүн турпатында.
Уул үйлөп, кыз берип, куда күтүп,
Бак-таалай арбын болсун сыйлашууда.

Жаркылдап жаныңарда жарлар болсун.
Жогуңду толуктоочу балдар болсун.
Канчоосу өттү өмүрдүн, канчоо калды,
Кайрымдуу кадыр күткөн заман болсун!

Досум, – деп жолукканда сыйлашалы,
Доорон сүрүп достукта ырдашалы.
Достукту бизге тагдыр энчи кылган,
Доолашпай, бул өмүрдө бир басалы!

## ЖАРКЫН ЭЛЕС

*(Байкем Камчыбектин жаркын элесине)*

Качан болсо, кабагы ачык жаркылдаган,
Күлгөндө каткырыгы үйдү жарган
жан элең, жароокер бир жашоо сүйгөн,
Жан-дүйнөң максатынан тартылбаган.

Таптаза, кир чалбаган аруу дүйнөң,
Таасирдүү адам элең, элиң сүйгөн.
Жашоодо кырк жыл эле өмүр сүрүп,
Эмнеге эрте кеттиң бул өмүрдөн?

Жакшыны кудай эрте алат белем..?
Жараткандын бар чыгаар сыры терең?..
Өмүрдө өзүң тирүү болгонуңда,
Пайгамбардын жашына чыгат элең!

Бөлүнүп, дүйнө калып коштошо албай,
Бөксөрүп, чөйрө тарып сел алгандай.
Бук болуп, көздөн жашым салааланат,
Бул дүйнөдө сен жогуңа ишене албай?!

## КОШ, ДОСУМ!

*Досум, Абдыман уулу Алмаздын*
*жаркын элесине арнаймын*

Берекенин белгисиндей адам элең,
Беш убак жүрөк сыздайт сени эстесем.
Өмүрү чайпалбаган мүнөз калып,
Ал күнү арман неге, шаштың экен?!

Кырсык чын, каш-кабактын ортосунда,
Ажалың Алмаз досум жолдон тура.
Артыңда канча арман, дүйнө калып,
Алдырдык сени досум, шум ажалга.

Боз тулпар боз тумандан адашканда,
Бош калып, жарык дүйнө бир заматта.
Буюккан бороон болуп жан дүйнөдө,
Борошо, жамгыр төгөт ай-талаада.

Ак шумкар, сур булуттан адашканда,
Айланып аалам бүтүн азап-муңга.
Артыңда Ата-Журтуң, элиң калып,
Азалуу жашын төгөт, арман сага.

Тынч укта, топурагың торко болсун,
Кош досум, жайлуу болсун жаткан жериң.
Артыңдагы... уул-кыз сүйгөн жарга,
Жараткан, сабырдуулук, кайрат берсин!

## АТСАЛООМ АЛЕЙКУМ!

Атсалоом алейкум, кандай досум?
Аман-эсен жүрөсүңбү, дүйнөң бүтүн?
Ден-соолук, ал-абалың билиш үчүн,
Мына ушундай чыгардым бүгүн бүтүм.

Айыл-апа, кандай деги чарбагың,
Аман бекен короодогу мал-жаның?
Айтчы досум, жүрүшөбү оорубай,
Алган жарың, уул-кызың, балдарың?

Өзүң кандай өксүбөстөн өмүрдө,
Жамандыкты албай эч бир көнүлгө.
Жүрөсүңбү шайдоот басып, дениң сак?
Ойлонбостон эч жамандык жөнүндө.

Шүгүрчүлүк, биз да аман турабыз,
Ден соолукка арбын көңүл бурабыз.
Кудай жалгап жолугушсак ниетте,
Даам сызып, оюн-күлкү курабыз!

Бирок досум, баштагыдай боло албай,
Бир кездерди эч сагынбай коё албай.
Бир аз жүрөм кыйналгансып өзүмчө,
Бир кыялдын кесесине толо албай.

Эсиңдедир, энөө кыял – балалык,
Эрте жазда козу-улактай туйладык.
Балалыкты эч кыялбай турсак да,
Келечекке кыянаттык кылбадык!

Макул досум, жакшы жүрсөң болуптур,
Анда-санда амандашып, чалып тур?
Таанышларга салам айтып кой менден,
Бүгүнкүдөй кат-кабарды алып тур!

## БОЛБОЙТ ТУРА

Жаш өмүр суу шарындай зуулайт тура,
Жаштык күн бизди күтүп турбайт тура.
Жашоодо сүйгөнүнө жетпегендер,
Жабыркап, арман ырын ырдайт тура.

Жамгырсыз, жазың жаздай болбойт тура,
Жан-дүйнөң бөксөргөн соң толбойт тура.
Жазылган тагдыр жолу татаал болсо,
Жай алдырбай, жаныңды кыйнайт тура.

Жаштык сүйүү, түбөлүк эмес тура,
Жашообузга карылык келет тура.
Жаратканды алдында кул экенбиз,
Жалгыз гана бир өзү, билет тура.

Жазганы жаратканды болот тура,
Жамгырсыз жайда, гүлдөр соолуйт тура.
Жандуу бүт жалгыз күндөн мээрим күтүп,
Жашыл жердин күзүндө өңү оңот тура.

Жактырып, өсөөр өзүн мактайт тура,
Жамааттар жакшыларын жактайт тура.
Жан-дүйнөңдө бир болуп жаны менен,
Жакшы дос эч убакта сатпайт тура!

Эсиңдедир, энөө кыял – балалык,
Эрте жазда козу-улактай туйладык.
Балалыкты эч кыялбай турсак да,
Келечекке кыянаттык кылбадык!

Макул досум, жакшы жүрсөң болуптур,
Анда-санда амандашып, чалып тур?
Тааныштарга салам айтып кой менден,
Бүгүнкүдөй кат-кабарды алып тур!

## БОЛБОЙТ ТУРА

Жаш өмүр суу шарындай зуулайт тура,
Жаштык күн бизди күтүп турбайт тура.
Жашоодо сүйгөнүнө жетпегендер,
Жабыркап, арман ырын ырдайт тура.

Жамгырсыз, жазың жаздай болбойт тура,
Жан-дүйнөң бөксөргөн соң толбойт тура.
Жазылган тагдыр жолу татаал болсо,
Жай алдырбай, жаныңды кыйнайт тура.

Жаштык сүйүү, түбөлүк эмес тура,
Жашообузга карылык келет тура.
Жараткандын алдында кул экенбиз,
Жалгыз гана бир өзү, билет тура.

Жазганы жараткандын болот тура,
Жамгырсыз жайда, гүлдөр соолуйт тура.
Жандуу бүт жалгыз күндөн мээрим күтүп,
Жашыл жердин күзүндө өңү оңот тура.

Жактырып, өсөөр өзүн мактайт тура,
Жамааттар жакшыларын жактайт тура.
Жан-дүйнөңдө бир болуп жаны менен,
Жакшы дос эч убакта сатпайт тура!

# Сүйүү, сезим кайрыктары

## КҮЗГҮ ЖАМГЫР

Күзгү жамгыр, күүсүн чертип дыбырап,
Көз жаш болуп, кирпиктерден куюлат.
Дыбырттаган сыйкыр добуш үн менен,
Сырын айтып жаткан өңдүү шыбырап.

Жалбырактар жамгыр жууган жүздөрүн,
Мезгил сынап саргайткандай түздөрүн...
Калып жатат бут алдында тепселип,
Сагынгандай алар күткөн көктөмүн..?

Дарак калып, жалбырагы күбүлгөн,
Дайнын таппай адашкандай сүйүүдөн...
Кусалыгы ак нөшөргө айланып,
Куюлгандай көз жаш болуп жүзүнөн.

Эселенип, улам күчөп, дыбырап,
Эңсөөлөрдү чакырасың шыбырап...
Ичиркентип илеби ысык денемди,
Ичи -койнума тамчылары куюлат.

Түпөйүл бир кусалыкты ашырбай,
Төкчү жамгыр..нөшөрлөчү басылбай.
Конур күздө, кумар толгон жүрөктүн,
Кусалыгын жууп салчы калтырбай?

Жан-дүйнөмдү бороон болуп сапырчы,
Жакшы ойлордой жарк, – деп кайра ачылчы.
Талантымды тамчың менен сугарып,
Жамгыр мага, жакшы ырларды жаздырчы?

## Залкар жазуучу Чынгыз Айтматовдун чыгармасына таасирленип...

### КЕТПЕЧИ АСЕЛ?

Кетпечи Асел? Алтыным, сен кетпесең?
Улуу тоодо калганымды эстесең...
Сени дагы бир четинен аяймын,
Кетпечи сен, Аселим, сен кетпесең?

Кетпечи Асел? Суранамын кетпесең,
Кантет жашоом, жалгыздыкка кептесең.
Ансыз дагы бул өмүрдүн арты арман...
Кетпечи Асел, боор үйрүп кетпесең.

Улуу тоонун урматы бар, сезсеңчи,
Уя куруп жашайлычы, келсеңчи?
Уулуңду мен уул кылып алайын,
Уюткулуу үйгө кубат берсеңчи,
Асел!

## БУЮРБАС БОЛДУҢ ОКШОЙТ

Толгонуп Токтогулдун кайрыгындай,
Төгүлүп Түгөлбайдын жамгырындай.
Табалбай сага барчу сүйүү жолун, .
Түтөдүм мен Чубактын арманындай

Сыздаттың Ырыспайдын Алмашындай,
Сагынттың Асанкалый Мунарындай.
Кайчылаш тагдыр бизге буюрганбы,
Боздодум Чолпонум, – деп Жолболдудай.

Буулуктум Элмирбектин булбулундай,
Бушайман тагдыр мага буюргандай.
Өзүң, – деп өмүр бою ырдайт окшойм,
Адашкан Үкөйүнөн Боогачыдай.

Мен Күкүк, сен издеткен Зейнеп болуп,
Мезгилдер өтүп жатат келбес болуп.
Бар бекен бул өмүрдө бактылуу жан,
Бакытка балкып көөнү тунган толук?!

# БИР АРМАН

Ырдан бүткөн ырыскысы дүйнөнүн,
Ырды сүйгөм сени көрүп ыр, – дедим.
Капысынан карындашым жолугуп,
Сезимимди бир башкача бийледиң.

Нурдан бүтүп, сүртүнгөндөй гүл өңүң,
Сен периси махабаттуу дүйнөнүн.
Кара жаным, кайгы салдың көңүлгө,
Картайганда кайдан сүйдүм билбедим?

Жаш чынардай жаңы бүчүр байлаган,
Жаш экенсиң жагоо жүзүң жайнаган.
Жалынганда, жашты эмне кылмакмын,
Жароокерим, жанга салдың бир арман.

Жакшы ырымдын илебине жылынып,
Жаштык кылып турба мага кыйылып.
Мен куруюн теңинди тап берекем,
Турган чыгаар сага бирөө буюруп.

Өмүр өрдөп бул жашоонун өрлөрүн,
Өзүм азыр өзөндө эмес төрдөмүн.
Ал сен азыр аппак гүлү адырдын,
Ачуу даамын тата элек дүйнөнүн.

Сүйүү адамдын кары-жашын ылгабас,
Сезим экен буйругуна багынбас.
Тагдыр ушул, кеч жолуктуң экөөбүз,
Кечир менин, кечигипмин, карындаш.

Алтыным ук, ачык сөздү бил эми,
Ушул ырым акыл ойдун далили.
Айла канча артка кантип кайырам,
Элүү бешти жыйырма бешке мен эми.

Карт дарактын терең, – дечи тамыры,
Жаш чынарга болбос бекер жалынуу.
Жаралантып сезимдерди бүлдүрбөй,
Жакшы тааныш бойдон эле жүрөлү?!

## ӨМҮР – БЕЛЕС

Жашоо – белес, өйдө-төмөн жолу бар,
Жаштык жайлоо, жашыл төрү, гүлү бар.
Өмүр – дайра, агымында жашоонун,
Жаңылуу бар, жарашуу бар, сүйүү бар.

Сүйүү – жанар, оргуштаган сезимде,
Толуп-ташып толкуйт экен кезинде..
Махабат бул жан дүйнөнүн майрамы,
Жан жыргалын тартуулаган сезимге.

Бакыт бир куш, учуп конгон шактагы,
Байлык – бийлик, бул өмүрдүн каскагы.
Өткөн тарых, кайрып кайра алалгыс,
Келечегиң мөмө бышчу бактагы.

Өмүр – белес өсүш керек өйдөлөп,
Өр жолунда өксүп калбай жөргөлөп.
Эң кымбаты эч кайтарып алалгыс,
Эстей жүргүн өмүр бизге бир келет!

## КЫЛЫМ КӨЧҮ

Күндөр айды, ай мезгилди кубалап,
Жыл тогошуп, кылым көчү уланат.
Булак суусу өзөндөргө биригип,
Көл, деңиз да дайралардан куралат.

Күндөн балкып, бүткүл аалам нур алат,
Кең аалам бүт күкүмдөрдөн куралат.
Аалам кенен, сыры терең экенин,
Адам гана акыл менен туя алат.

Мөл булактар өмүрлөрдү сугарып,
Кылым көчү узак сапар жол алып.
Жан-дүйнөсү адамзаттын жалындап,
Жашоо жанып, турсун өмүр уланып!

Арбыса да өмүр жаштын санагы,
Азайса да адамзаттын катары...
Адам, пенде алыс болуп кайгыдан,
Токтолбосун улуу көчтүн сапары!

## ЖАЗДА

Булбул сайрап, булак үнү шылдырап,
Өзөн ташып дайра толуп күү курап.
Жаратылыш бир башкача жанданып,
Жаңы жашоо келүүчүдөй туюлат.
Күн күлүңдөп жер бетине нур төгүп,
Бүчүр байлап бак-дарактар, гүл өнүп.
Жер энебиз бир башкача кулпурат,
Жашыл көйнөк жаңы кийген өңдөнүп.
Кышкы уйкудан аалам бүтүн ойгонуп,
Нөшөр төгөт, ак жамгырга айланып.
Жазда акындар жакшы ырларды жазышат,
Талант-шыгы табийгатка байланып.
Жаратканым, жазың кандай керемет,
Жакшылыгың берээр болсоң бере кет.
Жакшы ырларды жаздырагөр акынга,
Жамгыр болуп жаап турган себелеп.

## КҮЛГӨ АЙЛАНДЫ ҮМҮТҮМ

Өмүрдө өзүң болуп, жалгыз сүйүүм,
Өзүң, – деп өксүп жаным, сени сүйдүм.
Өзүңдү өмүр бою күтүп жүрүп,
Өрттөнүп күлгө айланды үмүттөрүм...

Жарыгы жаштыгымдын өзүң элең,
Жанашкым келчү дайым, өзүң менен.
Жарашып жашоодо бир боло албадык,
Жазмышты жазгырууга болбойт экен.

Буйруксуз тагдырга эми айла барбы,
Бузулуп, максаттарым майдаланды.
Башаты бар өмүрдүн баёо дүйнөм,
Бактылуу күндөр аттиң, артта калды?

Эстегим келбейт азыр ошол күндү,
Ээрчишип бөлөк менен кеткениңди.
Эзилип кайран жүрөк, жүлүн сыздап,
Эчкирип, көздүн жашын төккөнүмдү.

Дартыма убакыт да дары болбой,
Дайныңды, сураштырат үмүт толбой.
Дарчыдай татаал жолдо, калды өмүр,
Дабагер болуп өзүң колдоп койбой. ?!

## ӨМҮР КӨЧҮ

Бүгүн барбыз, эртен жокпуз, өмүрдө
Биз чынында, аны албайбыз көңүлгө.
Жазылбаган мыйзамы бул жашоонун,
Жоктур арга, качып андан кетүүгө.

Кызыктуурак болсо экен, – деп жашообуз
Эртенкини шашып күтүп тособуз.
Бул өмүрлөрдүн арты кайгы экенин,
Билип туруп кайда шашып-особуз?..

Бүгүнкүдөн эртенки күн келелек...
Тирүүлүктүн ар бир күнү керемет!
Биз өмүрдү жаткандайбыз шаштырып,
Таттуу кыял, үмүт алдап жетелеп.

Айыбым көп мен да адам, пендемин,
Акын болуп аалам жарып келгемин.
Адамдарга айта турган оюм бар,
Жарык болсо менин көрчү эртеңим.

Шаштырбайлы өмүрдү биз түрткүлөп,
Жарыгы өчсүн тирүүлүктүн өтө кеч.
Жакшылыгын жаштар жүрсүн улантып,
Узак болсун өмүр деген улуу көч!

## БИЛБЕЙ ЖҮРӨМ

Жакын жашап болгон менен кошуна,
Сага айтаар сырлар ичте толтура.
Сени сүйүп, сезим оту жалындап,
Күйүп жүрөм мен сүйүүнүн отуна.

Күлө карап, күндө алдымдан өтөсүң,
Билбейм бирок, кандай ойдо жүрөсүң?
Өчөшкөнсүп өксүп турган сүйүүмө,
Өзөгүмө өртү жагып кетесиң..?

Кала берем, сөз айтуудан айбыгып,
Кеч жолуккан тагдырыма кайгырып.
Кара жаным, качан мени түшүнүп,
Кучагыма бир келесиң кайрылып?!

Өзүң менен келет жаным сырдашкым,
Өзөн бойлоп кол кармашып бир баскым.
Жазбайт элем ушул ырды сүйбөсөм,
Кыйнап жаткан сүйүүнү эмне кылмакмын?

Укчу жаным, абалыма түшүнсөң?
Улуу сүйүү парзатына ишенсең.
Учуру өтөөр бул күндөрдүн билинбей,
Убакыттын токтобосун бир билсен.

Мен акынмын, ак сүйүүгө жарчымын,
Аалам кезип кетеличи алтыным!
Сен акындын сүйүүсүсүң билип кой,
Бүтпөс ырым ой-кыялым, жаркыным!

# ТОКТОЧУ ӨМҮР

Токточу өмүр, токтой турчу шашылбай,
Толгон ырым, калбасынчы жазылбай.
Тоодой ойго, толкуну бар сыр кошуп,
Том жазгыча толкуй турчу, басылбай.

Улуу көчтүн сапарында мага арнап,
Өнөр бердиң, күтүп ал деп ырастап.
Өксүбөсүн өнөр жолу кыскарып,
Токточу өмүр, токтой турчу бир аздап?

Айтам сага, укчу менин үнүмдү,
Эми гана ачтым жаңы гүлүмдү!
Кайрып бер, – деп жаштыгымды сурабайм,
Калтырбачы ыр сүйүүдөн көңүлдү.

Шаштырбачы, жакшы ырларды жазганча,
Талантымдан таттуу кыял тапканча.
Максатымдын марасы алыс көрүнөт,
Мага күч бер, ыр дабанын ашканга!

## БИЛБЕЙ ЖҮРӨМ

Жакын жашап болгон менен кошуна,
Сага айтаар сырлар ичте толтура.
Сени сүйүп, сезим оту жалындап,
Күйүп жүрөм мен сүйүүнүн отуна.

Күлө карап, күндө алдымдан өтөсүң,
Билбейм бирок, кандай ойдо жүрөсүң?
Өчөшкөнсүп өксүп турган сүйүүмө,
Өзөгүмө өртtү жагып кетесиң..?

Кала берем, сөз айтуудан айбыгып,
Кеч жолуккан тагдырыма кайгырып.
Кара жаным, качан мени түшүнүп,
Кучагыма бир келесиң кайрылып?!

Өзүң менен келет жаным сырдашкым,
Өзөн бойлоп кол кармашып бир баскым.
Жазбайт элем ушул ырды сүйбөсөм,
Кыйнап жаткан сүйүүнү эмне кылмакмын?

Укчу жаным, абалыма түшүнсөң?
Улуу сүйүү парзатына ишенсең.
Учуру өтөөр бул күндөрдүн билинбей,
Убакыттын токтобосун бир билсен.

Мен акынмын, ак сүйүүгө жарчымын,
Аалам кезип кетеличи алтыным!
Сен акындын сүйүүсүсүң билип кой,
Бүтпөс ырым ой-кыялым, жаркыным!

## ТОКТОЧУ ӨМҮР

Токточу өмүр, токтой турчу шашылбай,
Толгон ырым, калбасынчы жазылбай.
Тоодой ойго, толкуну бар сыр кошуп,
Том жазгыча толкуй турчу, басылбай.

Улуу көчтүн сапарында мага арнап,
Өнөр бердиң, күтүп ал деп ырастап.
Өксүбөсүн өнөр жолу кыскарып,
Токточу өмүр, токтой турчу бир аздап?

Айтам сага, укчу менин үнүмдү,
Эми гана ачтым жаңы гүлүмдү!
Кайрып бер, – деп жаштыгымды сурабайм,
Калтырбачы ыр сүйүүдөн көңүлдү.

Шаштырбачы, жакшы ырларды жазганча,
Талантымдан таттуу кыял тапканча.
Максатымдын марасы алыс көрүнөт,
Мага күч бер, ыр дабанын ашканга!

## КҮТҮП ЖҮРӨМ

Эстегенде эрксизден эзилемин,
Эрке сезим, кыялга кезигемин.
Эми келет, мына, – деп күткөн сайын,
Эшик какпай, негедир кечигесиң.

Күттүрөсүң, гүлүм ай, кечигесин.
Келбечүдөй, чын эле сезилесиң...
Кыялымдын кылдарын күүлөп алып,
Кусалуу бир, күү сымал чертилесиң.

Өзүң болуп, себепкер арманыма,
Өрүлөмүн сагыныч зардабына.
Өмүр өксүп, өзүңдү күтүп жүрөм,
Өрттөй күйүп, өзүңсүз калганыма.

Жүрөгүмө кыш келип, үшүп дүйнөм,
Жаздай жаркып, келет, – деп, күтүп жүрөм.
Жылытасың жан-эркем качан эми,
Жагып отун сезимдин сүйүү, – деген?!

## КЕТЕЛИЧИ

Кетеличи? Кереметтүү тоо койнуна,
Кең өзөн, гүл жыттанган, суу боюна.
Келели табияттын сырын угуп,
Тартуулап ырларымды тоолорума.
Кыялга бир эркиндик береличи...
Кыр ашып, кызыл гүлдөр тереличи.
Ансыз да кайран өмүр карып барат,
Каралдым, сунушума жок дебечи?!
Канаттуу кыял кармап минеличи,
Кырлардын кымыздыгын тереличи.
Бактылуу балалыктын изин басып,
Бир саамга бала болуп келеличи?
Жаным бирге жамгырда калалычы,
Жашоонун жалын отун жагалычы.
Жашынып бизден кетип бара жаткан,
Жаштыктын бир элесин табалычы.
Жаштыкты кайра кайрып алалычы?!

## ТАПТЫМ СҮЙҮҮ

Таптым сүйүү түшүмдө эмес, өңүмдөн,
Тагдыр буйруп, таалайыма көрүнгөн.
Бар бакытка болдуң өзүң себепкер,
Бактылуумун сени тапкан өмүрдөн.

Кандай күнү таалайыма жаралдың,
Көңүлүмдүн көксөгөнүн таап алдым,
Кантип коём бул сүйүүмдү ырдабай,
Мен сүйүүдөн, бакыт тапкан адаммын.

Конгон кушту колубузга экөөлөп,
Кадырлайлы учурбастан бөпөлөп.
Бар нерсенин баркын баалап билбесек,
Бакыт деген учуп кетчү көпөлөк.

## ЫР ДҮЙНӨСҮ ЗОР БАКЫТ

Турмуш сенден калышпастан тең басып,
Турганымда бутум менен жер басып.
Ыр дүйнөнүн, казанында кайнасам,
Бул мен үчүн, чоң байлык да, зор бакыт.

Калемимди, кайрап алып курчутуп,
Кыялымда, аалам кезип мен сызып.
Ыр дүйнөнүн туманында адашсам,
Түйшүк эмес, ал мен үчүн зор бакыт.

Аалам сыйлаар, акын, – деген атым бар.
Акыйкатты, аздектеген затым бар.
Бул дүйнөгө акын уул төрөгөн,
Атам-энем мына ушундай асылдар!

## ТАПТЫМ СҮЙҮҮ

Таптым сүйүү түшүмдө эмес, өңүмдөн,
Тагдыр буйруп, таалайыма көрүнгөн.
Бар бакытка болдуң өзүң себепкер,
Бактылуумун сени тапкан өмүрдөн.

Кандай күнү таалайыма жаралдың,
Көңүлүмдүн көксөгөнүн таап алдым,
Кантип коём бул сүйүүмдү ырдабай,
Мен сүйүүдөн, бакыт тапкан адаммын.

Конгон кушту колубузга экөөлөп,
Кадырлайлы учурбастан бөпөлөп.
Бар нерсенин баркын баалап билбесек,
Бакыт деген учуп кетчү көпөлөк.

## ЫР ДҮЙНӨСҮ ЗОР БАКЫТ

Турмуш сенден калышпастан теӊ басып,
Турганымда бутум менен жер басып.
Ыр дүйнөнүн, казанында кайнасам,
Бул мен үчүн, чоӊ байлык да, зор бакыт.

Калемимди, кайрап алып курчутуп,
Кыялымда, аалам кезип мен сызып.
Ыр дүйнөнүн туманында адашсам,
Түйшүк эмес, ал мен үчүн зор бакыт.

Аалам сыйлаар, акын, – деген атым бар.
Акыйкатты, аздектеген затым бар.
Бул дүйнөгө акын уул төрөгөн,
Атам-энем мына ушундай асылдар!

## ТАПТЫМ СҮЙҮҮ

Таптым сүйүү түшүмдө эмес, өңүмдөн,
Тагдыр буйруп, таалайыма көрүнгөн.
Бар бакытка болдуң өзүң себепкер,
Бактылуумун сени тапкан өмүрдөн.

Кандай күнү таалайыма жаралдың,
Көңүлүмдүн көксөгөнүн таап алдым,
Кантип коём бул сүйүүмдү ырдабай,
Мен сүйүүдөн, бакыт тапкан адаммын.

Конгон кушту колубузга экөөлөп,
Кадырлайлы учурбастан бөпөлөп.
Бар нерсенин баркын баалап билбесек,
Бакыт деген учуп кетчү көпөлөк.

## ЫР ДҮЙНӨСҮ ЗОР БАКЫТ

Турмуш сенден калышпастан тең басып,
Турганымда бутум менен жер басып.
Ыр дүйнөнүн, казанында кайнасам,
Бул мен үчүн, чоң байлык да, зор бакыт.

Калемимди, кайрап алып курчутуп,
Кыялымда, аалам кезип мен сызып.
Ыр дүйнөнүн туманында адашсам,
Түйшүк эмес, ал мен үчүн зор бакыт.

Аалам сыйлаар, акын, – деген атым бар.
Акыйкатты, аздектеген затым бар.
Бул дүйнөгө акын уул төрөгөн,
Атам-энем мына ушундай асылдар!

## АЧЫК АЙТ

Угуздуң мага күмөн кеп,
Ырыңды байке сүйөм, – деп
Укканың барбы абалтан,
Жаман жакшы ыр жазат, – деп?
Өзгөдөн артык эмесмин,
Жакшыга келет теңешким.
Ар кимде бар дейт кемчилик,
Анчейин жаман эмесмин.
Чын сүйсөң чынын ачык айт,
Чындыкты колдоп, басып айт.
Сүйбөсөң сүйбөйм, – деп айткын,
Чындыктан жүрөк жарылбайт!
Сүйдүрүп болбос сүйбөстү,
Күлдүрүп болбос күлбөстү.
Күмөн бир ойдо жашатпай,
Ачык айт айтаар бир сөздү?!

## ШЫБЫРАЧЫ

Эх, алтыным, татына кыз кошуна,
Салдың неге сарсанаанын отуна?
Сезим күйүп, сүйүү оту жалындап,
Күйүп жүрөм махабаттын отуна.

Жүрөктү эзип, жүлүндөрдү оорутуп,
Жүрө бербей үмүттөрдү соолутуп.
Жүрү кеттик, Долон ашып Нарынга,
Жашоодогу бар түйшүктү унутуп.

Сезимди өрттөп, отко салып куйкалап,
Себеби жок, жанча бербей бырчалап.
Тамашага салбай жазган ырымды,
Сүйсөң жаным, сүйөм, – деп кой шыбырап?

Айтаар жообуң сезсем дагы эмне, – деп,
Ошол сөзүң мага чыны эң керек!
Оору жанга дары жардам бербеген,
Сенин сүйүүң балким, дабаа, дем берет!

## АЧЫК АЙТ

Угуздуң мага күмөн кеп,
Ырыңды байке сүйөм, – деп
Укканың барбы абалтан,
Жаман жакшы ыр жазат, – деп?
Өзгөдөн артык эмесмин,
Жакшыга келет теңешким.
Ар кимде бар дейт кемчилик,
Анчейин жаман эмесмин.
Чын сүйсөң чынын ачык айт,
Чындыкты колдоп, басып айт.
Сүйбөсөң сүйбөйм, – деп айткын,
Чындыктан жүрөк жарылбайт!
Сүйдүрүп болбос сүйбөстү,
Күлдүрүп болбос күлбөстү.
Күмөн бир ойдо жашатпай,
Ачык айт айтаар бир сөздү?!

## ШЫБЫРАЧЫ

Эх, алтыным, татына кыз кошуна,
Салдың неге сарсанаанын отуна?
Сезим күйүп, сүйүү оту жалындап,
Күйүп жүрөм махабаттын отуна.

Жүрөктү эзип, жүлүндөрдү оорутуп,
Жүрө бербей үмүттөрдү соолутуп.
Жүрү кеттик, Долон ашып Нарынга,
Жашоодогу бар түйшүктү унутуп.

Сезимди өрттөп, отко салып куйкалап,
Себеби жок, жанча бербей бырчалап.
Тамашага салбай жазган ырымды,
Сүйсөң жаным, сүйөм, – деп кой шыбырап?

Айтаар жообуң сезсем дагы эмне, – деп,
Ошол сөзүң мага чыны эң керек!
Оору жанга дары жардам бербеген,
Сенин сүйүүң балким, дабаа, дем берет!

## КЕЛЕСИҢБИ?

Күндө жолдон, келе жаткан ишимден,
Көрөм сени, терезенин ичинен.
Сатуучу кыз, сөзгө сени тарталбай,
Саламдашып, башым ийип өтөм мен.
Ал-ансайын карегиңе арбалам,
Кадам жайлап, караанына байланам.
Кармап колун, айткым келет сүйөм, – деп,
Ырларды окуп, жалаң сага арнаган.
А, сен мени кабарыңа албайсың,
Мен жөнүндө эч кабарсыз жандайсың.
Маселеге мага тынчтык бербеген,
Чынын айтсам, махабатка кандайсың?
Сезимимди ойлор бийлеп бүдөмүк,
Карайбы, – деп, абалыма түшүнүп.
Корунамын, сөз айтуудан тартынып,
Аламбы деп, ак сүйүүмдү бүлдүрүп.
Ырлар жазам, арнап окуп бералбайм,
Акыл ойдун, ар намысын жеңе албайм.
Акыр бир күн, билдирем, – деп сүйүүмдү,
Алаксытып, өзүмдү-өзүм мен алдайм.
Угаар белең, мен ырдасам үнүмдү?
Алаар белең, сунсам эгер гүлүмдү?
Келесиңби, кучагыма оролуп...
Кеч болсо да, келген менин сүйүүмдү..

# АРЗУУДАН ТАПКАН СҮЙҮҮ

Арзуудан тапкан сүйүүмсүң,
Аярлап үзгөн гүлүмсүң.
Ашыктык зарын тартпаган,
Азабын кайдан түшүнсүн?

Ойлосом сендей жок болуп,
Ойлорум күйдү от болуп.
Өзүңдү көрүп түшүмдө,
Өрттөндү денем чок болуп.

Чын сүйүү мени мас кылды,
Чырагын ойдун жактырды.
Чыдатпай сүйүү сен деген,
Сүйүүнүн ырын жаздырды.

Көкөлөп көңүл деңгээли,
Көлкүттү сүйүүң денемди.
Колдоп кой эми өңүмдө,
Кошулуп ойго мендеги.

Ырымды эркем тыңдачы,
Эркимди менин сыйлачы?
Чын сүйгөн адам кызганат,
Кыянат мага кылбачы?!

## ЖАКТЫРААР БЕКЕНСИЗ

Жайдары мүнөз, жаш, сулуу келин экенсиз,
Жакшы сөз айтып, жактырдым, – десем не дээрсиз.
Жалынып сизге, жалбарып сүйүү арнасам,
Жок дебей жаным, жарыгым сүйөөр бекенсиз?

Жазгы бир гүлдөй, жаш экен жаным, жашыңыз,
Куюлат экен кундуздай кара чачыңыз.
Ким сизге мындай эң назик атты койду экен,
Жан дүйнө козгоп, жагымдуу экен атыңыз.

Жүдөтпөй айтчы, жүрөктө орун бар бекен,
Баштатан эркем, өзүңдөй жанга зар элем.
Келишкен мүчөң бир укмуш жазап койгондой,
Өрттөнүп турат өзүң, – деп жаным, бүт денем.

Айым, – деп сенин жүзүңдүн айттым аппагын,
Арзуумду айттым, ашыкча болбос жазганым.
Айта кет жообуң, ара бир жолдо калтырбай,
Айып, – деп билбей, акындын арзуу жазганын.

## СЕН ЭКӨӨБҮЗ

Сен экөөбүз, эки өзөндө булактай,
Биригишип бир арыкта, бир акпай...
Жүргөндөйбүз туманында өмүрдүн,
Жакын жүрүп, жолугууга жол таппай.

Жолугууну жүрөктөрдөн самашып,
Жообун издеп, бул суроонун талашып.
Туманында, турмуш деген деңиздин,
Биз жүрөбүз жакын жерде адашып.

Каптап кетип, сүйүү деген бир деңиз,
Калгандайбыз, эки жээкте экөөбүз.
Махабаттын аралына жол издеп,
Тартылышат таттуу кыял дүйнөбүз.

Тоолор ашып, ой кыялдар оболоп,
Толкуйт санаам, ырга айланып керемет.
Жолукканда жоодур карап, үмүткө,
Жамгыр болуп жаап өтөсүң себелеп.

Чакырымдык болгон менен чөйрөбүз,
Жашоо бөлөк, эки башка үйдөбүз.
Үн алышкан күкүк менен зейнептей,
Үмүттөрдүн сапарында биргебиз.

## ЖАКТЫРААР БЕКЕНСИЗ

Жайдары мүнөз, жаш, сулуу келин экенсиз,
Жакшы сөз айтып, жактырдым, – десем не дээрсиз.
Жалынып сизге, жалбарып сүйүү арнасам,
Жок дебей жаным, жарыгым сүйөөр бекенсиз?

Жазгы бир гүлдөй, жаш экен жаным, жашыңыз,
Куюлат экен кундуздай кара чачыңыз.
Ким сизге мындай эң назик атты койду экен,
Жан дүйнө козгоп, жагымдуу экен атыңыз.

Жүдөтпөй айтчы, жүрөктө оорун бар бекен,
Баштатан эркем, өзүңдөй жанга зар элем.
Келишкен мүчөң бир укмуш жазап койгондой,
Өрттөнүп турат өзүң, – деп жаным, бүт денем.

Айым, – деп сенин жүзүңдүн айттым аппагын,
Арзуумду айттым, ашыкча болбос жазганым.
Айта кет жообуң, ара бир жолдо калтырбай,
Айып, – деп билбей, акындын арзуу жазганын.

## СЕН ЭКӨӨБҮЗ

Сен экөөбүз, эки өзөндө булактай,
Биригишип бир арыкта, бир акпай...
Жүргөндөйбүз туманында өмүрдүн,
Жакын жүрүп, жолугууга жол таппай.

Жолугууну жүрөктөрдөн самашып,
Жообун издеп, бул суроонун талашып.
Туманында, турмуш деген деңиздин,
Биз жүрөбүз жакын жерде адашып.

Каптап кетип, сүйүү деген бир деңиз,
Калгандайбыз, эки жээкте экөөбүз.
Махабаттын аралына жол издеп,
Тартылышат таттуу кыял дүйнөбүз.

Тоолор ашып, ой кыялдар оболоп,
Толкуйт санаам, ырга айланып керемет.
Жолукканда жоодур карап, үмүткө,
Жамгыр болуп жаап өтөсүң себелеп.

Чакырымдык болгон менен чөйрөбүз,
Жашоо бөлөк, эки башка үйдөбүз.
Үн алышкан күкүк менен зейнептей,
Үмүттөрдүн сапарында биргебиз.

## КЫЗГАНАМ

Баратканда жаштык күндөр ыраактап,
Бактым үчүн, сени тапкан ыракмат.
Адат болду сен жөнүндө ыр жазуу,
Миң кайталап сүйөөрүмдү ырастап.

Качан болсо ойлор мени жетелеп,
Кайдан болсо, сен тарапка алып келет.
Таппай калсам, санаа тартып ойлоном,
Кайда жүрүп, кандай күндө болду, – деп?

Караанынды таппай калган кезимде,
Кыйналамын туз куйгансып ичиме.
Чычалабай чын сүйөт, – деп ишенгин,
Кызганамын жаным сени чын эле.

## ЧАКЫРЧЫ

Көңүлдү көксөө бийлеп, тынчтык бербей,
Чаалыгып, чарчап жаным, турганында.
Билмексен болуп, аны жүрө бербей,
Чакырсаң боло жаным, кучагыңа?!

Жолун таап жолугуунун, бара албай,
Жоготуп мен өзүмдү турганымда...
Жоошутуп, күлкүн менен алаксытпай,
Жан биргем тапсаң боло эптеп айла?

Таппасаң, тартип бузуп өзүм анда,
Таң заарда, таттуу уйкуда жатканыңда.
Уурданып, чыгып үйдөн жашырынып,
Уруксатсыз кирем анда коюнуңа...

## СЕН БИР ГҮЛСҮҢ

Сен бир гүлсүң, мен жете алгыс аскада,
Сеңселесиң, сен гүлдөрдөн башкача.
Менин да оюм, өзүң турган бийикте,
Аппак, тунук, ай нурундай таптаза.
Сен бир нурсуң, айсыз түндө нурданган,
Нуруң сенин, жарык башка нурлардан.
Менде да бар, чын сүйүүнүн илеби,
Чыкпай жаным, турганында суубаган.
Жүрөгүмдү түнөк кылган уялап,
Кыялымда учуп жүргөн сабалап.
Сен бир кушсуң, мен мүнүшкөр ашыгып,
Кармай албай жүргөн сени кубалап.
Сен, – деп билем, бар жакшынын баардыгын.
Асылдардын асылысың алтыным!
Бир өзүнө, бир күн жетем, – деп жүрөм,
Санаа сансыз, сабыр түбү сары алтын.

# ӨРТТӨДҮҢ ЖАНДЫ

Өрттөдүң жанды, өзүмдү таштап жалынга,
Өзөгү турат, өчпөгөн кызыл чок болуп.
Өзүңдөн бөлөк, өчүрчү отту жан жоктой.
Өтүүдө өмүр, үзүлбөй үмүт, коштолуп.

Билинбей мезгил, алмашып күндөр, айларга.
Калгансып уюп, каректе турат бир элес,
Каралдым түшүн, кайгысын оору жүрөктүн,
Кабатыр болгон, өмүрдүн арты жөн эмес.

Кайрылбас күндөр, кыр ашып, кетсе мезгилиң.
Буюрган бизге, жашоонун бардыр бир күнү.
Өзүң деп билдим, өзгөнү сага теңебей,
Жылытар жанды, жанымдын жалгыз түгөйү.

Түгөнгүс экен, түйшүгү ушул өмүрдүн,
Тагдырдын жаным, салганын башка чаналбайм.
Таң нуру менен, берилген мага сүйүүнүн,
Татпастан балын, таалайсыз күндө калалбайм.

## ОН СЕГИЗ ЖАШ

Кыялдардан балалык ой арылып,
Кызык дүйнө кырдаалына кабылып.
Он сегиз жаш турган кези өмүрдүн,
Отун болуп, сүйүү өртүнө жагылып.

Он сегиз жаш, оргуштаган булаксың,
Ооматындай бул өмүрдүн куракcың.
Ооп кеткен бойдон кайра кайрылгыс,
Ой-кыялды оболотоор убаксың.

Сезимдерде сүйүү жанып, от болуп.
Сылап чачты, күбүп чаңды, коздонуп.
Он сегиз жаш, сересинде сүйүүнүн,
Жүргөн кезиң, махабатка мас болуп.

Саябалуу, бир учуру мезгилдин,
Сагындырып, кайтып кайра келбейсиң?
Бир көрсөтүп сен өмүрдүн кызыгын,
Биротоло неге адамга бербейсиң?

Уясында кармап болбос күч менен
Учур келсе учуп кетчү куш белең?
Сагындырып өмүр бою энсетээр,
Он сегиз жаш оттон ысык кез белең!

# ЧЫНДЫККА ЖАРАША ТАМАША

Ойлорду камап, санаалар салып кайгыга,
Эмнеге жоксуң, сагынып барсам ордуңда?
«Обед», – деп коюп, кай жакка кеттиң чырагым,
Ошону айтчы, байкеңди салбай кайгыга?
Азгырып ойду, ашырып кырын санаанын,
Козгойсун дартын карттанган жүрөк жарамдын.
Азыр, – деп коюп, азапка салып адамды...
Кай жакка кеттиң, кабарың айтчы аралдым?
Амандык тилеп, танында чалсам албайсың,
Уйкуда жатып, угалбай калган жандайсың.
Андан соң, анан, көргөндө көзүн ачылып,
Алымды сурап, анда эне өзүн чалбайсың?
Таарынба жаным, тарс эткен сөздөр тамаша,
Таасири болоор, түшүнгөн жанга жараша.
Табалбай издеп калат, – деп, мени олтуруп,
Баралбай калба, алтыным түшкү тамакка!?

## БИР КҮНҮ

Алмашкыс айга, өмүрдүн бар, – дейт, бир күнү,
Актыгы кардай, көңүлдө жашайт, бир сүйүү.
Амандык болуп, өксүбөй жүрсөк өмүрдө,
Акыры келээр, адамдын күткөн бир күнү.

Ажары айдай, адамда болсо чын сүйүү,
Алмашкыс жылга, жашоонун бар дейт, бир күнү.
Алданып жүрүп, акыры бир күн келет, – деп,
Алдырып ийип, өкүнбө асыл дүйнөңдү.

Күткөңгө келет, күтүүнүн акыр бир күнү.
Күйүтүң алаар, күмүштөй жаштык күндөрдү.
Кысылып жашоо, кыйнаган турмуш, шартында,
Күтөлү анда, сен айткан ошол, бир күндү!

## ҮЗБӨЙЛҮ ҮМҮТТӨРДҮ

Ким билсин, канча өмүр бар, азбы-көппү?
Канчасы бар алдыда, канчасы өттү?
Үмүттөр өчөт, – дешет акырындап,
Үзбөйлү тирүүлүктө үмүттөрдү.

Жашоонун жарыгы бар, үмүт деген,
Жакшылык, жаркын ойлуу, тилек менен.
Жашасак, жакшылыктан үмүт үзбөй,
Жарыгы акыр бир күн тийет белем.

Тагдырлар тартуулаган сүйүүбүзгө,
Кошулуп, кол суналы, бир үмүттө.
Барга-жокко болбос жаным ишенип,
Бар ченеми, баарынын тирүүлүктө!

# СЕНИ ОЙЛОСОМ

Сени ойлосом, жүрөгүмдө от жанып,
Сезимимдин, чырагына май тамып...
Таттуу кыял, ойлорумду тыя албай,
Тартуулагым келет жаңы ыр жазып.

Сен оюма түшө калсаң, кылт этип,
Сезимимде жылдыз жанат жылт этип.
Жүрөгүмө сүйүү болуп тамасың,
Шуудурумдун тамчысындай мөлт этип!

Сенсиз менин, дүйнөм бөксө, боштоймун,
Сенин дайның, тапмайынча жоктоймун.
Элесин эч кыялымдан бөлүнбөйт,
Мен өзүңсүз жашай албайт окшоймун..?

## БАКЫТ НУРУ

Бакытты – нурун чачаар, – дейт,
Баланы – көңүл ачаар, – дейт
Баладан өткөн бакыт жок,
Балалуу үйдү – базар, – дейт.
Кызылды кийген оболу,
Кызыктуу дүйнө жомогу.
Кырандын кызыл гүлүндөй,
Кыз бала үйдүн коногу!
Баландан өмүр уланган,
Бактыга күнүн сугарган.
Небере деген бир бакыт,
Бактысы бийик күн-айдан.
Кут кирип күндө үйүмө,
Кубансын дайым үй-бүлө!
Ынтымак арты ырыскы,
Ырыска толсун бу дүйнө!

## БАРКЫҢДЫ БИЛДИМ

Көпөлөк кармап, гүл терип,
Көп ойноп, үйгө кеч келип.
Жомоктой күндө жашаган,
Жок тура өмүр сенчелик.
Токумсуз жайдак, ат минген,
Тоолордон ышкын, гүл терген.
Табалбай жүрөм балалык,
Табышмак дайның эч жерден.
Кыр ашсак, бакыт тапчудай,
Кызыктуу дүйнө ашчудай.
Кыялдар эле чеги жок,
Кай жакка кеттин жаштык ай!!!
Бактылуу күндүн аздыгы-ай,
Балалык кездин шаттыгы -ай,
Баралбай ошол күндөргө,
Баркыңды билдим жаштык-ай!

## ЖҮРҮ АШАБЫЗ ДОЛОНДУ ЖЫЛАҢАЙЛАК

Чакыргам Нарын жакка болсо эсиңде,
Кар түшүптүр Долондун белесине.
Жол салып, жок дүйнөгө сүйүү менен,
Жакынырак кетпейлиби Кегетиге?

Жолугууга сүйүүнүн жомогуна,
Жагалычы сүйүү отун суу боюна.
Кол кармашып кооздук гүлүн терип,
Жүрү кеттик Ысык-Ата тоолоруна.

Шамшы жакка шашылып баралыбы,
Шаттык отун Шамшыга жагалыбы?..
Кайыл болуп карына алп ашуунун,
Же бир жолу Долонду ашалыбы?

Жаштык деген өмүрдүн күнүн утуп,
Ак кар баскан тоолордон сүйүү сурап.
Бул жашоонун түйшүгүн бүт унутуп,
Жүрү ашабыз Долонду жылаңайлак?!

## КӨРКСҮЗДҮК

Ай жокто асман – түн көрксүз.
Күн жокто талаа, гүл көрксүз.
Армандуу бири кем дүйнө,
Апасыз, аалам, үй көрксүз.

Аскасыз Ала-Тоо көрксүз,
Ак куусуз айдың көл көрксүз.
Аскар тоо тирек таяныч,
Атасыз үйдө төр көрксүз.

Акылсыз айткан сөз көрксүз,
Аялсыз жашоо эр көрксүз.
Баланы бакыт, – деп айтат,
Баласыз бүлө эң көрксүз.

Кызылсыз кызда өң көрксүз,
Кыйытып айткан ой көрксүз
Кыл жатпайт кыздуу үйдө, – дейт,
Кыйсыпыр түшкөн үй көрксүз.

Кыясы бузук жол көрксүз
Кыш кийбесең тон көрксүз.
Кызарып күнү батпаса,
Күүгүмү жайда күн көрксүз.

# АЛ – ТАБЫШМАК

Мезгил койсо, мени кайра жашартып,
Сен секелек болсоң жапжаш, ак бантик.
Сүйөөр белем, бүгүнкүдөй мен сени,
Болоор белем азыркыдай сага ашык.

Мен жаш жигит, болсом комуз ойногон,
Өзүң менен сүйүү жолун болжосом.
Анда мени карaар белең сүйкүмдүү,
Ал – табышмак азыр аны ойлосом.

Калсак кайра экөөбүз тең жаш болуп,
Жүрөөр белек махабатка мас болуп?
Ойлоп коём, кантмек элек анда, – деп,
Болжой албай ал жашоону мен толук.

## КӨРКСҮЗДҮК

Ай жокто асман – түн көрксүз.
Күн жокто талаа, гүл көрксүз.
Армандуу бири кем дүйнө,
Апасыз, аалам, үй көрксүз.

Аскасыз Ала-Тоо көрксүз,
Ак куусуз айдың көл көрксүз.
Аскар тоо тирек таяныч,
Атасыз үйдө төр көрксүз.

Акылсыз айткан сөз көрксүз,
Аялсыз жашоо эр көрксүз.
Баланы бакыт, – деп айтат,
Баласыз бүлө эң көрксүз.

Кызылсыз кызда өң көрксүз,
Кыйытып айткан ой көрксүз
Кыл жатпайт кыздуу үйдө, – дейт,
Кыйсыпыр түшкөн үй көрксүз.

Кыясы бузук жол көрксүз
Кыш кийбесең тон көрксүз.
Кызарып күнү батпаса,
Күүгүмү жайда күн көрксүз.

## АЛ – ТАБЫШМАК

Мезгил койсо, мени кайра жашартып,
Сен секелек болсоң жапжаш, ак бантик.
Сүйөөр белем, бүгүнкүдөй мен сени,
Болоор белем азыркыдай сага ашык.

Мен жаш жигит, болсом комуз ойногон,
Өзүң менен сүйүү жолун болжосом.
Анда мени караар белең сүйкүмдүү,
Ал – табышмак азыр аны ойлосом.

Калсак кайра экөөбүз тең жаш болуп,
Жүрөөр белек махабатка мас болуп?
Ойлоп коём, кантмек элек анда, – деп,
Болжой албай ал жашоону мен толук.

## КӨРКСҮЗДҮК

Ай жокто асман – түн көрксүз.
Күн жокто талаа, гүл көрксүз.
Армандуу бири кем дүйнө,
Апасыз, аалам, үй көрксүз.

Аскасыз Ала-Тоо көрксүз,
Ак куусуз айдың көл көрксүз.
Аскар тоо тирек таяныч,
Атасыз үйдө төр көрксүз.

Акылсыз айткан сөз көрксүз,
Аялсыз жашоо эр көрксүз.
Баланы бакыт, – деп айтат,
Баласыз бүлө эң көрксүз.

Кызылсыз кызда өң көрксүз,
Кыйытып айткан ой көрксүз
Кыл жатпайт кыздуу үйдө, – дейт,
Кыйсыпыр түшкөн үй көрксүз.

Кыясы бузук жол көрксүз
Кыш кийбесең тон көрксүз.
Кызарып күнү батпаса,
Күүгүмү жайда күн көрксүз.

# АЛ – ТАБЫШМАК

Мезгил койсо, мени кайра жашартып,
Сен секелек болсоң жапжаш, ак бантик.
Сүйөөр белем, бүгүнкүдөй мен сени,
Болоор белем азыркыдай сага ашык.

Мен жаш жигит, болсом комуз ойногон,
Өзүң менен сүйүү жолун болжосом.
Анда мени караар белең сүйкүмдүү,
Ал – табышмак азыр аны ойлосом.

Калсак кайра экөөбүз тең жаш болуп,
Жүрөөр белек махабатка мас болуп?
Ойлоп коём, кантмек элек анда, – деп,
Болжой албай ал жашоону мен толук.

## КӨРКСҮЗДҮК

Ай жокто асман – түн көрксүз.
Күн жокто талаа, гүл көрксүз.
Армандуу бири кем дүйнө,
Апасыз, аалам, үй көрксүз.

Аскасыз Ала-Тоо көрксүз,
Ак куусуз айдың көл көрксүз.
Аскар тоо тирек таяныч,
Атасыз үйдө төр көрксүз.

Акылсыз айткан сөз көрксүз,
Аялсыз жашоо эр көрксүз.
Баланы бакыт, – деп айтат,
Баласыз бүлө эң көрксүз.

Кызылсыз кызда өң көрксүз,
Кыйытып айткан ой көрксүз
Кыл жатпайт кыздуу үйдө, – дейт,
Кыйсыпыр түшкөн үй көрксүз.

Кыясы бузук жол көрксүз
Кыш кийбесең тон көрксүз.
Кызарып күнү батпаса,
Күүгүмү жайда күн көрксүз.

# АЛ – ТАБЫШМАК

Мезгил койсо, мени кайра жашартып,
Сен секелек болсоң жапжаш, ак бантик.
Сүйөөр белем, бүгүнкүдөй мен сени,
Болоор белем азыркыдай сага ашык.

Мен жаш жигит, болсом комуз ойногон,
Өзүң менен сүйүү жолун болжосом.
Анда мени караар белең сүйкүмдүү,
Ал – табышмак азыр аны ойлосом.

Калсак кайра экөөбүз тең жаш болуп,
Жүрөөр белек махабатка мас болуп?
Ойлоп коём, кантмек элек анда, – деп,
Болжой албай ал жашоону мен толук.

## СЕН ДА БИР КҮН...

Өмүрдү өксүттүм ээ, өзүң үчүн,
Өрттөнүп, күлгө айланган сүйүүм үчүн.
Жашоого жаралбастай сендей жандар,
Мен сени сүйгөм билбейм эмне үчүн.

Келдим мен көңүл калбай үмүттөнүп,
Көшөрүп сүйүү отуна күйүп жүрүп.
Каймана жандай четтеп оолактадың,
Көңүл жок башка адамды сүйүп жүрүп.

Өкүнөм, өрөөлөнүп жүргөнүмө,
Өткөрүп мезгилимди ийгениме.
Аттиң деп, сен да бир күн өкүнөөрсүң,
Адамдын баркын билбей жүргөнүңө.

# МЕНИН БҮТҮМҮМ

Кууралын дебейм, жыргалын жаштын көп көрдүм.
Кызыктуу өмүр, балалык күнүн өткөрдүм.
Кадыры артык атакем өттү дүйнөдөн,
Кусадар кылган кайдагы күнгө туш келдим..?
Азабын дебейм, арзуусун жаштын көп көрдүм,
Армансыз жаркын жаштыктын күнүн өткөрдүм.
Асылым, жаным апакем өтүп дүйнөдөн,
Азалуу күнгө арман ай, анан туш келдим.
Калбастан биз да кайтабыз бир күн дүйнөдөн,
Калтырып элди, керемет жерди гүлдөгөн.
Кайгыргым келбей кайратты жанга чогулттум,
Кадырлуу жашап өтүүгө ушул дүйнөдөн.
Жараткан жазган жашоонун көрүп кызыгын,
Жашагым келди жакшы иштин көрүп үзүрүн.
Жактырсаң эгер, колдоорсуң менин оюмду,
Ушундай болду ойдогу менин бүтүмүм.

## КАРТАЙТПАЙТ – МАХАБАТ

Кагазды калем карытат,
Каректи кароо талытат.
Кан жүрүп турса жүрөктө,
Картайтпайт мени махабат.

Жакшы сөз жанды эритет,
Жамандар зээн кейитет.
Жаралган дүйнө ушундай,
Жалкоолор жатып жеп-ичет.

Бир келген ушул өмүр, – дейт,
Билиги анын көңүл, – дейт.
Бир азга койсоң көтөрүп,
Бар жашоо жарык-күлүңдөйт.

Танбайлы сүйүү көңүлдүү,
Татыктуу жашап өмүрдү.
Табышмак кылып жашабай,
Так айтып, жактап сүйүүнү.

Чыдасаң, чынды ачык айт,
Чындыкты күндөй чачып айт.
Чындыгың сынбас акыры,
Чыдасаң жүрөк жарылбайт.

Чынында сүйүү керемет,
Чакырам, мага келе кет.
Чайлашып бирге олтуруп,
Чын сырыңды бөлө кет.

Сүйбөсөң, сүйүү жок дебе,
Сезимден кыйкым издебе.
Сагыныч деген сезим бар,
Сабырды кордоп, тепсебе.

# МЕН САГА ЖЕТПЕЙ КАЛГАМ

Акыр бир күн жетем деп үмүттөнүп,
Алоолоп сезимдерим күйүп жүрүп.
Алданып убакыттын учканына,
Мен сага жетпей калгам сүйүп жүрүп.

Баамдабай убакыттын тар экенин,
Жаштыктын өчө турган шам экенин.
Барчыным, сени колдон учурупмун,
Бакыттын бар ченеми бар экенин.

Өзүндү баштагыдай тапмак кайдан?
Өзгөртүү өткөнүндү эми кайдан.
Өзөктө өчпөй турган өрт болдуң го,
Өмүрдөн өтөт окшойм коштоп арман.

## КАРТАЙТПАЙТ – МАХАБАТ

Кагазды калем карытат,
Каректи кароо талытат.
Кан жүрүп турса жүрөктө,
Картайтпайт мени махабат.

Жакшы сөз жанды эритет,
Жамандар зээн кейитет.
Жаралган дүйнө ушундай,
Жалкоолор жатып жеп-ичет.

Бир келген ушул өмүр, – дейт,
Билиги анын көңүл, – дейт.
Бир азга койсоң көтөрүп,
Бар жашоо жарык-күлүңдөйт.

Танбайлы сүйүү көңүлдүү,
Татыктуу жашап өмүрдү.
Табышмак кылып жашабай,
Так айтып, жактап сүйүүнү.

Чыдасаң, чынды ачык айт,
Чындыкты күндөй чачып айт.
Чындыгың сынбас акыры,
Чыдасаң жүрөк жарылбайт.

Чынында сүйүү керемет,
Чакырам, мага келе кет.
Чайлашып бирге олтуруп,
Чын сырыңды бөлө кет.

Сүйбөсөң, сүйүү жок дебе,
Сезимден кыйкым издебе.
Сагыныч деген сезим бар,
Сабырды кордоп, тепсебе.

# МЕН САГА ЖЕТПЕЙ КАЛГАМ

Акыр бир күн жетем деп үмүттөнүп,
Алоолоп сезимдерим күйүп жүрүп.
Алданып убакыттын учканына,
Мен сага жетпей калгам сүйүп жүрүп.

Баамдабай убакыттын тар экенин,
Жаштыктын өчө турган шам экенин.
Барчыным, сени колдон учурупмун,
Бакыттын бар ченеми бар экенин.

Өзүңдү баштагыдай тапмак кайдан?
Өзгөртүү өткөнүңдү эми кайдан.
Өзөктө өчпөй турган өрт болдуң го,
Өмүрдөн өтөт окшойм коштоп арман.

## ЭСТЕЙ ЖҮРГҮН

Бажырайган десте кармап колума,
Баралбадым, бакыт күткөн тоюңа.
Баамдачы, буюрбаса бул тагдыр,
Болот тура, жетпей калган оюна...

Ичимде өрт, көңүлүмдө кусалык,
Ыйлап турам, көзүмдөн жаш куланып.
Айрылуудан сыздап байкуш жүрөгүм,
Ойлобопмун ооруймун, – деп мынчалык.

Үмүттөнүп, акыр бир күн жетээрмин...
Үшүркөдүм... сенин бир күн кетээриң.
Мен кечиктим, сен бир учкан куш болдуң,
Сени бекем сүйгөн акын экемин.

Кош, алтыным, бактылуу бол өмүрдө,
Кушу конуп зор бактынын көңүлгө.
Эстей жүргүн, эми жаным унутпай,
Сени чексиз сүйгөн акын жөнүндө.

# КУЧАГЫМА КУЛАЧЫ

Кундуздай чачтарыңдын куюлганы,
Карагат карегиндин коюулганы.
Көөдөндө жүрөктү эзип бүтмөй болду,
Кучагыма кулачы садагасы.
Ишеним артып, пикир түзүлгөнү...
Сулуулуктун нурун айт, жүзүндөгү.
Жүлүндү жүз жол толгоп үзмөй болду,
Байке, – деп сырдуу көздүн сүзүлгөнү.
Чырайыңдын ажардуу албырганы,
Агай, -деген назик үн эсте калды.
Жанымды тамызгыдай тутандырып,
Жан-дүйнөмдү бүтүндөй отко салды.
Улгайган ушул жаштын шыбагасы,
Ушул белем өмүрдүн ырахаты.
Чочуба, жаным, сүйүп калдым, – десем,
Ылгабайт тура сүйүү кары-жашты.
Жароокер, жүргөнсүдүм сени күтүп,
Жашырбайын жаш сулуу, сүйүп калдым.
Картайган сезимиме канат бүтүп,
Каралдым, шам-чырактай күйүп калдым.

## АТТИҢ АЙ...

Көчөнү бойлой баратып,
Көңүлдөр калды жанашып.
Кайрылыш жолго келгенде,
Караттың улам саматып.

Жолугаар жолду табалба,
Жоолугуң катып калалбай.
Жалындуу жаштык жогун айт,
Жообуңду калдым алалбай.

Тороп бир жолуң калалбай.
Топуңду катып калалбай.
Токтоосун айтсаң мүнөздүн,
Томсоруп калдым баладай.

Атыңды сулуу биле албай,
Дарегиң дайның сурабай.
Өткүрлүк мүнөз жогун айт,
Өкүнүп калдым, аттиң ай?!

## КИРЕ КӨРБӨ ТҮШҮМӨ..?

Биз жолуктук, көп жыл өтүп арадан,
Тагдыр жолу канча кырды санаган.
Көкүрөктүн демин суудай кайнатып,
Көңүл кушун көкөлөттүң кайрадан.

Арасында калып өмүр эңсөөнүн,
Адашууда канча жылдар өткөрдүм.
Обон болуп ололодуң канча ирээт,
Ырга айланган, ыза тарткан бул сезим.

Биз жолугуп, түштү ал кез эсиме,
Бир кайрылбас, бирок ошол кезим ээ.
Биз кечиктик, ал кезди эми таппайбыз,
Мени кыйнап кире көрбө түшүмө?

## ЖАН АЗЫК

Бир айылда бирге өскөн секелек,
Биз ал кезде токтоло элек эселек.
Сен кызыл гүл, жаңы бүчүр байлаган,
Мен бир жаш тал, тамыры жерге бата элек.

Күндөр өтүп, сулуу жүздөн нур тамып,
Бойго жетип, бир чоңойдук суйсалып.
Гүлүңдү ачып. сен буралдың тез эле,
Кун нурунан бүт денене күч алып.

Кош өрүм чач басканыңда суйсалып,
Көргөн жандар уктай албай тынч алып.
Көп жигиттер сага ашык болгонбуз,
Кыялдарда колтукташап бир басып.

Ал да ашык, сен да ашык, мен ашык,
Айылдаштар сүйүп жүрүп талашып.
Сен башканын жары болдуң акыры,
Ашык жандар – бүт баарыбыз кур калып.

Башкаларды билбейм кандай түшүнөт,
Балким, дале мен сыяктуу сүйүшөт.
Алигиче унуталбай менчилеп,
Ашыктыктын азабында жүрүшөт..?

А, мен сенден кетсем дагы адашып,
Алгач сезим дале мага жанашып.
Сени сүйгөн аруу сезим али да,
Жан дүйнөмө болуп жүрөт жан азык.

## КЕРЕМЕТ СЕЗИМ

Сен деген ойлор, мени бийлеп алып,
Сезимдин сересинде оттой жанып.
Сен жүргөн жерлер кол жеткистей,
Секетим, сени сүйгөн сезим анык.

Оролуп оромолдой ойлонтосуң,
От жагып ойлорума, ойготосуң.
От-жалындай сүйүүнүн табы менен,
Огобетер сезимди боздотосуң.

Жан-дүйнөмдүн жаздагы ал тозоңу,
Жан-дүйнөмдүн кыштагы борошосу.
Сүйүү, – деген керемет сезим экен,
Сезсең боло кыйнабай сен ошону!

## ЖАН АЗЫК

Бир айылда бирге өскөн секелек,
Биз ал кезде токтоло элек эселек.
Сен кызыл гүл, жаңы бүчүр байлаган,
Мен бир жаш тал, тамыры жерге бата элек.

Күндөр өтүп, сулуу жүздөн нур тамып,
Бойго жетип, бир чоңойдук суйсалып.
Гүлүңдү ачып. сен буралдың тез эле,
Кун нурунан бүт денене күч алып.

Кош өрүм чач басканыңда суйсалып,
Көргөн жандар уктай албай тынч алып.
Көп жигиттер сага ашык болгонбуз,
Кыялдарда колтукташап бир басып.

Ал да ашык, сен да ашык, мен ашык,
Айылдаштар сүйүп жүрүп талашып.
Сен башканын жары болдуң акыры,
Ашык жандар – бүт баарыбыз кур калып.

Башкаларды билбейм кандай түшүнөт,
Балким, дале мен сыяктуу сүйүшөт.
Алигиче унуталбай менчилеп,
Ашыктыктын азабында жүрүшөт..?

А, мен сенден кетсем дагы адашып,
Алгач сезим дале мага жанашып.
Сени сүйгөн аруу сезим али да,
Жан дүйнөмө болуп жүрөт жан азык.

## КЕРЕМЕТ СЕЗИМ

Сен деген ойлор, мени бийлеп алып,
Сезимдин сересинде оттой жанып.
Сен жүргөн жерлер кол жеткистей,
Секетим, сени сүйгөн сезим анык.

Оролуп оромолдой ойлонтосуң,
От жагып ойлоруma, ойготосуң.
От-жалындай сүйүүнүн табы менен,
Огобетер сезимди боздотосуң.

Жан-дүйнөмдүн жаздагы ал тозоңу,
Жан-дүйнөмдүн кыштагы борошосу.
Сүйүү, – деген керемет сезим экен,
Сезсең боло кыйнабай сен ошону!

## СЕЗИМИМДЕ ЖАЗЫЛУУ

Өзүмдү өзүм издеп, эч бир табалбай,
Өмүрүмө өзгөчө от жагалбай.
Өр жолунда келем басып жашоону,
Өзүңө арнап жакшы бир жазалбай.

Бул жашоону тагдыр берген энчилеп.
Күтө алдымбы баалап, барктап элчилеп.
Бактым үчүн жетпей калган өзүңө,
Бакытты мен сурайм кимден берчи, – деп?

Ороп алып ойлор мени жүдөттү...
Өткөн сайын, өмүр санап мүнөттү.
Ушул сүйүү сени сүйүп жетпеген,
Өмүрдөгү менин бактым эмеспи..?

Туталанып ээлеп жанды кусалык,
Турмуш сенин түйшүгүңө тушалып.
Туман ойдун арасында адашам,
Тек олтуруп сергүү билбей тынч алып.

Билем сенден кечикkеним өмүрдө,
Бийлик кылып, от жагасың көңүлгө.
Бой салгандар болсо дагы жашоомдо,
Болгону жок жаккандары көңүлгө.

Биз кечиктик, жылдар кетти кайрылбай,
Биздин өмүр бир акпады дайрадай.
Жаштыгымды эңсетесиң эмнеге.
Жазыла элек, жүрөктөгү жаңы ырдай.

Бакыт мага сени эңсеп сагынуу,
Байлык сенин элесиңе кабылуу.
Бар ырымдын бар багыты өзүңсүң,
Сенин атың сезимимде жазылуу.

## СЕН БЕЛЕҢ..?

Кыраңда өскөн, кызыл гүл жыттуу,
Бал аары жыйган бал сымал таттуу.
Бассаңда– турсаң бар көңүл шаттуу,
Барчындай өмүр сен белең наздуу.

Жыпарын чачкан жылгада арчам,
Жалбыздай жыттуу жыпарын чачкан.
Күттүргөн сулуу, жылдыздуу асман,
Кумарлуу жаштык сен белең жанган.

Апакай бантик, классташ таккан
Кара көз сулуу көз жоосун алган.
Тоодогу булак шыңгыр үн салган,
Толкундуу жаштык кайрылбай калган.

Жадырап аткан жайлоонун таңы,
Жазында жааган, жамгырдын шары.
Кайрылып акпас өзөндүн шаңы,
Кырчындай жаштык сен белең дагы?!

## СЕЗИМИМДЕ ЖАЗЫЛУУ

Өзүмдү өзүм издеп, эч бир табалбай,
Өмүрүмө өзгөчө от жагалбай.
Өр жолунда келем басып жашоону,
Өзүңө арнап жакшы бир жазалбай.

Бул жашоону тагдыр берген энчилеп.
Күтө алдымбы баалап, барктап элчилеп.
Бактым үчүн жетпей калган өзүңө,
Бакытты мен сурайм кимден берчи, – деп?

Ороп алып ойлор мени жүдөттү...
Өткөн сайын, өмүр санап мүнөттү.
Ушул сүйүү сени сүйүп жетпеген,
Өмүрдөгү менин бактым эмеспи..?

Туталанып ээлеп жанды кусалык,
Турмуш сенин түйшүгүңө тушалып.
Туман ойдун арасында адашам,
Тек олтуруп сергүү билбей тынч алып.

Билем сенден кечиккеним өмүрдө,
Бийлик кылып, от жагасың көңүлгө.
Бой салгандар болсо дагы жашоомдо,
Болгону жок жаккандары көңүлгө.

Биз кечиктик, жылдар кетти кайрылбай,
Биздин өмүр бир акпады дайрадай.
Жаштыгымды эңсетесиң эмнеге.
Жазыла элек, жүрөктөгү жаңы ырдай.

Бакыт мага сени эңсеп сагынуу,
Байлык сенин элесиңе кабылуу.
Бар ырымдын бар багыты өзүңсүң,
Сенин атың сезимимде жазылуу.

## СЕН БЕЛЕҢ..?

Кыраңда өскөн, кызыл гүл жыттуу,
Бал аары жыйган бал сымал таттуу.
Бассаңда– турсаң бар көңүл шаттуу,
Барчындай өмүр сен белең наздуу.

Жыпарын чачкан жылгада арчам,
Жалбыздай жыттуу жыпарын чачкан.
Күттүргөн сулуу, жылдыздуу асман,
Кумарлуу жаштык сен белең жанган.

Апакай бантик, классташ таккан
Кара көз сулуу көз жоосун алган.
Тоодогу булак шыңгыр үн салган,
Толкундуу жаштык кайрылбай калган.

Жадырап аткан жайлоонун таңы,
Жазында жааган, жамгырдын шары.
Кайрылып акпас өзөндүн шаңы,
Кырчындай жаштык сен белең дагы?!

## СЕЗИМИМДЕ ЖАЗЫЛУУ

Өзүмдү өзүм издеп, эч бир табалбай,
Өмүрүмө өзгөчө от жагалбай.
Өр жолунда келем басып жашоону,
Өзүңө арнап жакшы бир жазалбай.

Бул жашоону тагдыр берген энчилеп.
Күтө алдымбы баалап, барктап элчилеп.
Бактым үчүн жетпей калган өзүңө,
Бакытты мен сурайм кимден берчи, – деп?

Ороп алып ойлор мени жүдөттү...
Өткөн сайын, өмүр санап мүнөттү.
Ушул сүйүү сени сүйүп жетпеген,
Өмүрдөгү менин бактым эмеспи..?

Туталанып ээлеп жанды кусалык,
Турмуш сенин түйшүгүңө тушалып.
Туман ойдун арасында адашам,
Тек олтуруп сергүү билбей тынч алып.

Билем сенден кечиккеним өмүрдө,
Бийлик кылып, от жагасың көңүлгө.
Бой салгандар болсо дагы жашоомдо,
Болгону жок жаккандары көңүлгө.

Биз кечиктик, жылдар кетти кайрылбай,
Биздин өмүр бир акпады дайрадай.
Жаштыгымды эңсетесиң эмнеге.
Жазыла элек, жүрөктөгү жаңы ырдай.

Бакыт мага сени эңсеп сагынуу,
Байлык сенин элесиңе кабылуу.
Бар ырымдын бар багыты өзүңсүң,
Сенин атың сезимимде жазылуу.

## СЕН БЕЛЕҢ..?

Кыраңда өскөн, кызыл гүл жыттуу,
Бал аары жыйган бал сымал таттуу.
Бассаңда– турсаң бар көңүл шаттуу,
Барчындай өмүр сен белең наздуу.

Жыпарын чачкан жылгада арчам,
Жалбыздай жыттуу жыпарын чачкан.
Күттүргөн сулуу, жылдыздуу асман,
Кумарлуу жаштык сен белең жанган.

Апакай бантик, классташ таккан
Кара көз сулуу көз жоосун алган.
Тоодогу булак шыңгыр үн салган,
Толкундуу жаштык кайрылбай калган.

Жадырап аткан жайлоонун таңы,
Жазында жааган, жамгырдын шары.
Кайрылып акпас өзөндүн шаңы,
Кырчындай жаштык сен белең дагы?!

# ӨЧПӨДҮҢ ҮМҮТ БОЛУП

Бул сезим уйку бербей дагы мага,
Көңүлдү бийлеп алып сары санаа.
Көксөгөн максат чеги бүл-бүл жанып,
Көшөрүп жетпей келем марасына.

Азгырып, ал ансайын алып учуп,
Бараткан багытымдан адаштырып.
Кайдадыр калган алыс жаштыгымдай,
Каралдым, койдуң жанды сагындырып.

Бул сезим, деги кандай сезим элең?..
Көжөрүп көңүлүмдөн эч кетпеген.
Ал жылдар алыс артта калса дагы,
Көңүлгө көп эңсөөнү сала берген.

Жашыл гүл өңү өчүп саргайганда,
Жаш өмүр өрдү өрдөп картайганда.
Өчпөдүң үмүт болуп, бал-бал жанып,
Өксүгөн өмүр калып бир арманда.

Бул сезим, акыр бир күн калаар соолуп..?
Көөдөндү жууган көздүн жашы болуп.
Көксөөсүн көңүлүмдүн бош калтырып,
Көчөөрсүң көңүлүмдөн закым болуп..?

## БАКТЫСЫ БИЙИК БОЛСУН

Суйкайып, сулуу төрдө таң атканда,
Сулуулук мени арбап бараткaнда.
Сүйүүмдүн толкундары мени коштоп,
Садагам, сагынычым агат сага.

Күнөөм бар, сени сүйүп калган үчүн,
Күмүштөй, жаштыгыңды алган үчүн.
Канча жыл бирге жашап келатабыз,
Көркөмдүү ушул дүйнө сен бар үчүн!

Ашыгып, сүйүп жүрүп алганымсың,
Ардактуу апасы сен балдарымдын.
Азыр да жүрөк толкуйт эстегенде,
Адашпай жандап жүргөн жаштыгымсың.

Канчасы калды өмүрдүн, канчоо кетип...
Уул үйлөп, кыз узаттык, шериктешип.
Кез-кезде кылыктанып койсоң жаным,
Кыз сүйгөн жүрөгүмдү элжиретип.

Жашоомо жарык шамдай жарык берип,
Жанымда жүрчү жаным, дайым күлүп.
Бактысы балдарымдын бийик болсун,
Бактылуу өмүр сүргөн бизди көрүп!

# ӨЧПӨДҮҢ ҮМҮТ БОЛУП

Бул сезим уйку бербей дагы мага,
Көңүлдү бийлеп алып сары санаа.
Көксөгөн максат чеги бүл-бүл жанып,
Көшөрүп жетпей келем марасына.

Азгырып, ал ансайын алып учуп,
Бараткан багытымдан адаштырып.
Кайдадыр калган алыс жаштыгымдай,
Каралдым, койдуң жанды сагындырып.

Бул сезим, деги кандай сезим элең?..
Көжөрүп көңүлүмдөн эч кетпеген.
Ал жылдар алыс артта калса дагы,
Көңүлгө көп эңсөөнү сала берген.

Жашыл гүл өңү өчүп саргайганда,
Жаш өмүр өрдү өрдөп картайганда.
Өчпөдүң үмүт болуп, бал-бал жанып,
Өксүгөн өмүр калып бир арманда.

Бул сезим, акыр бир күн калаар соолуп..?
Көөдөндү жууган көздүн жашы болуп.
Көксөөсүн көңүлүмдүн бош калтырып,
Көчөөрсүң көңүлүмдөн закым болуп..?

## БАКТЫСЫ БИЙИК БОЛСУН

Суйкайып, сулуу төрдө таң атканда,
Сулуулук мени арбап бараткanda.
Сүйүүмдүн толкундары мени коштоп,
Садагам, сагынычым агат сага.

Күнөөм бар, сени сүйүп калган үчүн,
Күмүштөй, жаштыгыңды алган үчүн.
Канча жыл бирге жашап келатабыз,
Көркөмдүү ушул дүйнө сен бар үчүн!

Ашыгып, сүйүп жүрүп алганымсың,
Ардактуу апасы сен балдарымдын.
Азыр да жүрөк толкуйт эстегенде,
Адашпай жандап жүргөн жаштыгымсың.

Канчасы калды өмүрдүн, канчоо кетип...
Уул үйлөп, кыз узаттык, шериктешип.
Кез-кезде кылыктанып койсоң жаным,
Кыз сүйгөн жүрөгүмдү элжиретип.

Жашоомо жарык шамдай жарык берип,
Жанымда жүрчү жаным, дайым күлүп.
Бактысы балдарымдын бийик болсун,
Бактылуу өмүр сүргөн бизди көрүп!

## ЖАН-АРМАНЫМ

Жыбырап жылдыз толуп асманыма,
Жымыңдайт, көз кыскандай алар мага.
Албырып ай шооласы нурун төгүп,
Азгырат алыстагы жаштыгыма.

Тоо бийик, табышмактуу сырдуу тарап,
Толукшуп, ай өзгөчө ажарланат.
Ачык асман, жылдыздуу жайдын түнү,
Алгачкы сүйүүм, сени эске салат.

Калыптыр түбөлүккө... ал кез эсте,
Жаш жетип он алты же он жетиге?
Жаңы ачылган гүл элек элеттеги,
Жайкы желге ыргалган, айлуу түндө.

Кучагыма сен алгач кыналгансаң,
Кумарды гүл жытыңа сугаргансың.
Өмүрдө биринчи ирет сүйгөм сени,
Азыр сен алгач сүйүүм каяктасың?

Куштар болгон, көнүлгө көнбөй коюп,
Кусалыкка көңүлдү бөлбөй коюп.
Жолугушпай экөөбүз кеттик неге,
Эки айрылыш, эки ача жолдой болуп..?

# ДЕМЕК...

Акынга тагдыр керек,
А, мага жакшы ыр керек.
Айыргыс экөөнү бөлөк.
Мына ушул, тагдыр демек.

Адамга өмүр керек,
Ак ниет көңүл керек.
Көңүлсүз иш курусун,
Экөө тең керек демек.

Дениңе соолук керек,
Соо жанга жоолук керек.
Ашыктык-асыл сезим,
Аныгы сүйүү демек.

Жүрөккө жүрөк керек,
Жашоого түнөк керек.
Тирүүлүк бар түйшүгүң,
Чын сүйүү тирек демек!

# ЖАН-АРМАНЫМ

Жыбырап жылдыз толуп асманыма,
Жымыңдайт, көз кыскандай алар мага.
Албырып ай шооласы нурун төгүп,
Азгырат алыстагы жаштыгыма.

Тоо бийик, табышмактуу сырдуу тарап,
Толукшуп, ай өзгөчө ажарланат.
Ачык асман, жылдыздуу жайдын түнү,
Алгачкы сүйүүм, сени эске салат.

Калыптыр түбөлүккө... ал кез эсте,
Жаш жетип он алты же он жетиге?
Жаңы ачылган гүл элек элеттеги,
Жайкы желге ыргалган, айлуу түндө.

Кучагыма сен алгач кыналгансаң,
Кумарды гүл жытыңа сугаргансың.
Өмүрдө биринчи ирет сүйгөм сени,
Азыр сен алгач сүйүүм каяктасың?

Куштар болгон, көнүлгө көнбөй коюп,
Кусалыкка көңүлдү бөлбөй коюп.
Жолугушпай экөөбүз кеттик неге,
Эки айрылыш, эки ача жолдой болуп..?

## ДЕМЕК...

Акынга тагдыр керек,
А, мага жакшы ыр керек.
Айыргыс экөөнү бөлөк.
Мына ушул, тагдыр демек.

Адамга өмүр керек,
Ак ниет көңүл керек.
Көңүлсүз иш курусун,
Экөө тең керек демек.

Дениңе соолук керек,
Соо жанга жоолук керек.
Ашыктык-асыл сезим,
Аныгы сүйүү демек.

Жүрөккө жүрөк керек,
Жашоого түнөк керек.
Тирүүлүк бар түйшүгүң,
Чын сүйүү тирек демек!

## ЖАН-АРМАНЫМ

Жыбырап жылдыз толуп асманыма,
Жымыңдайт, көз кыскандай алар мага.
Албырып ай шооласы нурун төгүп,
Азгырат алыстагы жаштыгыма.

Тоо бийик, табышмактуу сырдуу тарап,
Толукшуп, ай өзгөчө ажарланат.
Ачык асман, жылдыздуу жайдын түнү,
Алгачкы сүйүүм, сени эске салат.

Калыптыр түбөлүккө... ал кез эсте,
Жаш жетип он алты же он жетиге?
Жаңы ачылган гүл элек элеттеги,
Жайкы желге ыргалган, айлуу түндө.

Кучагыма сен алгач кыналгансаң,
Кумарды гүл жытыңа сугаргансың.
Өмүрдө биринчи ирет сүйгөм сени,
Азыр сен алгач сүйүүм каяктасың?

Куштар болгон, көнүлгө көнбөй коюп,
Кусалыкка көңүлдү бөлбөй коюп.
Жолугушпай экөөбүз кеттик неге,
Эки айрылыш, эки ача жолдой болуп..?

## ДЕМЕК...

Акынга тагдыр керек,
А, мага жакшы ыр керек.
Айыргыс экөөнү бөлөк.
Мына ушул, тагдыр демек.

Адамга өмүр керек,
Ак ниет көңүл керек.
Көңүлсүз иш курусун,
Экөө тең керек демек.

Дениңе соолук керек,
Соо жанга жоолук керек.
Ашыктык-асыл сезим,
Анызы сүйүү демек.

Жүрөккө жүрөк керек,
Жашоого түнөк керек.
Тирүүлүк бар түйшүгүң,
Чын сүйүү тирек демек!

## ӨТӨМ ЭМИ..?

Эсиңдеби? Бой тиреген кыз кезиң?
А, мен сени, дале унута элекмин.
Ортосунда бекем орноп калгансың,
Ошондогу сени сүйгөн жүрөктүн.

Арнап сага, сүйүү сырын айткамын,
Алгач ырым сага арнап жазгамын.
Андан бери далай ырлар жазылды,
Асыл жаным, азыр мен да башкамын.

Ошол калган аппак сүйүүм жоопсуз...
Ойго салды, түйшөлдүрдү өзүмдү.
Ооп кетти орто жаштан өмүрүм,
Таш боор белең кур калтырган сөзүмдү..?

Эх, чиркин ай, биздин жаштык андагы!
Бир мүнөздүү, ачык көңүл жайдары.
Сен, сулуусу биз окуган мектептин,
Сенче сулуу эмес эле калганы.

Өзүң элең, сүйүп жетпей калганым,
Өмүрүмдө махабаттуу арманым.
Өтөм эми, аттиң, ушул дүйнөдөн
өкүнүчтө, жетсе дагы дарманым!!

## СҮЙӨМ, – ДЕШТЕН ТАРТЫНБАЙМ

Сезиминде сүйүү али ойгонбогон,
Сен секелек кыз элең мойтоңдогон.
Мен бир тентек ал кезде болсом керек,
Балалыктын ойнуна эч тойбогон.

Сүйүү эмне экенин түшүнбөгөн,
Сен сыяктуу, мен да бир жөнтөк экем.
Сен экөөбүз, бир класс – бир партада,
Эми ойлосом, ошол кез кымбат экен.

Окуучулук күндөрдө сүйүү ойгонуп...
Жактырган сезим менен көп ойлонуп.
Өмүрлүккө экөөбүз баш кошконбуз,
Өрүлүп өскөн талдай миң толгонуп!

Ошол сезим дагы эле келет жанып,
Сүйүүнүн күчү өткөн балдарга анык.
Махабатка ыракмат миң мертебе,
Бул турмушка жол ачкан кенен, жарык!

Сүйлөшүүгө шүгүр де, бар ден соолук,
Сезим, сүйүү оордунда, баары толук.
Сүйөм, – дештен дагы эле тартынбаймын,
Калсак дагы, абышка-кемпир болуп.

## САГЫНЫЧТЫН СЕБЕБИ...

Эч бир тынбай, төгөт жамгыр көнөктөп,
Эртеңки күн экөөбүздү бөлөт, – деп
эх, чиркин ай, ойлобопмун таптакыр,
Ошол эңсөө кусалыкка көнөт, – деп?!

Балким мени, сен эсиңден чыгарып,
Башка өзөндөн жүрсөң керек суу алып?
А, мен дале нөшөрлөрдө сени эстейм,
Арман болгон ошол сүйүү куралып...

Калган сайын жамгырларга кезигип...
Ал күндөрдү эстейм дайым, эзилип.
Үмүт үзбөй, карап жүрөм жолуңду,
Тагдыр буйруп, калабы, – деп кезигип?

Атаганат, чакыртсам да келбессиң..?
Ак сүйүүмө жооп дагы бербессиң.
Айтсам ачык сагынычтын себеби -
Улуу, ыйык махабатка теңдешсиң!

# КАРАЛДЫМ, ТАШТАП КЕТПЕСЕҢ?

Түйшүктү тартып бүтпөгөн,
Түгөнөөр бир күн жаш, – деген?
Тагдырга ушул кайылмын,
Турмушта болот күтпөгөн.

Кантмекмин эгер сүйбөсөң..?
Кайратты бүлөйм жетпесем.
Кайгыга салып өмүрдү,
Каралдым, таштап кетпесең?!

Азгырып өтөөр жаз менен,
Адамда өмүр аз белем..?
Арманда өтсө ай, жылдар,
А, демек, ажал кас белең..?

Болмушту кайдан сезипмин,
Бул жолу чындап кечиктим.
Биз жетпей калган бакытка,
Башкалар чындап жетишсин!

## СҮЙҮҮ КҮЧҮ – КЕРЕМЕТ

Көрсөтпөстөн көңүлгө түйүп жүрөм,
Көрүнбөгөн, көздөрдүн сагынычы ал.
Көп жыл көрбөй, дагы эле сүйүп жүрөм,
Көзүмдө жаш, көөдөндө кусалык бар.

Эскерүүнү убакыт неге жеңбейт?
Эстен дале, алыстап кетелексиң...
Улгайганың азыркы көргүм келбейт,
Элесимде, сен дале секелексиң.

Көрүп сени, көңүл сууп калбас үчүн,
Качанкы бир сүйүүмдү, баптап жүрөм.
Кайран жаштын, сүйүүсүн танбас үчүн,
Көңүлүмдө жаштыгың сактап жүрөм.

Сага жетип, бактылуу болбосом да,
Сени сүйгөн тагдырга таазим этем.
Сүйүү күчү керемет, бир күч белем,
Сезимди арбап, сага ыр жазып кетем.

## ДАРЫГЕРИ ЖҮРӨКТҮН

Мен аскерден жаңы келген кездеги,
Эсиңдеби Фрунзенин кечтери.
Сен студент, келечекте – дарыгер,
Бир көргөндө, сүйүп калгам мен сени.

Эски тааныш, адамдарча кош болуп,
Сен да менин сунушума токтолуп.
Энчибиз бир эмес беле сүйүүдө,
Эмнеге бат, кеттик эле коштошуп.

Кат жазышып, же кайрылып жолукпай,
Кабарыңды албай сенин толуктай.
Алысташып, кеткен күнгө өкүнөм,
Аттиң турмуш, болдуң беле ушундай?

Сен дарыгер, мен аскердин адамы,
Ушул тапта, жаштык кез жок баягы.
Учурашып, бейтаанышстай турабыз,
Убакыттын ушул беле кылаары..?

Кабар, дайның, кеткен күндөн арылап,
Кайран жүрөк, кайгырат да жабыгат.
Ошондогу сен ооруткан жүрөктү,
Азыр өзүң жаткандайсың дарылап!

## СҮЙҮҮ КҮЧҮ – КЕРЕМЕТ

Көрсөтпөстөн көңүлгө түйүп жүрөм,
Көрүнбөгөн, көздөрдүн сагынычы ал.
Көп жыл көрбөй, дагы эле сүйүп жүрөм,
Көзүмдө жаш, көөдөндө кусалык бар.

Эскерүүнү убакыт неге жеңбейт?
Эстен дале, алыстап кетелексиң...
Улгайганың азыркы көргүм келбейт,
Элесимде, сен дале секелексиң.

Көрүп сени, көңүл сууп калбас үчүн,
Качанкы бир сүйүүмдү, баптап жүрөм.
Кайран жаштын, сүйүүсүн танбас үчүн,
Көңүлүмдө жаштыгың сактап жүрөм.

Сага жетип, бактылуу болбосом да,
Сени сүйгөн тагдырга таазим этем.
Сүйүү күчү керемет, бир күч белем,
Сезимди арбап, сага ыр жазып кетем.

## ДАРЫГЕРИ ЖҮРӨКТҮН

Мен аскерден жаңы келген кездеги,
Эсиңдеби Фрунзенин кечтери.
Сен студент, келечекте – дарыгер,
Бир көргөндө, сүйүп калгам мен сени.

Эски тааныш, адамдарча кош болуп,
Сен да менин сунушума токтолуп.
Энчибиз бир эмес беле сүйүүдө,
Эмнеге бат, кеттик эле коштошуп.

Кат жазышып, же кайрылып жолукпай,
Кабарыңды албай сенин толуктай.
Алысташып, кеткен күнгө өкүнөм,
Аттиң турмуш, болдуң беле ушундай?

Сен дарыгер, мен аскердин адамы,
Ушул тапта, жаштык кез жок баягы.
Учурашып, бейтааныштай турабыз,
Убакыттын ушул беле кылаары..?

Кабар, дайның, кеткен күндөн арылап,
Кайран жүрөк, кайгырат да жабыгат.
Ошондогу сен ооруткан жүрөктү,
Азыр өзүң жаткандайсың дарылап!

# ЭХ, СУЛУУЛАР, АЙЫМДАР

Эх, сулуулар жүрөктү ээсиңер,
Өзүңөрдү эң бийик сезесиңер.
Адаштырып ак жолдон азгырыктай,
Ала качып, кайдадыр кетесиңер.

Бириңерден, бириңер сулуусуңар,
Бийлик кылып сезимге турасыңар.
Бир заматта жүгөндөп кыял-ойду,
Бир башкача көңүлдү бурасыңар.

Эх, айымдар, чынында тозоксуңар,
Ара жолдо тосулган тозотсуңар.
Амалкөйлүк жагынан эркектерден
алда кайда алдыга озосуңар.

Балдарга эне, күйүмү бар жарсыңар,
Бул жагынан мактагыдай барсыңар.
Баардык түйшүк башыңарга үйүлгөн,
Бул дүйнөгө бир жаралган жансыңар.

Жыпарсыңар аңкып турган гүлдөгү,
Жарыксыңар жанып турган үйдөгү.
Жок болсоңор бир эле күн капылет,
Элестетүү кыйын болот дүйнөнү.

Бар болгула айымдар, бар болгула,
Бактыбызга жагылган шам болгула.
Бүт дүйнөнү энелик сүйүү менен,
Бийлеп турган апаппак таң болгула!

## БАРАТАСЫҢ ЖЕТЕЛЕП...

Барагындай ачыла элек китептин,
Баа жетпеген баянысың жүрөктүн.
Башкаларга барактатпай окусам,
Баасы чыгаар ошол асыл мүнөттүн.

Сени сүйдүм, башкалардан эселеп.
Сабаладым санаам менен көкөлөп.
Сен сүйүүнү салып коюп көңүлгө,
Сезимимди баратасың жетелеп.

# СЕЗИМИМДИ СУЛУУЛУККА СУГАРЫП

Ушул ырда айтканымдын баары чын,
Мектепке мен, бир сен үчүн барчумун.
Сабактарды алгебра сыяктуу
Билим жагын аралыктан алчумун.

Сыр айтпастан, токтоо карап, күлчүсүң,
Сыртың салып жүрөгүмдү тилчүсүн...
Сени сүйгөм сегизинчи класста,
Сен деле аны, сезип эле жүрчүсүң.

Чачты силкип, күндө жууп-тарануып,
Күзгү алдында кайра-кайра каранып.
Ашыкчу элем көрүнүүгө өзүңө,
Жакын туруп, сезилчү алыс аралык.

Сага жаным, жолукканда класстан,
Суусап келип, суу ичкендей булактан.
Сезимимди сулуулука сугарып,
Сени сүйгөм сегизинчи класстан!

# КЛАССТАШ КЫЗ

Шат күлкү, ойноп жүргөн убактагы,
Ошол биздин, окуучу курактагы.
Класскомчо башкарып жүрөт деле,
Классташ кыз, онунчу класстагы.

Кызыксаңар, абалды сурап дагы,
Кызык деле сөзүм жок, башка жаңы.
Кыз кезиндей дагы эле сүйүп жүрөт,
Классташ кыз, онунчу класстагы.

Мезгил өтүп, жылдар жылып зуулаган,
Жаштык кезди, убакыттар уурдаган.
Азыр болуп, күйөө бала, келиндүү,
Чоң атамын, байбичемди сыйлаган.

Сурасаңар эки уулум, кызым бар,
Эрмектөөчү поэзия, музам бар.
Шүгүрчүлүк, эртели-кеч кыбырап,
Жашап келем, бирок, бүтпөс куса бар!

## ТҮШҮМДӨ

Апаппак, аппак жоолукчан,
Ат минип аппак булуттан...
Ак жарык болуп чачырап
Түшүмдө апам жолуккан.

Негедир бала экемин,
Акмалай айдын жетегин.
Артынан ээрчип бараттым,
Апамдын кармап этегин.

Жетелеп, албай колумдан,
Жел ойноп санаа соңунан.
Жыгылып кетпе балам, – деп,
Жаткансып жөлөп боорумдан.

Эреркеп ыйлап, кол создум,
Ээрчитпей апа коштоштуң.
Баладай ыйлап жатсам да,
Колумдан алган сен жоксуң.

Уйкумдан капыс ойгондум,
Апамды эстеп толгондум.
Арбагы менен апалар
Түшүндүм, уулун колдоорун.

## ЫРАХМАТ ТАГДЫРЫМА

Тагдырдын табышмагы ушул белем,
Табалбай канча жылдар издеп келгем.
Таарынып тагдырыма жүргөн кезде,
Таалайым табыштырды сени менен.

Кылчайып, бир артыма серептедим,
Кыйырын ал күндөрдүн мен эстедим.
Кызыгы бул өмүрдүн бүтпөсө, – деп,
Кыз сүйгөн, кезим сени бир эстедим.

Жүдөтүп жүрөгүмдү, жүзүм карып.
Жалбырттап, жаным өрткө куйкаланып
жүргөндө жаштык күнгө кош айталбай,
Жолуктум, ал сүйүүмө көңүл канып.

Ырахмат, кеч болсо да тагдырыма,
Ыраазымын өмүрдө тапканыма.
Ыр дүйнө ааламында сен жөнүндө,
Ыр жазып, куштарланып жатканыма!

## САГЫНЫЧЫМ

Санаасын тартып, саялуу күндөрүмдүн,
Сапарында жүрөбүз бул өмүрдүн.
Сагынып сени, оорубай жүрсө экен, – деп,
Зардабын тартам ар бир күндүн.

Жалгасын жаратканым, жакшыны, – деп,
Жалынам кудайыма, миң сан ирет.
Жалгыз өмүр кечирүү, кандай азап,
Жан шеригиң турбаса бакыт тилеп.

Сагынычым, көңүлдө бакканымсың,
Сүйүнүчүм, сүйүүдөн тапканымсың.
Сенсиз чыны, чайым супсак, үй муздак,
Сенсиз мен жашай албай калганым чын!

## КАЙДА КЕТТИҢ?

Асманымдан бир жарк этип өчкөндөй,
Асылдыктын аздап нурун сепкендей.
Сагындырып, салып куса көңүлгө,
Сапарыңды салып кеттиң жеткирбей.

Жазда жамгыр өткөн өңдүү себелеп,
Жаап өттүң, өткүн болуп керемет.
Курдаш кылып кусалыкты жүрөккө,
Кайда кеттиң, жаштык өмүр чегелеп?

Кайда кеттиң, эстейм дайым өткөндү,
Кыштагымды, жылда келчү көктөмдү.
Ашык болуп, арнап алгач ыр жазып,
Ак бантикчен, аруу кызды өпкөндү.

Кайран өмүр, карылыка жанашып,
Күмүш күндү, алтын айды саматып..
Алыстарда калат белең жаштыгым,
Акырындап эңиш жакты каратып...

Кош, жаштыгым, колдон келбес иш белем,
Кайрып алып бирге бол деш биз менен.
Адамзатка мезгил, моюн сунбастыр,
Калалбадык кармап сени, күч менен?!

# СҮЙҮҮ ДАСТАНЫМ

Капылет биз жолугуп калган күндөн,
Кабатыр, сени ойлоп, менин дүйнөм.
Калдым мен сен жөнүндө ырлар жазып,
Кайрыгы кайталанып, эч бүтпөгөн.

Ойлорум оболоттуң, эргүү берип,
Ойготтуң сезимиме сүйүү келип.
Окшотуп күлгөнүңдү аппак таңга,
Оорудум, сен жөнүндө ойлой берип..

Бүркөлбөс жашоодогу асман болдуң,
Буюруп тагдыр мага тапкан болдум.
Бүтпөгөн мен өтсөм да бул өмүрдөн,
Баяндаар бул сүйүүмдү дастан болдуң .

Жалынып, жалбаралбайм сүйүүмдү айтып,
Жаштыкка болбос эми, кайра кайтып...
Жашоомдо жетпей калган тун сүйүүмдү,
Жазып келем, бүгүн мен ырга айлантып.

## ЭМИ КАЧАН?

Чачыңдан кана жыттап улам -улам,
Сени мен кучагыма качан кысам?
Каралдым качан келип куткарасың,
Чырмаган сагынычтын кусасынан.

Акырын аяр сылап, ак жүзүңдөн,
Аймалап, моокум кана качан өбөм?
Антпестен күтүп жүрүп өмүр бою,
Өтөмбү, мен арманда бул өмүрдөн..?

Качан эми, асылым качан эми,
Капарыңа аласың айтчы, – деги?
Же алаксып турмуштун түйшүгүнө,
Унуткарып койдуңбу жаным мени.

Кабарыңды укпасам, капа тартам,
Кайратымды бүлөймүн эч талбаган.
Кандай сүйүү, капырай, картайганда
Каниет, – деп, сезимде тынч албаган?!

## УЛУУ СҮЙҮҮ

Учур келип, улгаюулар сезилип,
Убакыттан турганымда кечигип.
Улуу сүйүү бердиң тагдыр ырахмат,
Улуулуктун урматында кезигип.

Кыял толкуп, кырлар ашып сабалап,
Кызыйт белем картайганда махабат.
Ал болбосо ашыктыктын өртүндө,
Арзуум неге алоолонуп баратат!

Сени сүйдүм, учурумдан жаш болуп,
Улгаюуну билбей, укмуш мас болуп.
Сүйбөсөң да, сен да мени жактырдың,
Жатса дагы тагдыр берип тоскоолдук.

Алыс эмес, аз калгансып жолугуу,
Сен созозуң, мен да созом колуму.
Алдасташат ал ансайын жүрөктөр,
Арзуу жандар энсеп бирге болууну!

## БИР КӨРҮНЧҮ?!

Таппадым мен сүйүүдөн бакыт издеп,
Тажадым күтүп жүрүп, бир келет, – деп.
Ишенбей мен сүйүүнү азап десе,
Жүрүпмүн махабатың зор бакыт, – деп.

Сүйдүм да, сүйүп, оттой күйүп -жандым,
Өртүнө канча ирет куйкаландым.
Сүйбөйм деп, өзүмө-өзүм нечен жолу,
Ансайын, менден сүйүү «өчүңдү» алдың.

Таппадым, жылдар жылып, күндөр өттү,
Табышмак-тагдыр жолу азбы-көпбү?
Качан, кайдан өзүңө жолугам мен,
Бакытым, барсыңбы сен, бир көрүнчү?!

# СУРАНЫЧ

Суранаарым, сүйгүн жаным, сүйөгөр!
Сүйүү сырын сактап, ичке түйөгөр.
Сүйүү бизге берген ушул өмүрдү,
Сүйгүн жаным, сүйөөрүмдү билегөр?

Гүлдөй жайнап, күлгүн жаным, күлөгөр.
Гүлгө оронуп, күлүп-жайнап жүрө бер.
Гүл курагың, күндө турбайт буралып,
Гүлгүн жаштык картайярын билегөр.

Ырда жаным, ырдап-күлүп жүрөгөр,
Ырахатын бул өмүрдүн көрө бер.
Ырга айлансын, жашоо бүтүн жадырап,
Ырды сүйгүн, ыр өмүргө дабагер.

Эркелегин эрке болуп жүрөгөр,
Эркеликтин эстүү жайын билегөр
Энчим болуп, өмүр бою жанымда
Эч бөлүнбөй эркем болуп жүрөбер.

# САГЫНДЫМ

Бааладык -баалабадык биз турмушту,
Барктабай учурдукпу барды-жокту?..
Баа жеткис экен аттин, ошол күндөр,
Бул өмүрдүн барчынын учурдукпу?

Кыялдар кырлар ашчу көптү эңсеп,
Кызыктуу дүйнө мына бир келет, – деп.
Кыярды кызыл гүлдөй кайран жаштык,
Кыз сүйгөн жүрөк турат өткөндү эңсеп.

Адашкан аралыктар – асыл дүйнөм.
Азыр сен кай жактасың кимдер менен?
Асманын балалыктын булут басып,
Арзуусун жүрөгүмдүн таппай жүрөм.

Бир көрбөй эңсөөм менин жасылбастай,
Бийлиги сагынычтын басылбастай.
Байрагын жаштыгымдын желбиретип,
Бир кайрылчы өмүргө жашыл жаздай.

Сагындым мен аябай күндөрүңдү,
Саймалуу саябаңды, гүл дүйнөңдү.
Салбачы садагасы санааларга,
Сагындым мен алгачкы сүйгөнүмдү.

## СҮРӨТ БОЛДУҢ КАРЕГИМДЕ ӨЧПӨГӨН

Туйгундай табындагы келбетинден,
Туурдагы канат күүлөп, көктү энсеген,
Тагдырга арман кылдым, сени көрүп,
Турмушуң курсун сага туш келбеген.

Маанайың махабаттын майрамындай,
Мамилең жакшы учурдун сайранындай,
Мендеги сүйүү демин сезбей жаным,
Мага сен болдуң бүтпөс арманымдай.

Каралдым, кантем эми, бул өмүрдү,
Каалап турат жүрөгүм өзүндөйдү.
Карайлата көрбө эми суранаарым,
Кааласаң, тартуу кылам жүрөгүмдү!

Капилет сүйүүнү, таап көңүлдөгү,
Кайгыга салдым, калган өмүрүмдү.
Кабарсыз жүргөн экем мен сүйүүдөн,
Кезиктирбей турмушта өзүңдөйдү?

Сездире албай, карай берип көз менен,
Сүйүүм калды, айтылбастан сөз менен.
Сезимиме сен түбөлүк байыр алып,
Сүрөт болдуң карегимде өчпөгөн!!!

## АСЕЛИМ

Ай-күндүн артып нечениң,
Ашуу жол, болуп жетегим.
Айдоочу Илияс мен болдум.
Ал сенсиң менин, Аселим.

Ак карлуу, ашуу, жолду мен.
Ашуууга ашык болду элем.
Адашып турмуш жолунан,
Арманда болду, жан дүйнөм.

Кар, бороон уруп карандай,
Кабарың эрте алалбай.
Кечигип келип, сени издеп,
Кайгырдым дайның табалбай.

Ак карлуу ашуу жолунда,
Ашыгып бирге болууга.
Айлыңа келсем жоксуң сен,
Арманым Асел болдуң да.

Ашыгып, алыс жол бастым,
Ак карлуу Долон бел аштым.
Ашыгым Асел. Асылым,
Адаштым кечир, адаштым!?

## ӨТӨӨР КҮНДӨР

Сабалап өтөөр күндөр, токтобостур,
Эртеңиң кечээкиңе окшобостур.
Бүгүн бар, эртең жокпуз бул өмүрдө,
Эх, чиркин, убакыт эч токтобостур.

Адашып салып канча шорго жанды,
Абалкыдай болбостур турмуш алды,
Кабарын кайра баштан табалбасмын
Калтырган турмуш жолун артымдагы.

Өксүдүм, мээрим таппай карайладым,
Өчөөрдө кайрат менен кайра жандым.
Канча ирээт өргө тарттым өбөктөбөй,
Кайра эле ташыбадым тайыздадым..?

Өзүмдү өйдө-төмөн камчыладым,
Өкүттү жылдар мени барчыладым.
Зар болуп, мен тагдырдын сүйүүсүнө,
Өзүңдү сүйгөн бойдон жалгыз калдым!

## ЖОГОТТУМ СЕНСИЗ...

Эңсөө күч, жанга сыйбады,
Ээ бербей жүрөк, эмнеге мынча туйлады?
Эзелки жаштык, эскирген ошол күндөрдөн,
Эсиме салдың, эстеттин эркем кыйланы.

Калыбын сөздүн табалбай,
Карагым келип, көзүңдөн көзүм алалбай.
Кан дүргүп жанда, калдым го сага арбалып,
Кандай бул сүйүү, кабылды мага капырай!?

Ыргалсаң гүлдөй ачылып,
Ыр дүйнөм барат, ышкымды козгоп чачылып.
Ызалуу карайм, жаштыгым кайда калды, – деп,
Ырдалып бүтпөс, ыр дүйнө белең жашчылык!?

Күйүтүм күйүп чок болду,
Күн өтүп мезгил, айлардан жылдар топтолду.
Каралдым кечир, калганым үчүн жактырып,
Кайрылбас жаштык, көргөн (бир) түштөй жок болду...

Жүрөктүн дарты күчөдү,
Жан дүйнөм сыздап, өзүңдү чексиз күсөдү.
Жоготтум сенсиз, жашоонун маани-маңызын,
Жактырган адам үмүтүн айтчы, үзөбү?!

## ДЕГИ МЕНДЕ НЕ ЖАЗЫК?

Сени көргөн тагдырымдан бак айтып,
Ошол күндөн жаным сага мен ашык.
Көңүл бөлүп койгонуң жок карабай,
Сүйүп калган жүрөгүмдө не жазык?

Көңүл толуп, ниеттенип, сөз айтып,
Куштарлыгым болду мага жол азык.
Сүйүп сени, бакытым, – деп ишенген,
Сыр жашырбас чын сүйүүдө не жазык?

Гүлдөп турган гүл өмүрдү муңайтып,
Күлбөй койдуң, сүйлөшпөдүң чер жазып..?
Сыртың салып, зымпыясың о, пери,
Сени сүйгөн деги менде не жазык?!

## ТААРЫНЫЧТЫ ТАШТАЙЛЫЧЫ

Жолугуп, жолду бирге басалычы,
Жашоонун жообун бирге табалычы.
Башкалардан басынып жүрөм жаным,
Беткей келип, сыр чечип алалычы?

Бүлүнгөн бактыбызды ойлоп алып,
Бул дүйнө барат атиң, жартыланып.
Бир сапар келип кетчүү бул өмүрдү,
Биз эмнеге кадырлап, күтө албадык?..

Баштагы бактыбызды кайра куруп,
Суранам жашайлычы, бирге туруп.
Өмүрдү кайра бирөө бермек беле,
Өкүттө өтпөсүнчү күндөр куруп?

Жөнү жок таарынычты таштайлычы,
Бир бүтүмгө келээрде шашпайлычы.
Жан-дүйнөбүз жашарсын сүйүү менен,
Жаңы турмуш экөөбүз баштайлычы!?

## БАЙКАБАЙСЫҢ

Сапарында бул өмүрдүн ченелүү,
Санаркоонун жок өңдөнөт кереги?!
Сапырылдым канча жолу шамалга,
Санга бөлүп, жалгыз жандуу денеми.

Сүйүү, – дедим, күйүү, – дедим, тутандым.
Сүйдүм дагы, сүйдүрдүм да, от алдым.
Жашоо сага жан-дүйнөмдү тонотуп,
Жанга баткан жалгыздыкка тушалдым.

Буруп жүзүң неге менден четтедин?
Бул өмүрдүн бакытын не чектедин.
Дале аяйм өзүмдү эмес, мен сени,
Билсем дагы, күндөр кайтып келбесин.

Жалгыз жүрөм жашоо жолун жоготуп,
Жан дүйнөмдүн бар байлыгын тонотуп.
Жазбайт элем армандуу ыр ушундай,
Жалгыздыкта жакшы убакты коротуп...

Күмөн санап, ызаланам жаш төгүп,
Калабы, – деп кайран өмүр тепселип?
Өкүнөм да, өксүү менен эстеймин,
Өткөндөрдү көз алдымдан өткөрүп.

Айланчыктап, арман кылып ичимден,
Айла жоктой тагдыр сага баш ийем.
Жашоо сенин жанарына жаналбай,
Жалгыз калдым... бул да тагдыр, түшүнөм!

Башкалардан балким, назик жүрөгүм,
Байкабайсын, ал мен ыйлап жүрөмүн.
Өмүр бою мээрим күтүп, табалбай,
Өксүдү өмүр, бирок, үзбөйм күдөрүм!

## ҮМҮТТӨРДӨ ШАМ ЖАНЫП...

«Таажылуу», – деп, каптап келген илдетти,
Үйдө олтур, – деп тагып элге милдетти.
Азап тилеп, дартты тапкан кеселдер,
Адамдардын катарына кирмекпи..?

Кан жуткурлар «жаңы» илдет жаратып,
Кыйсыпырга салды аны таратып...
Көркоолор бул, адамзаттын душманы-
кубаттанган жүрөктөрдү канатып.

Калппы-чынбы, кандай деги ким билет?
Калк ичинде ар түрдүүчө кеп жүрөт.
Оорчулукта калкыма айтаар кеңешим,
Ойлонолу, болуп бир аз эстүүрөөк.

Кудай барын, пенделери унутуп
койгон үчүн, болду го, – дейм бул шумдук!?
Аалам кезип, кайдан бакыт издедик,
Ата-Мекен – өз үйүбүз бар туруп.

Жаман илдет тарап жаткан ааламга,
Жараткандын бир сыноосу адамга.
Бул илдеттен жаратканым куткар, – деп,
Жалыналы, кулдук уруп кудайга!

Бүткүл элди кудай өзү колдосун,
Адамзаты кудай барын ойлосун.
Элден уурдап жегендерди ылайым,
Эгем, өзү күнөөлөсүн, сомдосун?!

Өтсүн күндөр, үмүттөрдө шам жанып,
Өз нугуна түшүп турмуш айланып.
Өлкөбүздө болсун өсүп-өнүгүү,
Өмүр өтсүн өз үйлөргө байралып!

## КЕЛДИМ САГА

Кечип тагдыр күндү, айды коротуп,
Кеч эмес деп, өзүмдү өзүм сооротуп.
Алыстардын чегин артка калтырып,
Келдим сага, жаштыгымды жоготуп.

Обододу ой -кыялым көкөлөп,
Ойго түшүп ойноок кезим эселек.
Ошол күндөн отуз жылча өтүптүр,
Азыр келдим неберемди жетелеп.

Кайырып сенден сагынычтын сабагын,
Карек таштап, иликтедим кабарың.
Кайда азыр караан, дайны көрүнбөйт.
Калган сенде кайран жаштык курагым?

Келдим сага, керемет жер – Теңир-Тоом.
Көк тиреген көркөмүндө аска-зооң.
Кең дүйнөнү бүт кыдырып табалгыс
Касиеттүү күч бар экен ойлосом.

Арча жыттуу абааң жанга дем берип,
Нарын дайра албуууттанып-термелип...
Ак мөңгүңө күн нурлары чагылган,
Асылдыкты азыр сездим мен келип!

# САГЫНДЫМ СЕНИ

Сагындым сени, сабалап учуп жеталбай,
Сарсанаа болуп, сагыныч көлүн кечалбай.
Адашып жолдор, ай жылдын таппай санагын,
Армандуу тагдыр, айланып жолун өтө албай.

Сагындым сени, жүрөккө толуп кусалык,
Сары оору болдум, сарсанаа ойго тушалып.
Кайчылаш жолдор капыстан дагы жолукпай
Кабатыр өмүр, калбады эч бир тынч алып.

Сагындым сени, садагам, сезбей жүрөсүң,
Сезимди козгоп, уктасам түшкө киресиң.
Өзүңсүз жаным, өмүрдү бекер коротуп,
Өксүгөн жандын кайгысын качан билесиң?
Сагындым сени, сагындым качан келесиң!?

## ЖҮРӨК ҮШҮН АЛБАЧЫ?

Тагдыр экен татынам, сени тапкан,
Таалайым, – деп сага арнап, ырлар жазгам.
Таарынттымбы байкабай, кайсыл жерден,
Таамай айтчы оюңду мага жаккан!?

Жүргөнүмдө сен үчүн күйүп-жанып,
Жүрөк үшүн албачы жукаланып?
Жан ачыткан махаббат күйүтүнөн,
Жүрөк байкуш калбасын куйкаланып..?

Суранамын татынам, суранамын,
Сыр бөлүшсөң чын эле кубанамын.
Аялуу жүрөгүмдү сыздатпастан,
Аягына чыкчы эркем убадаңын?!

# СҮЙҮҮ – ДЕГЕН КЕРЕМЕТ

Сүйүү эмне? Сүйүү отпу, жалынбы?
Куйкалады, өрткө салып жанымды.
Шарап ичпей, эс-учуңду оодарган,
Махабат го дүүлүктүргөн канымды!

Сүйүү эмне? Чындыкпы же жалганбы?
Сүйүп калуу – бакытпы же арманбы?
Кандайлыгын билүү үчүн сүйүүгө
Кабылып көр түк кетирген айланды.

Сүйүү эмне: -Сүйүү, – деген керемет!
Сүйгөнсүнбү же жансыңбы сүйө элек?
Сүйүп жаша, тирүүлүгүң барында,
Сүйүү – бакыт, жаап турган себелеп.
Сүйүү– жамгыр, жан дүйнөңдү жашартчу.
Сүйүү -бакыт, сүйүү -жашоо керемет!

## АК БЕРМЕТИМ

Айдын көлдө сүзүп жүргөн аккуудай,
Асыл жансың, адам эстен танчудай.
Көңүл бөлүп, бир караган адамдын,
Көргөндө эле, көз кумары канчудай.

Ак берметим, аруулукка байралган,
Аккуусуңбу асыл жанга айланган?
Карайм, карайм талыганча карегим...
Карааныңа туткун болуп байлангам.

Ажарынды сүйүү менен саймалап,
Ак жүзүңдөн өпкүм келип, аймалап.
Сүрөтүңдү ыр аркылуу чагылтып,
Окуп жүрөм эч тажабай кайталап!

# АРДАГЫМ

Атыңдан асыл ардагым,
Бир көрүп сүйүп калганым.
Өкүнүп өткөн жашыма,
Өзүңдө болду арманым.

Кетирдиң эбин айламдын,
Бар туруп, болдуң жалганым.
Кечигип көп жыл, кезигип,
Кайгыга жанды салганым..?

Капыстан кайдан көрүндүң,
Кубандым..кайра өкүндүм.
Кечигип келген сүйүү, – деп,
Кейидим, жаным түшүндүм.

Билээрсиң, балким билбессиң,
Сүйөөрсүң мени сүйбөссүң...
Тагдырым берген тартуулап,
Ардагым, асыл дүйнөмсүң!!

## УЙКУСУЗ ТАҢ

Уйкусуз түндүн соңу, таң агарып,
Олтурам, ойлоп сени, мен ыр жазып.
Аппак нур, терезeмден шоолаланды,
Табийгат да бир таңдын нурун чачып.

Чайылып таң нуруна чар-тарабым,
Чарчоону билбей таңга суктанамын.
Үзүлбөс үмүттөрүм коштоп мени,
Сага арнап, ушул ырды жаздым жаным.

Уктабай ушул жазган ырларымды,
Укчу эркем, аруу таңда сырларымды.
Түн бою уктабадым ойлоп сени,
Күтүрүп, кыялдарды кыйнабачы?..

Ажарлуу аппак таңда, ак нур болуп,
Агылып кучагыма келчи толуп.
Сагынып, сени ушунча күтүп жүрөм,
Ак кушум туурума берчи конуп!

## КАЙДА ЭЛЕН?

Карашыңдан жагымдуу бир көз менен,
Каптап жалын, жалбырттады бүт денем.
Каралдым ай, кабар-дайнын билдирбей,
Кайрат күчтүн бар кезинде кайда элең?

Балдай ширин, сылык сыпаа, сөз менен,
Байке, – дедиң, дүркүрөдү бүт денем.
Бакытым ай, байкең сенден айлансын,
Бир жолукпай, башта деги, кайда элең?

Кулундөсөң, гүл сыяктуу буралып,
Күүгө келип, жаным турат кубанып.
Каражан ай, капилеттин ишиби?..
Карашыңдан жүрөк турат уялып.

Көңүлүңдөн сүйүнүчтү күтүндүм,
Көздөрүңдөн сүйөөрүңдү түшүндүм.
Карек менен жүрөгүмө ок аттың,
Камагында калдым сыйкыр сүйүүңдүн.

Ашыктыктын арзуу ырын жаздырып,
Кете көрбө, ара жолго калтырып?..
Аз өмүрдө аяп койчу, суранам,
Ансыз деле, алыс калды жашчылык.
Арзуу, – деген абайлабас иш экен,
Арманына кете көрбө тапшырып!

## АМАН ЖҮР, АЛТЫН ЧЫРАГЫМ

Ай десем, айдай элесиң,
Күн десем, күндөй тиесин.
Ай, Күндөн артык өндөнүп,
Күйгүзүп жанды жүрөсүң.

Кырандан чыгып, кылт этип,
Көрүнүп коюп, жылт этип.
Көйгөйүн жандын козгодуң,
Көңүлдүн кушун дегдетип.

Мен болуп мерген өңүттө,
Мелжиген жайык, өрүштө..
Мерчемин таппай кыялдын,
Жан-дүйнөм менин бүлүктө.

Махабат толгон кесе бол,
Ким болсоң мейлиң, ошо бол.
Аман жүр, алтын чырагым,
Өмүрүң менен кошо бол!

* * *

Сен жөнүндө сагыныч ыр – күтпөгөн...
Ойду козгоп, обон созуп бүтпөгөн.
Бүт өмүрүм өрткө айланды жалындап
Сени өчүрбөй эч убакта өчпөгөн.
Жашоомдогу жалгыз адам сен болдуң.
Жүрөк эңсеп, жаным дегдеп, көксөгөн.

# МЕН БИР АКЫН

Мен бир акын ыр чүргөгөн түнөктө,
Сүйбөй ырды, туралбаган мүнөткө.
Деңиз сымал чалкып жаткан чеги жок,
Махабаты ташкындаган жүрөктө.

Мен бир акын арзуу жайын ырдаган,
Көөдөнүнө сүйүү көлкүп, сыйбаган.
Көңүлдөрдүн көк шиберин тебелеп,
Кыялдардын кызыл гүлүн жыйнаган.

Мен бир акын, махабаттын жарчысы,
Мендеги ойлор зор деңиздин тамчысы.
Арзуу, сүйүү, махабатка мас болуу,
Мага кубат, ышкы-отумдун камчысы.

Кубат алам, кубанамын сүйөмүн,
Сүйүү менин күч-кубатым билегим.
Мен акынмын, ыр жазмайын жашабайм,
Ырда менин ой-максатым, тилегим!

# БҮЛҮКТҮ САЛДЫҢ ОЮМА

Суу сепкендей, ак сүйүүмдүн отуна,
Сүйө албайм, – деп, бүлүк салдың оюма.
Жалган беле, жалооруган сөздөрүң,
Чырмадың не, анда сүйүү торуна?

Жалынганга, жашта эмес курагым.
Жашоо көрүп, жашап калган убагым.
Улгайганда сүйдүм эле өзүңдү,
Канабы, – деп сенден сүйүү кумарым?

Бүлүк салып, сезимимди козгодуң,
Бук болгондон обон созуп, боздодум.
Калбай ээрчип, кара жаным чапсам да,
Кайрылып бир мени сүйбөс окшодуң..?

Мейлиң сүйбө, буюрганы багымдын,
Буйругуна тагдырымдын багындым.
Сени мага түгөй кылып койбогон,
Сага эмес тагдырыма таарындым.
Сүйүштүрүп тагдырларды кошпогон,
Сүйүү жактан жоктугу го багымдын..?

## ӨМҮР ӨТҮП БАРАТБАЙБЫ

Жарыгым, жанга салып жакпас кайгы,
Жашырсак, сезимдерди пайда барбы?
Жашоонун тараптарын талдаганча,
Жабыркап жаштык өтүп баратпайбы?

Өткөн соң, жок учурдун келээр шарты?
Өксүүдөн болот тура сезим жарды.
Өрүшүн басаар жолдун байкаганча,
Өзгөрүп, өмүр өтүп баратбайбы?

Кыялыңдын кызыгы койбой жанды,
Кылыгың эркти бийлеп, кыйноого алды.
Кырдаалын кыялдардын түшүнгөнчө,
Кылчайбай, күндөр өтүп баратбайбы?

Аярлап, асыл жанды аяйлычы?
Арзууну аруу бойдон карайлычы?
Акмалап, күндү күтүп биз жүргөндө,
Арылап, айлар өтүп баратбайбы?

Мезгилдин күлүктүгүн баамдайлы?
Мерчемин өмүр жаштын танбайлычы?
Махабат – бир берилген бакыт экен,
Маанисиз кур өткөрүп албайлычы?!

## АРЗУУ БАЯНЫ

Кадырың артык алтындан,
Калалбай учуп артыңдан.
Канатты канча талыттым,
Куш болуп куру талпынган.

Жамалың жарык күмүштөн,
Жарк этип жанды сүйүнткөн.
Жарадар болду жүрөгүм,
Жебе жеп куру үмүттөн.

Кыялы кымбат асылдай,
Кулпунган өмүр жазындай.
Кыйын ой бийлеп сезимди,
Кумарым турат жазылбай.

Соолубас сүйүү булагым,
Сооротоор жанды ынагым.
Гүлүмдү соолуп бараткан,
Сугарчы сүйүү кумарым.

Айтылып бүтпөс аягы,
Асыл бир жандын аяры.
Арналган ушул ыр сага,
Армандуу арзуу баяны.

## КУШТУН АРМАНЫ

Айлуу түн, айлана тынч, мемиреген..
Атыр жыт, аңкып тоонун жели менен.
Алыстан арман күүсүн сайрайт сыздап,
Адашкан, белгисиз куш түгөйүнөн.

Мукамдуу, сайрашында кандай арман,
Муңкануу, – деген деги, кимден калган?..
Мынчага кайран жүрөк кантип түтмөк,
Махабат бир жоголсоң, белең арман..?

Жоболоң, жолу татаал тирүүлүктө,
Жолуктук беле биз да издешүүгө?
Жолубуз кайчы өтүп кеткен белем,
Жолукпай койдук неге бул өмүрдө?

Качанкы кайгы салган жалган болуп,
Калдың сен кайтпай турган арман болуп.
Карааның таппай издеп калат белем,
Кабарың, дайның, дайым жалган болуп?

## ЖАМИЛАМ

Обонум оболоп жаныргаң,
Ойлорум өзүңө багынган.
Ооматы өмүрдүн канча экен?
Ошонун баары сен, Жамилам.

Көрбөсөм күн сайын сагынган,
Көксөгөн көңүлдө табылгам.
Кубанчы-кайгысы өмүрдүн,
Кушубак күнүмсүң, Жамилам.

Окшошуп отуна санаамдын,
Сагыныч отун сен жага алдын.
Өрттөнүп баратат күндөрүм,
Өчүрсөң болбойбу каралдым?

Жаз окшоп, жадырап жайнаган,
Жаралбас өмүрлөр кайрадан!
Жар болуп жаркычы жанымда,
Жашоомдун жарыгы, Жамилам!

Булбулдай булагын сагынган,
Буйруксуз сүйүүгө таарынган..
Бул ырым – махабат арманым,
Буулуктум, жароокер Жамилам.

Жаңырган үнүмдүн кайрыгы,
Өксүбөс жан-дүйнө байлыгы.
Жашоодо жапжалгыз сүйгөнүм,
Жамила билдирчи дайныны?!

## СҮЙҮҮМДҮН СИМВОЛУ

Жамила сен болуп, мен болдум Данияр,
Болжогон өмүрдүн, бош калган жагы бар.
Атыңды жашырып, ачыгын жазбадым,
Алтыным түшүнгүн, анын да жөнү бар.
Аңкыган жыпарым, атырым сен менин,
Арзуумдун жытысың, жүрөгүм сагынаар.

Өзгөчө купуя сыр күткөн өзүм го, Данияр?
Өрт чалган өмүрдүн, өксүгөн жайы бар.
Аттин ай, адамга бир өмүр аз белем,
Артында ай-күндүн, арманы дагы бар.
Көргөзүп кызыгын, көбүнө жеткирбей,
Көйгөйүн тарттырып, көңүлүң оорутаар.

Ченелүү болгон соң, өмүрдүн болжолу...
Чек коюп сүйүүгө, жашырып болобу?
Арзууда сезимди, ак сүйүү башкарат,
Куш болуп сайрачы, кулпунган колдогу?
Жашоодо жапжалгыз мен сүйгөн адамым,
Жамила сен гана – сүйүүмдүн символу!

## ЖАМИЛАМ

Обонум оболоп жанырган,
Ойлорум өзүңө багынган.
Ооматы өмүрдүн канча экен?
Ошонун баары сен, Жамилам.

Көрбөсөм күн сайын сагынган,
Көксөгөн көңүлдө табылгам.
Кубанчы-кайгысы өмүрдүн,
Кушубак күнүмсүң, Жамилам.

Окшошуп отуна санаамдын,
Сагыныч отун сен жага алдын.
Өрттөнүп баратат күндөрүм,
Өчүрсөң болбойбу каралдым?

Жаз окшоп, жадырап жайнаган,
Жаралбас өмүрлөр кайрадан!
Жар болуп жаркычы жанымда,
Жашоомдун жарыгы, Жамилам!

Булбулдай булагын сагынган,
Буйруксуз сүйүүгө таарынган..
Бул ырым – махабат арманым,
Буулуктум, жароокер Жамилам.

Жаңырган үнүмдүн кайрыгы,
Өксүбөс жан-дүйнө байлыгы.
Жашоодо жапжалгыз сүйгөнүм,
Жамила билдирчи дайныны?!

# СҮЙҮҮМДҮН СИМВОЛУ

Жамила сен болуп, мен болдум Данияр,
Болжогон өмүрдүн, бош калган жагы бар.
Атыңды жашырып, ачыгын жазбадым,
Алтыным түшүнгүн, анын да жөнү бар.
Аңкыган жыпарым, атырым сен менин,
Арзуумдун жытысың, жүрөгүм сагынаар.

Өзгөчө купуя сыр күткөн өзүм го, Данияр?
Өрт чалган өмүрдүн, өксүгөн жайы бар.
Аттин ай, адамга бир өмүр аз белем,
Артында ай-күндүн, арманы дагы бар.
Көргөзүп кызыгын, көбүнө жеткирбей,
Көйгөйүн тарттырып, көңүлүң оорутаар.

Ченелүү болгон соң, өмүрдүн болжолу...
Чек коюп сүйүүгө, жашырып болобу?
Арзууда сезимди, ак сүйүү башкарат,
Куш болуп сайрачы, кулпунган колдогу?
Жашоодо жапжалгыз мен сүйгөн адамым,
Жамила сен гана – сүйүүмдүн символу!

## БИР СӨЗ АЙТЧЫ?

Алтыным, бир сөз айтчы суранаарым,
Арзуунун зарын тарткан мен бир жанмын.
Азапты мынча сенден, күтпөйт элем,
Аргасыз тагдырды эми, не кылайын?

Билдирчи бир жообуңду, мейли кандай,
Болсо да, уккан жүрөк жарылгандай.
Бошонуп кетсин бугу жүрөгүмдүн,
Болбосо, арты мунун болот кандай..?

Күтүүдөн күйүт күчөп, от албасын,
Көнүлдөр күлгө айланып, бош калбасын.
Кабарлап, билдирип кой, бир жообуңду,
Карегим карай берип тунарбасын!

Ачыгын акыл-ойдун айтпай жүрүп,
Асыл жанды албагын бүлүндүрүп?
Адамзаттын өмүрү кыска экенин,
Билесиң да, айтпасам да түшүндүрүп!

Бар чындыкты чыгарбастан төгүнгө,
Жарыкчылык – белек тура өмүргө.
Жарашып биз, жуурулушуп сүйүүгө,
Жашайлычы кир калтырбай көңүлгө!

# ЫЙЫК СЕЗИМ

Ак таңдагы эркин жел-айдарымсың...
Асылым, шайыр мүнөз, жайдарымсың.
Мезгилинен кечигип, бир көрүнгөн,
Сен менин, сүйүүдөгү арманымсың.

Адашкан сезимдердин соболусуң,
Айтылып бүткөн сүйүү жомогусуң.
Кызыгын бул өмүрдүн эске салаар,
Кыялды коштоп чыккан обонумсуң.

Көптөрдүн көбү эмес айрымысың.
Көңүлдүн кубулжуган кайрыгысың.
Өзүңсүз өмүр жарды, көңүл супсак,
Көнөрбөс жан-дүйнөмдүн байлыгысың.

Тагдыр бөлүп, адашып калганымсың,
Өмүрдүн чындыгынан жалганы чын...
Өзүң, – деп өмүр чиркин өксүп өтөөр,
Өмүрдүн өр таянып калганы чын.

Ырдасам, ырга айланып эч бүтпөгөн,
Ырыскым, ыйык сезим өзүң берген.
Көөдөндө жүрөк сокпой калмайынча,
Көңүлдө жашайт сезим сүйүү, – деген!

## ОЮНДУ БИЛБЕЙМ ТОЛУК

Жүрөгүмө сагынчымды, батыра албай,
Жүз толгонуп ичимден, басыла албай.
Жүрөмүн бир кыйноонун тушамында,
Жүзүңдөн бир сылоого батына албай.

Мүнөздөр үйүр алып, жазыла албай,
Мааниси максат ойдун, ачыла албай.
Мезгилдин жетегинде жүргөнсүймүн,
Мүдөөмдү иш жүзүнө ашыра албай.

Сен карап абалыма, назар салбай,
Алыстайсың көңүлдүн өчү бардай.
Ал ансайын көксөөсү көңүлүмдүн,
Сен тарапка агылат ташыгандай.

Мен жөнүндө оюңду, билбей толук,
Мен жүрөм, сүйүп, сага ашык болуп.
Мээримден бүткөн окшоп кыялдарың,
Дайрадай мени каптайт ташып -толуп!

# АРЗУУМА ЖЕТПЕГЕНГЕ АРМАНДАМЫН

Сүйдүм мен, а, сен мени сүйгөн жоксуң?..
Сүйүүмдүн сырын ойго түйгөн жоксуң.
Жабыркап, жан-дүйнөмдүн булунгөнүн,
Жанымда жүрүп эле, билген жоксуң.

Мен сүйдүм, а, сен көңүл бөлгөн жоксуң?..
Мендеги зор кыялга чөмгөн жоксуң.
Көшөрүп күттүм, үмүт шоолаланып,
Келем, – деп кездешүүгө келген жоксуң?

Жаштыктын жаркын күнү күүгүмдөнүп,
Жан-дүйнөм майдаланып, күкүмдөнүп...
Турганын сезип туруп келген жоксуң,
Табымды бир сурабай, көңүл бөлүп?

Сүйбөсөң айла канча, кыйнабаймын,
Сүйүүсүз жашоо кандай кимге дайын.
Өзүңдөй, таш боор жанды тагдыр менин
бактыма жазып койсо, не кылайын?

Тагдырга буйрук кылып издеп арга,
Жагынып болбойт экен, сүйбөс жанга.
Кош эми, бар бол жаным тирүүлүктө,
Таарынбайм, сүйбөдү, – деп эми сага.

Жөн гана, ичте калат армандарым,
Жөнү жок кур үмүткө алданганым.
Адамга бир берилген бул өмүрдө,
Арзуума жетпегенге армандамын!?

## КҮТТҮМ СЕНИ

Күттүм сени, күнү бою келет, – деп,
Күүгүм кирди, дале олтурам сени эстеп.
Кабарың жок, кайда жүрдүң унутуп,
Убадаңды мага айткан келем, – деп.

Карай бердим келээр жолуң акмалап,
Күүгүмдөнүп баратса да чар-тарап.
Калгычакты жылдыз жанып, Ай чыгып,
Карааныңды элестеттим кайталап.

Күдөр күчөп, күйүп барат тутанып,
Күтүү деген чидер менен тушалып.
Карекке жаш аргасыздан айланды,
Көңүлүмө бүлүк салып кусалык.

Күтүү, үмүт кээде тиер керегиң,
Күткөн менен белгисиз го, келээриң..?
Максатыма койбогон соң жеткирип,
Кем өндөнөт бакыт сенин ченемиң!

Көңүл улап күтөм мейли, Ай батсын,
Көчүп жылдыз, керимселде таң атсын.
Ушул таңды көргөнүмө кубанам,
Келбесең да..бул өмүрдө сен барсың!

## ЖАКТАП КОЙЧУ

Ак киргенде аралашып чачыма.
Адашкансып сүйүү келип башыма..
Арбап алып акыл-эсти бир сезим.
Ашык болдум, бир сулууга татына.

Жаш кезимде, жаз күнүндөй гүлдөгөн,
Жашыралбайм, чыны мындай сүйбөгөм.
Жүрсөм дагы сүйүү бар, – деп, ишенип,
Жашоомдо мен, мындай күндү күтпөгөм?

Кеч болсо да, келди сүйүү ырахмат.
Кете көрбө, менден эми ыраактап.
Калгым келбейт, мен сүйүүмдөн айрылып,
Кереметин сезген кезде ырастап.

Жабыркатпай, жардам берчи а, көрөк?
Жайга койбойт, ушул сүйүү өңдөнөт..?
Жактап койчу, жан дүйнөмдү жектебей,
Жаш өткөндө, сүйсө сүйсүн мейли, – деп!

## ҮМҮТ

Ойгоомдо ойго салып, тынчымды алып,
Уктасам, түшкө кирип, уйкумду алып.
Туткунуңдай кыйнадың жаным мени,
Сүйүү, – деген жип менен чырмап алып.

Көйгөй менен санаанын отун жагып,
Көрүнбөгөн көксөөнүн жолун салып.
Күйүт күүсүн ченебей черттирдиң го,
Күтүү, – деген нотага күүлөп алып.

Көңүл кушу көөдөнгө батпай сыйып,
Көңтөрүлүп кетчүдөй койсоң тийип.
Чыдап жүрөм, чыгарбай көз жашымды,
Күргүштөгөн ызамды араң тыйып.

Жалгыз калган жалбыракча күбүлбөй,
Жайдын жашыл күндөрүнөн түңүлбөй.
Күзгү күндүн шамалынан сакта, – деп,
Күтүп жүргөн, бир үмүт бар үзүлбөй...

Арзуу-тилек, үмүт кошуп үмүткө,
Кан айланып кагып турса жүрөктө.
Кантип танам махабатты каражан,
Айтып койчу акың бар, – деп сүйүшкө!

# СУРАНЫЧ

Оо, адамдар, ушул жарык дүйнөдө,
Сыйлашууга тоскоол бизге деги эмне?
Ырыскысын тирүүлүктүн тең бөлүп,
Көрбөйлүбү, буюрганын бирге эле?

Кай тарапка, мынча шашып эмнеге?
Кулу болуп куру оокаттын күндө эле...
Өмүрлөрдү өгөйлөбөй жөнү жок,
Арабасын тартпайлыбы бирге эле?

Тирүүлүгүң, бир берилген өмүрдө,
Так калтырбай, кир жугузбай көңүлгө.
Кыйгач карап, кыялдарды сынашпай,
Сүрбөйлүбү таттуу өмүр бирге эле?

Кайгырбай да, капа болуп ыйлабай,
Кыйноо тартып, кыялдарды кыйнабай.
Жарыкчылык – жашоо, – деген күндөрдү,
Жүрбөйлүбү кир жугузуп булгабай?

Адам болуп, ар бир күндү өткөрүп,
Пейилди оңдоп, топук кылып бир азга.
Жаратканга жакчу жакшы иш менен,
Кетпейлиби из калтырып мураска!

## НЕГЕ СЕН?

Неге сен кабар алып, кат жазбайсын,
Жакын туруп жай сурап, катташпайсын?
Сен, -деп жашап жүргөнүмдү билип туруп,
Жөн гана бир бейтааныш адамдайсың?..

Баштагыдай мен сүйгөн, күлкүлөр жок,
Неге сен корунасың күнкорго окшоп?!
Болбосо, мен таарынтып койдум беле,
Муздап барат мамиле жүрөк козгоп.

Суранам сумсайбачы, күлчү жаным,
Суусаткан сүйүүдөгү махабатым.
Жакшы учурдун келээрин күтүп жүрөм,
Жанашсам, – деп өзүңө жан-арманым.

Арман кошпой ичтеги арманыма,
Алып койчу телефон чалганымда.
Ашык деле эч нерсе суранбаймын,
Айта жүрчү сүйөм, – деп анда-санда?

# ЖАРЫГЫМ АЙТЧЫ

Ачылган гүлдөй, албырып турсаң кулпуруп,
Ашыгып сага, көз артып, көксөп кол сунуп.
Арзыган жанмын, азабын тартсам кайылмын,
Ачыгын айтам, сүйбөгөм жанды сенчелик!

Мүнөзүң жайдай, турпатың гүлдөй буралып,
Мээримден бүтүп, нурунан айдын куралып.
Мен үчүн болдуң, сүйүүнүн мөлтүр булагы,
Мендеги арзуу сезимди тураар сугарып.

Жабыркап жаным, жаштыктан канбай кумарым,
Жайлоодо күздөй, саргайып азып ыраңым.
Жаш өткөн кезде, жактырып сүйдүм өзүңдү,
Жарыгым айтчы, айласын кандай кылымын?

Түшүнбөй калып, түтөтө көрбө жалынсыз,
Түпкүрдө санаа тынч алып мага багынгыс.
Тагдырым буйруп, тамшанып сүйдүм өзүңдү,
Таналбайм жаным, түшүнүп, кабыл алыңыз.

Сен үчүн жаздым, сүйүүнүн ырын ырастап,
Сөздөрдү тандап, кыялым менен кынаптап.
Сага эми жаным, жетпесем деле мен кайыл,
Сендейди сүйгөн, сезимге айтам ырахмат!

# БИРГЕ ЖЕҢЕЛИ

Сүйөм, – деп миң кайталап айтсам дагы,
Сууруп алып, жүрөктү чапсам дагы.
Кайрылып, карап коёор түрүң жоктой,
Көз алдыңда өзүмдү өзүм, атсам дагы!?

Жал ооруп жалбарсам да, жалынсам да,
Жароокер болуп, канча жагынсам да.
Көз кыйыгын салбадың, көңүл бөлүп,
Кайсыл жерим жакпады, жаным сага?

Түшүнө албайм, эмнеге сүйдүм сени,
Түңүлгөндөн сүйүүдөн эмессиңби?
Маанисин максатыңдын биле албадым,
Махабатка сен ушунча мерессиңби?

Жүрөгүмдүн кусасын кантип басам?..
Жүдөттү го жүз бөлүп ичтен санаам.
Суусап өтүп, кетемби бул өмүрдөн,
Суу иче албай махабат булагынан.

Кыялга бир эркиндик бербейлиби?
Кыйноосун сүйүүнүн бир жеңбейлиби?
Кызыгы бул өмүрдүн жаштык, – дешет,
Кызыл гүлүн кел бирге тербейлиби?!

## ЖҮРГӨНДӨЙСҮҢ

Жазылып, бүтпөй турган ырга айланып,
Жашыруун бир сыйкырлуу сырга айланып.
Жанымды жаркытып сен жүргөндөйсүн,
Жаз жыттанган жагымдуу гүлгө айланып.

Күдөрүмдүн күттүргөн жазы болуп,
Күлкүлөрдүн жагымдуу назы болуп.
Күн болуп мени коштоп жүргөндөйсүң,
Күүгө айланган сүйүүнүн шаңы болуп.

Сезимимде сен менин оттой жанып,
Сени сүйдү жүрөгүм чоктой жанып.
Сен түбөлүк оюмдан орун алдың,
Сересинен сезимдин кетпей калып.

## СҮЙҮҮ ЖАШАЙТ ЫР БОЛУП

Сүйүү деген, чексиз, кенен, жапжалгыз,
Сырың терең, ойлоп эчким чече алгыс...
Ыйык сезим, түбөлүктүү түбү жок,
Айтып, жазып, ырдап, эч бир бүтө алгыс.

Сүйүү деген, беш тамгадан түзүлгөн,
Жөн сөз эмес, жакшы ойлоп түшүнсөң.
Адам үчүн, жан-дүйнөнүн жарымы,
Бирге келип, бирге өтчү өмүрдөн!

Мен сүйүүсүз бир да күнү жашабайм,
Жарым кадам сүйүүсү жок басалбайм.
Жан-дүйнөмдө жашайт сүйүү ыр болуп,
Сүйбөй туруп, бир сап ыр да жазалбайм.

# АЙЫМДАРДЫН МАЙРАМЫ

Жаз жадырап, жайнап мына март айы,
Жаркып келди аялзаттын майрамы.
Аруу тилек, асыл ойду келептеп,
Айымдарга ыр дестелер арнайлы.

Дайым жаздай, ачык болсун күнүңөр,
Дайра болуп, ташып турсун сүйүүңөр.
Ай нурундай, ажарыңар толукшуп,
Арууласын ар бир күндү күлкүңөр.

Сезимдерге сүйүү чачкан жарыкты,
Силерсиңер бар мактоого татыктуу.
Силер эне, силер мээрим булагы,
Адамзатка берген бардык бакытты!

Жарык кылаар жашообузду айымдар..
Күндүзү күн, ал түнкүсүн Айсыңар.
Бар болгула, көркү болуп жашоонун,
Кубангыла кур калбастан жалпыңар.
Ак дилимден, мен силерге ыр сунам,
Куттуу болсун сегизинчи мартыңар!

## КЕТПЕЧИ

Кетпечи, капа кылып жүрөгүмдү,
Кечпечи... өткөн жакшы күндөрүндү.
Өмүрлөр бир күн менен бүтүп калбайт,
Суудай шапшып суутпа көңүлдөрдү.

Токточу, ачуу жашка алдырбачы,
Болдучу, болбос ишке таарынбачы?
Таарыныч керек бирок, такыр эмес,
Оболу, кечиримдүү болгон жакшы.

Кел, а, көрөк, кечиришип каткырабыз,
Кезигишип, көңүлдөрдү жаз кылабыз.
Бир келген тирүүлүктүн ар бир күнүн,
Биригишип майрамдай шат кылабыз!

# КУБАТ АЛАМ КҮЛКҮҢДӨН

Күлкүң менен көңүлүмдү жайгарып,
Сен күлгөндө дүйнөм шаңга айланып.
Сен, – деп гана согуп калат жүрөгүм,
Сыйкырына шыңгыр үндүн арбалып.

Күлбөй калсаң окшобойсуң өзүңө,
Күүгүмдөнөт мага бүтүн бул дүйнө.
Сенин күлкүң жарык нуру көңүлдүн,
Бар жакшыны багыштаган өмүргө.

Капалыкты айдап бүтүн көнүлдөн,
Кубат алам, күндө сенин күлкүңдөн.
Кабагыңа калган өңдүү байланып,
Бар өмүрүм, келечегим, жан-дүйнөм.

## БАР БОЛЧУ

Гүл эгип сезим төрүнө,
Күн болуп тийип көңүлгө.
Гүлдөтүп сезим бакчасын,
Гүл бакчам болдуң өмүрдө.
Ким мени сендей сүйө алмак,
Кезикпей калсак сүйүүдө?!

Үрөнүн септик сүйүүнүн,
Өстүрдүк өмүр гүлдөрүн.
Жашоомо күндөй нур чачып,
Жарыгы болдуң өмүрдүн.
Өзүндөн башка ким тапмак,
Өксүгөн жандын көңүлүн.

Баш кошуп кезде эселек,
Бар-жокту жеңип экөөлөп.
Батасын алып атанын,
Уул-кыз бактык бөпөлөп.
Алкоосун угуп апамдын,
Небере жүрөм жетелеп.

Бакытка балкып сен берген,
Бактылуу болду жан-дүйнөм
Бакытты кайдан сезмекмин,
Баш кошпой калсам сага мен?
Балдарым, кызым мен үчүн
Бар болчу менин, жан биргем!

# СЕНИ ЭСТЕЙМ

Көкүрөгүм муңга толуп, сени эстейм,
Көңүл кушу тынчтык бербей, дагы эстейм.
Көксөө менен тартып сүйүү азабын,
Кумарланып, качан болсо сени эстейм.
Сени эстейм ай, сени эстейм.

Кубанычка батса, жүрөк сени эстейм,
Кубулжуган ыр укканда, сени эстейм.
Кыял толкуп, үмүт-оюм сабалап,
Кушубак бир күндө кечте сени эстейм.
Сени эстейм ай, сени эстейм.

Кымбатым-ай, унуталбай, сени эстейм,
Кыйналамын, уктай албай, сени эстейм.
Кыдырамын кыйырын бүт дүйнөнүн,
Кыялым (бир) учкан кезде сени эстейм!
Сени эстейм ай, сени эстейм.

## АЯП КОЙЧУ

Бир көргөндө сезимиме чок салдың,
Мен сүйүүмө билигиңден от алдым.
Тамчысындай шүүдүрүмдүн мөлт этип,
Чаңкап турган таңдайыма бир тамдың...

Жашоомо сен жазгы күндөй жарк, – дедиң,
Жаным сезди, жаштыктагы жаз демин.
Сезимимдин бакчасына суусаган,
Сүйүү, – деген жамгыр болуп жаап келдиң.

Капысынан бул сезимге кабылып,
Кыялымда сүйүү шамы жагылып.
Сени сүйүү жаштыгымды берчүдөй,
Карбаластайм кара жаным, кагылып.

Убагында мен да жаным, жаш болгом,
Улуу сезим – махабатка мас болгом.
Чын сүйүүгө кезиктимби кечигип,
Мындай сезим мурун менде жок болгон?

Аяр карап, абалыма түшүнсөң,
Аяп койчу, сен сүйүүгө ишенсең.
Араң жүрөм башкара албай сезимди,
Аруу сүйүү күчү чыны күч белем!

## СЕН ҮЧҮН

Ыргакка салып сен үчүн,
Ырдадым жүрөк сүйүүсүн.
Акыры бир күн билээр, – деп,
Армандуу жандын күйүтүн.

Билип ал, жаным билбесең,
Сүйүүгө жарчы ыр, – деген.
Түбөлүк эмес түшүнсөң,
Бул күндөр азыр биз жүргөн.

Жаштыкта жаркын сүйүү бар.
Жанырып келбес күндөр ал.
Биз менен бирге картаяр,
Сезимдин жайын билип ал.

Кымбаты жаштык өмүрдүн,
Кызыгы сүйүү көңүлдүн.
Күзүндө гүлдөр саргаят,
Төркүнүн түшүн сөзүмдүн.

## БАКЫТ ИЗДЕП...

Көңүлдүн гүлзарында гүлдөр жайнап,
Көкөлөп, көңүл учуп канат байлап.
Келатам кемесинде махабаттын,
Көксөөдөн көкүрөктө жүрөк туйлап.

Алоолоп, улам кучөп үмүт шамы,
Атса, -деп бизге аппак сүйүү таны.
Арзуунун аппак гүлүн десте кылып,
Арнайын ак сүйүүмдү кабыл алчы?

Багыты максатымдын сени көздөп,
Бактыма ушул ирет жолугам, – деп.
Баратам бакыт издеп, зор үмүттө,
Бологөр, бар бактыма өзүң себеп?!

Жолумдан жоодур карап, тосуп алчы,
Жашоомо жарык чачып, таңдай атчы.
Жашайлы өкүнбөстөй бул өмүрдө,
Жаңыртып бербес кайра, өткөн жашты!

# АРУУ СЕЗИМ

Алыстап, артта калып жаштык кезим,
Ак басып, кара чачтын кыйла жерин.
Жүргөндө жаштыгыма кош айталбай,
Жүрөктө бир жылт, – деди аруу сезим!

Жылдызың жылт дегенде асманымдан,
Жүрөгүм болк, – дей түштү апкаруудан.
Туйлады кайран жүрөк көөдөндү тээп,
Эстетип, эски күндү артта калган?..

Жалыны махабаттын каптап келип,
Жалындуу жаштыгымды бир эстетип.
Жагымдуу эски тааныш кыялдарга,
Жан-дүйнөм бараткансыйт жетеленип.

Жашырып, жаштыгымды кырлар калып...
Жомоктой кызыгы көп, жылдар калып.
Өйдөлөп өмүр жашың өткөн менен,
Картайбасы махабаттын белем анык.

Айланып, мен өзүңдү кете албадым,
Арзуунун ырахатын сезе албадым..?
Айландың аруу сезим арман ырга,
Айтууну аны кимге чече албадым..?

## ЭМНЕ СУЛУУ?..

Эмне сулуу? – кылыгы көп кыз сулуу,
Кылыктанган кыз жүзүндө наз сулуу.
Жаңылануу, жан бүткөндүн баарына
Жашыл аалам, жамгыр төккөн жаз сулуу.

Эмне сулуу? -жылдыз толгон түн сулуу,
Бүт ааламга нурун чачкан күн сулуу.
Көңүл кушун көкөлөткөн көркөмү,
Көк майсандын көркүн ачкан гүл сулуу.

Эне сулуу? – эне тилде сөз сулуу,
Эң алгачкы, энең ачкан көз сулуу.
Эч сезбеген бул дүйнөнүн кайгысын,
Эс кире элек, эрке кыял, кез сулуу.

Өтөгөн өмүрүндө жаштык сулуу,
Көксөгөн көңүлдөгү шаттык сулуу.
Бар жашоонун барк-баасы сулуулукта
Ак эмгектен табылган байлык сулуу.

Эмне сулуу? – эң акылдуу адам сулуу,
Жакшылыкка баштаган кадам сулуу.
Жамандыктан жаныбыз алыс болсун,
Жаратканым бар үчүн аалам сулуу.

Сулуулук бул, жан-дүйнөнүн байлыгы,
Сулуу болуу, ден-соолуктун жардыгы!
Акылмандын айткан сөзү калп эмес,
Сулуулукка бүт баш иет бардыгы!

# АК ЖАРЫГЫМ

Кол жеткис бийиктеги ак жылдызым,
Өмүргө өзүң жарык шоола чачтың.
Сен көзүмө көрүнгөн күндөн тартып,
Көңүлдө эңсөө, – деген бакыт таптым!

Жана бер, жарык чачып сүйүү, деген,
Менде зор махабат бар, сага деген.
Жан-дүйнөм жарыгыңдан кубат алып,
Жашайын сага болгон сүйүүм менен.

Суранам, ак жарыгым өчө көрбө?
Сагынтып, алыс учуп кете көрбө?
Сугарып турчу мени сүйүүң менен,
Суусатып, таштап кетпей суусуз чөлгө.

Биргемин, бир өзүңө жетпесем да,
Жолдорду жолугуудан чектесе да.
Байрагы бар жашоомдун бир өзүңсүң,
Баштаган мени улуу максаттарга!

## ЖАКШЫ КӨРӨМ

Таң нуру жер бетине төгүлгөндө,
Тамылжып чыгыш жактан сөгүлгөндө.
Мен сени ушунчалык жакшы көрөм,
Окшотуп таңда таза шүүдүрүмгө..

Күн нуру чагылганда ак мөңгүгө,
Ала-Тоо аппак нурга чөмүлгөндө.
Мен сени жакшы көрөм жароокерим,
Окшотуп жыты аңкыган тоо гүлүнө.

Мен сени ушунчалык жакшы көрөм,
Сенин да жактырарың сезип жүрөм.
Тагдырдын жазмышынан үмүтүм зор,
Бактылуу болгум келет өзүң менен!

# АРМАНЫМ АСАНКАЛЫЙ КАЙРЫГЫНДА

Кайчы өткөн тагдыр менен жолго чыгып,
Кайдадыр ак булуттар барат жылып.
Кайдасың касиеттүү көлдүн жээги,
Кусалык жүрөктү эзет, тынчымды алып.

Айдалып ак булуттар бараткanda,
Бой таштап тегирмендин парасына...
Чайналып калгым келет кээ күндөрү,
Чыдабай чымын жаным кусалыкка.

Сагындым жаш баладай илебиңди,
Кучактасам туйлаган жүрөгүндү.
Жумшак сылап артылган моюнума
Сагындым жаным, Мунар билегиңди.

Кыркаар тарткан тоолордун кырын ашып,
Каркыралар баратат кайда шашып?
Арасында алардын өзүң болбой,
Жүрөгүмдө сагыныч барат ташып.

Керемет сүйүү жиби бизди чырмап,
Кеталбай калдым сүйүү ырын ырдап.
Гүлкайыр гүлүм сага мас болдум мен,
Бир жолу койгон үчүн гүлүң жыттап.

Арзуу айтып, гүлдөр гүлгө ачылат,
Бир көрүүгө бирин бири ашыгат.

Дарак билип, жазда бүчүр байларын,
Күздө түшкөн жалбырагын унутат

Өчпөс сүйүү отуна кабыламын...
Ар дайым сени эстесем ак маралым.
Дүйнөдө сен барыңды ойлогондо,
Дүрбөлөң түшүп дүйнөм, сагынамын.

Кош жан эркем, табылбас сендей мага,
Сүйүүм калды отуз жаш ар жагында.
Өмүрүм өтсө мейли эңсөө менен,
Мени күтпө мени эңсеп, сен сагынба.

Үмүт отун жандырып сезимиме,
Мен келип алтын кумдуу көл жээгине.
Олтурам эскерүүдөн ичтен сызып,
Издеп арга өзүңө бир кезигүүгө.

Арманым Асанкалый ырларында
Жүрөк сезет аз калды табаарыма.
Бактылуу болгум келет махабаттан,
Гүлкайырым кайрылчы, кайра мага?!

# КЕЛЧИ КАЙРА

Көөдөндү бугум чырмап,
Көңүлүм чөгүп турат.
Кайгынын көк нөшөрү,
Көнөктөп төгүп турат.
Күтүүнүн күүсүн черткен,
Көңүлүм барат муздап...

Таарынып болбос ишке,
Татыксыз иш бар беле?
Томсортуп айланамды,
Тагдырды байлап жипке.
Максатка жетүүдөгү,
Тагдырдын жолу ничке.

Жол барда жолугууга,
Жок дебей, келчи кайра?
Жылдарың күтпөйт бизди,
Жогуңду тактаганча.
Жолугуп, бир басалы,
Жанашып бактыбызга.

# СУРАНЫЧ

Өзүңсүз үйүм көрксүз, жарыгы жок,
Өмүрүм жартыланат, жарымы жок.
Санаамды сан ой бийлеп, тынчтык бербей,
Санаалар каптайт мени, агымы жок...

Өзүңсүз даракка окшойм тамыры жок,
Жашоом бүт жайдакталат жабыгы жок.
Жетеленип сагыныч шамалына,
Кайыктай чайпаламын калагы жок.

Өзүңсүз өмүр курсун, жалгыз калган,
Өмүрдүн ал күндөрүн миң жол танам.
Өксүтүп, экөөбүздү бөлбөсө экен,
Өмүрдө бир сураныч жаратқандан!?

# СҮЙҮҮ БАРДА...

Сүйүү керек акынга, сүйүү керек,
Сүйүү сырын акындан билүү керек!
Сезимдеги жазылып бүтпөс дастан,
Сүйүү барда акындар тирүү демек.

Сүйүш керек акындар, сүйүш керек,
Суусап, чөлдө суусу жок жүрүш керек!
Жалынына сүйүүнүн жанды салып,
Алоолонгон отуна күйүш керек.

Аял затын аздектеп, сүйүү керек,
Аруулугун сезимдин туюу керек.
Аалам бүтүн сүйүүдөн жаралгандай,
Анын сырын жүрөккө жыюу керек!

Тууган жердин турпагы – алтын, – делет,
Туурунда турганында ыйык демек.
Адамды алпечтеген кучагына,
Ата-Журтту ардактап, сүйүш керек!

Акындын жан -дүйнөсү жоомарт келет,
Алар чыны жамандан оолак келет.
Чабытынан кайтпаган ой кыялдын,
Чабандеси сүйүүнүн акын демек!

## БҮТПӨС ЫР

Унутам, – деп мен сени, түтпөй койдум,
Сен жөнүндө ыр жазып, бүтпөй койдум.
Себеби сен аллыстап, закымга окшоп,
Сабырымды түгөтүп..күтпөй койдуң...

Тагдыр жолу биз үчүн бөлөк болуп,
Таалайыма сен калбай жөлөк болуп.
Жанымда жашап эле жүргөндөйсүң,
Арман ырын жазуума себеп болуп.

Оолактатып оюмдан чыгара албай,
Ойлоймун күндө сени жарык таңдай!
Ыйык сүйүү баяны ырга айланды,
Көңүлүмдүн көксөөсү дале канбай.

Үлгүрбөсө үмүтүм максатына,
Айла барбы тагдырдын жазганына?
Арман, үмүт ал дагы бирге өчөөр,
Кайран жүрөк кагуудан калганында!

## СҮЙӨРҮҢДҮ ТҮШҮНДҮМ

Сыйкырлуу күч оюмду бүт булдуруп,
Сезимимди бийлеп алды сүйдүрүп..?
Сезбептирмин сени ушунча сүйөөрүм,
Канча убакыт чогуу иштеп, бир жүрүп.

Аз күн болду, көрүшпөдүм сен менен,
Атыңды атап, эстеп сени дембе-дем.
Азап болду, сенсиз таңдын атмагы,
Кусалыкты мурда мынча сезбегем..?

Күлө карап, жалооруган көзүңдөн,
Бир жылуулук сезип жүргөм өзүңдөн.
Көрсө, ошол мээрим төккөн көз караш,
Дал чыныгы сүйүү экен түшүнсөм!?

Алыс жакта сенсиз өткөн күндөрүм,
Азабына окшоп кетти дүйнөнүн.
Андан дагы, тапты жаным зор бакыт,
Сенин анык сүйөөрүңдү түшүндүм.

## СУЛУУГА

Сулуу көрдүм, сугумду артып, суктандым,
Кыя өтө албай, кыбырадым, тушалдым...
Кыялымды башкарууга күч жетпей,
Кызып турган кызыл чоктой тутандым.

Кош каректин кароосуна арбалдым,
Кумары күч күчкө жипсиз байландым.
Карбаластап, кайда басаар жол таппай,
Кете албастан көпөлөктөй айландым.

Кундуз чачы ийин ылдый куюлуп,
Кирпик-кашы жарашыктуу, суюлуп...
Алаксытып, арбайт жанды жолунан,
Аппак жүзү турган өңдүү кубулуп.

Бул сулууга суктанбаган жан жоктой,
Сулуулугу жанды койбойт ойлонтпой.
Кызыл көйнөк кымча белге кыналып,
Көкүрөгү көөдөнүн тээп, чыңалып.

Эх, жаш сулуу, бирок, мендик эмессиң,
Мен жете алгыс сыйкырланган элессиң.
Бүлүк салып сезимимди козгодуң,
Жөн жеринен мен суктандым, -дебесмин!

## СҮЙӨ АЛБАСАҢ?..

Кыялбай кыялыңды кулуп койгон,
Үзө албай үмүтүмдү сага болгон.
Кыйналып, бүттү жаным чырмалышкан,
Чыгалбай өзүң жайган сыйкыр тордон.

Алданып, куру кыял үмүттөргө,
Айланып, акыл-оюм күйүттөргө...
Күтүүнүн күүсүн чертип, ырын ырдап,
Күбөсү болуп жүрөм көп күндөргө.

Суранам, жолукпачы жолукпасаң?..
Атайлап же болбосо капысынан.
Мен сени унутушум керек эми,
Сен мени мага окшоп, сүйө албасаң?!

Жолумдан алаксытып жолукпачы?
Жаштыктын күндөрүндөй алыстачы.
Максатына жетпеген кездешүүдөн,
Жашоодо эңсөө, – деген бакыт жакшы!

## ЖОЛУККУМ КЕЛЕТ...

Жолуккум келет сага, баарын кечип,
Жолдорду миң азаптуу басып өтүп!
Кубанып, мага кучак жайбасыңды,
Жан-дүйнөм турса дагы туюп, сезип.

Кайыл болуп, баардык дүйнө азабына,
Кыйналсам да бул махабат сапарына...
Марасына максатымдын жетким келет,
Тилектеш болуп, алчы капарына?

Барактап, бирге өмүр барактарын,
Бир көрүп турмуштун тараптарын.
Сен менен тоскум келет, биргеликте,
Өмүрдүн ата турган ар бир таңын.

Жомоктой жакшы күндү өткөрөлү,
Жолукчу, жетим кылбай үмүттөрдү.
Бирге туюп, сезели, сен экөөбүз,
Бир берилген бакытты өмүрдөгү!

# ЖАР БОЛ МАГА

Гүл, – десем мен, гүлгө келбейт теңешкиң,
Күн, – десем мен, күндөй ысык эмессиң..?
Асыл жансың, ашып түшкөн алардан,
Жар бол мага, жашоо үчүн керексиң!

Ай десең -Ай, ага деле бараармын..?
Күнгө десең, күйүүгө да даярмын.
Күнгө кактап, гүлдөй мени соолутпа,
Мен сүйүүнүн зарын тарткан адаммын.

Салыштырам сени эмнеге билбедим?..
Не болсоң да, сени сүйдү жүрөгүм.
Ай бол, Күн бол, бар жакшыга татыктуу
Мен үчүн сен, асылысың дүйнөнүн!

Жар бол мага, жакшылыгым улаган,
Жаркын жашоо максаттардан кураган.
Жан шеригим жашоодогу жапжалгыз,
Жар бол мага, жаным сенден суранам!

## КОШ, – ДЕБЕЧИ СУРАНАМ

Бойлор – бойго, ойлор -ойго жанашып,
Бизге сүйүү турган кезде жарашып.
Жаштык кылып, жетпей сүйүү баркына,
Биз сүйүүдөн кетиптирбиз адашып..?

Бактыбызга балким, жазып койгонбу?..
Биз кайрадан жолугушчу бул жолду,
Кеч болсо да тагдыр бизди сыноого
кезиктирди, биздин басчу жолдорду.

Жаңылбаган жаштыгында барбы адам?..
Адашканбыз бирок, көңүл калбаган.
Жашап жүргөн жүрөгүмдө тымызын,
Жанды үмүт биз жолугуп кайрадан.

Эки жүрөк бир-бирине ашыгып,
Көөдөнду тээп кетүүчүдөй атылып
тургандыгын турсак дагы биз сезип,
Сезимдерди неге койдук жашырып?

Турган менен жолукканга кубанып,
Турмуш кетээр өз нугунда уланып.
Коштошуунун келип кайра учуру,
Көөдөндөргө толоору чын кусалык.

Сүйүүм турат илеби ысык суубаган,
Гүлүм турат сууга жетпей суусаган.
Жолугушчу жолдор бардыр дагы да,
Кош, – дебечи кетээриңде суранам?!

## БУЙРУКСУЗ СҮЙҮҮ

Сага жетпей, далай жолу чуркагам,
Самап сени, жүрөк далай туйлаган.
Сагынычың айта көрбө, кеч эми,
Сага арнаган гүлүм соолуп-куураган...

Сүйүү сыры далай ичте катылып...
Сага, -деген ырлар бүткөн жазылып.
Сүйбөдү, – деп жектебессиң эми сен,
Сөздүн чыны, сүйө албаймын асылып.

Болот тура көнүл калуу сүйүүдө,
Бакыт тилейм, бар бол эми өмүрдө.
Болсунчу ушул акыркысы ырымдын,
Буйругу жок менин сүйүүм жөнүндө.

## АЙРЫЛУУ

Сугум артып сенин сулуу жүзүңө,
Куштар элем карагаттай көзүңө.
Кумар канбай, калдым сенден адашып
Махабаттуу дүйнөдөгү өзүңө.

Жалгыз сен, – деп жаралгансып өмүрүм,
Жашап жүрөм калбай дале көңүлүм.
Жаштыгымды адаштырган өзүндөн,
Жектейм кээде ушул таш боор сүйүү...

Гүлдөр соолбос болсо эмне жаздагы,
Күлкү, шаттык бүтпөс болуп андагы...
Жаздын күнү жаңы ачылган гүлгө окшоп,
Жаш өмүрүң эч картайбай калсачы?!

Жаштыгында адашпаган барбы адам?
Айтылбастан калган ичте бир арман...
Атаганат, баары сонун болмок ээ,
Тагдыр бизди жолуктурса кайрадан!

## СҮЙҮҮ БАЯНЫ

Эсиңдеби? Биздин жаштык баягы,
Узун түндө бүтпөй сүйүү баяны.
Ак жамгырдан кол чатырга корголоп,
Таңды тоскон ошондогу жай айы.

Кыял бизди, келечекке жетелеп,
Кызык дүйнө мейкининде көкөлөп,
Мен кучактап, сүйөм десем шыбырап,
Сен айтчусуң, мен да сени сүйөм, – деп.

Коштошо албай, таңды бирге тосчубуз,
Кол кармашып, ажырагыс болчубуз.
Бул өмүрдүн түйшүгүнөн кабарсыз,
Кызык дүйнө мейкининде сызчубуз.

Жаштык көрсө, учур тура кайрылгыс,
Мезгил күлүк адамзатка багынгыс.
Бар экен го, бар нерсенин ченеми,
Каалоо менен адам жазап алалгыс.

Тагдыр көрсө, бизди өзүңө жалынтып,
Кош жүрөктү, буйругуна багынтып.
Кетип мезгил, жаштыгымды азгырып,
Коймок тура, өмүр бою сагынтып.

Кайда? Өмүрдүн сүйүү жазы андагы,
Жашыл аалам, жаштыгымдын таңдары.
Качан бизден калган сүйүү адашып?
Кайда жаштык, кайда күндөр андагы?

Сагындыңбы, мага окшоп сен дагы?
Шайыр мүнөз, сени сүйгөн баланы.
Дагы далай жүрөктөрдү сыздатаар,
Ырга айланган бүтпөс сүйүү баяны!

# ЖАЙ ТҮНҮ

Жай түнү жаштык кезимде,
Ай толгон жайдын кезинде,
Махабат көлүн бойлогом,
Мас болуп аруу сезимге.
Эриндин калган тактары,
Алкымың менен бетинде.

Жанаша бирге олтуруп,
Жай түнүн бирге тосчубуз.
Жаштыкты жаным эстечи.
Келаткан кезди ай чыгып,
Жылдыздар көктөн карашчу,
Жаткансып, бизге көз кызып.

Көңүлгө топтоп эңсөөнү,
Көрө албай сендей өзгөнү.
Өрттөнгөм сүйүү өртүнө,
Өпкөндө алгач мен сени.
Өчүрбөй ошол жалынды,
Өткөрдүк баштан неченди.

Ачылбай биздин сүйүүбүз.
Арманда, өмүр көңүлсүз...
Ай жылга кетип, алмашып,
Анда жай болсо, азыр күз.
Кыскарып бара жаткансыйт,
Алдыда жашоом өзүңсүз.

Алмашаар күз да кыш менен,
Арасы чыны көз ирмем.
Адамга моюн сунбаган,
Мезгилиң күлүк нерсе экен,
Жарк этип жаным көрүнчү,
Жай болсун жашоом гүлдөгөн.

## БИР ӨКҮНҮЧ

Барды-жокту баалап, билип барктабай,
Өмүр жолун, басып өтчү тактабай.
Азыр ойлоп, арт жагыма карасам,
Өкүнчү иштер, көңүлдө бар бир далай.

Жаз да болду, жаштык деген кез болду,
Күндөр өтүп жаз алмашып жай толду.
Колдо барда жетпей жаштын баркына,
Учту жылдар өмүрлөргө күз келди.

Болсо жашоо жараткандын сыноосу,
Болуу керек экинчи ирээт жаралуу.
А, болбосо кемчиликти оңдоого,
Аз өңдөнөт бир өмүрүң чамалуу.

Бир өкүнүч жүргөн менин ичимде,
Кеч кириштим мен акындык ишиме.
Жазгының, – деп жанды койбой жатса да,
Ишенбепмин ыр жазам, – деп өзүм

Жакшы оюмдун жабык калбай пардасы,
Баары дебейм, жакшы чыкса чандасы.
Аз да болсо мен жараткан ырлардын,
Адамзатка тийсе деймин пайдасы!

## ЖАНЫМДА ЖҮР

Таңда чолпон бир жарк этип төгүлүп,
Таң нурундай туңгуюктан сөгүлүп.
Таалайыма сен жолуктуң каражан,
Түбөлүктүү бүтпөс бакыт өңдөнүп.

Сени сүйүп, сездим күчүн сүйүүнүн,
Септиң мага жытын сүйүү гүлүнүн.
Сени ойлонбос күн да, түн да менде жок,
Себепчиси сенсиң сергек өмүрдүн.

Сезим козгоп сен ырларды жаздырдың,
Секелегим сен өмүрдү жаш кылдың.
Сен кайда элен, мурун мага жолукпай,
Солкулдаган күндөрүндө жаштыктын.

Жан дүйнөмдүн кыялдарын мас кылып,
Кете көрбө жаным эми жазгырып.
Жароокерим, жалгыз сенден сураныч,
Жанымда жүр, жакшы ырларды жаздырып .

## КҮТҮП ЖҮРӨМ

Таңып салып сүйүү деген жип менен,
Такты салып таалайыма күч менен.
Таштап кетип, кала көрбө каралдым,
Тагдырымды кошкум келет сиз менен.

Өзгөгө эмес ишен менин өзүмө,
Өзгөчөлөп ырга жазган сөзүмө.
Өмүр, – деген кайра акчу суу эмес,
Өмүрүмдү кошкум келет өзүңө.

Чынжырында махабаттын чырмалып,
Чыгалбастан жүрөм жаным кыйналып.
Чындыгында бул да бакыт өңдөнөт,
Чыдаганга берилет, – дейт чоң бакыт.

Кыял, үмүт, тилегимди келептеп,
Кызык өмүр мына эми келет, – деп,
Күтүп жүрөм мен өзүңдү, кымбатым,
Күндөрүмдүн санын санап серептеп.

## ДАБАГЕРИМ

Дабагер өзүң болуп, оору жанга,
Себеп болдуң дартымдан айыгуума.
Жашоодо сенден жакын адамым жок,
Жаным сени алмаштырбайм эч бир жанга.

Көңүлүм көтөрүлүп күнгө, айга,
Куштарланып көксөөнүн майрамына.
Бактылуу мен өзүмдү сезип жүрөм,
Жашоомдо жаным сени тапканыма.

Бир гана суранаарым мен өзүңдөн,
Чыгара көрбө ушуну, көңүлүңдөн.
Өмүрдө жөпжөнөкөй бир адам бар,
Өзүң, – деп, бул өмүрдө жашап жүргөн.

Оорутуп көнүлүмдү, ойго салып,
Өмүрдү кайра баштан жабыркатып,
Ак жолун ак сүйүүмдүн, буза көрбө
Өзгөгө мени салба алмаштырып..?

## СЕН БИР КЕЗДЕ

Сен бир кезде, жапжаш чынар, жаңы бүчүр байлаган,
Ашык болуп, анда сага далай булбул сайраган.
Бутагыңа бири конуп, көбү калып жете албай,
Канчаларга болдуң экен, каражаным, сен арман?

Сен бир кезде, толукшуган тоо гүлүндөй буралып,
Көркүң көрүп, нечен торгой болсо керек сага ашык.
Жыпарыңдан бирөө искеп, көбү калып арманда,
Канчалардын жүрөгүнө салдың экен кусалык?

Сен бир кезде, жапжаш бойдон турганыңда мөлтүрөп,
Сага бирөө ашык болуп, ыр жазганбы менчилеп..?
Жазган болсо, күнү бүгүн көңүлүнөн чыгарбай,
Жүрсө керек, күлгөнүңдү жүрөгүнө энчилеп.

## ТООГО БАРЫП КЕЛЕЛИ

Кырдын гүлүн чогултуп, дестелейли,
Кызыгын бул өмүрдүн чектебейли.
Кыр ашып, жаштык бизден кетелекте,
Бакытын балалыктын бир эстейли.

Өзөн бойлоп, ээрчишип бир басалы,
Булагына, жүз чайып, сырдашалы.
Бир суктанып табият көркөмүнө,
Толкундайлы, тоолор, – деп, ыр жазалы.

Тандап терип, алганы тоонун гүлүн,
Тоого барып келели, жүрчү бүгүн.
Тоолор жайып кучагын чакыргансыйт,
Толкуп турат, толор-, деп, менин сүйүүм!

## ЖАШТЫК МЕЙЛИН, КЕТЕ БЕР

Учурунда бердиң бакыт ыракмат,
Учсаң мейли, жаштык менден ыраактап.
Уул-кыздын кызматында жүрүүгө,
Улуулуктун жолун бердиң ырастап.

Мезгилимдин мерчеминен айрылбай,
Мейли өтсүн күндөр артка кайрылбай.
Тирүүлүктүн өмүр аттуу күнүнөн,
Турсаң болду мезгили жок айырбай.

Ар бир учур болуп өз-өз шартында,
Калсаң мейли, жаштык менин артымда.
Карылыктын каадасынан кур калбай,
Аман-эсен жүрсөм болду калкымда!

## КЕРЕМЕТ КҮЗ

Белгисиз келечегин сагынышып,
Бел ашып күндөр барат агылышып...
Артынан түндөр жылат күндү ээрчип,
Жылдызына – ааламдын жамынышып.

Дарактар күбүп сары жалбырагын,
Дайралар жайлатышып агымдарын.
Адамдар эмнегедир ойго чөмгөн,
Аярлайт ар бир баскан кадамдарын.

Келгиндер кайтып келген тарабына,
Жол алып жашоо өмүр сапарына.
Тоолорум булуттарды чүмбөттөнүп,
Калгандай капа болуп, кар алдында.

Мерчемиң мен да туюп мезгилимдин,
Кусалуу күздүн күнү кыялкечмин.
Берекең ашып-ташып батпай турган,
Күз мезгил сен да өзүңчө кереметсиң!

# Азап го өмүр сүйүүсүз?..

Сөзү, обону Кадырбек Ташматовдуку

**Орточо,сезим менен** ♩ = 78




1.Көрүүгө бизди ашыгып,
Келаткан жаңы.келаткан жаңы Ай чыгып.

2. Кучактап сени сүйөм,-деп,
Кубанып жаным билем,-деп.
Көп дене болуп биз турсак,
Көөлүп көздөр тереңдеп.
Кубаттап биздин сүйүүнү,
Көп жылдыз турчу күлүңдөп.

3. Адашты биздин сүйүүбүз,
Азап го өмүр сүйүүсүз.
Алмашып мезгил учуру,
Анда жай болсо, азыр күз.
Кыскарып бара жаткансыйт,
Алдыда жашоом өзүңсүз.

# АК СҮЙҮҮМСҮҢ

Сөзү,обону Кадырбек Ташматовдуку




2. Асылым,алтыным.асыл жарым,
Жашоого бир келген жашыл жазым.
Жүрөктө түбөлүк жашай берчү,
Сен менин картайбас махабатым.

3. Жашоомду жаркытар жыргалымсың.
Жанымдын эрмеги, курбалымсың.
Сезимде сага арнап ырдап жүргөн,
Сен менин обондуу ырларымсың.

# БАГЫТ АЛЫП

Сөзү Эсенгул Ибраевдики

Обону Кадырбек Ташматовдуку




2. Кол булгап шык берип бал-бал жанып,
Тээ алдыда көз ымдап күйөт жарык.
Ошол жарык эртеңки жыргал турмуш,
Биз бараткан бүгүнкү багыт алып.

Кайырма: Балалыктар кол булгап артта калып,
Жигит болдук бой жетип, ойго канык.
Аттандык жоокерлердей күрөшторго,
Ата-Журт мойнубузга милдет тагып!

# ЖАМИЛА

Сөзү, обону Кадырбек Ташматовдуку




2.Көрбөсөм күн сайын сагынган,
Көңүлдө көксөгөн табылга.
Кубанчы, кайгысы өмүрдүн,
Кушубак күнүм сен, Жамила.

3.Жазга окшоп жадырап-жайнаган,
Жаралбас өмүрлөр кайрадан.
Жар болуп жаркычы жанымда,
Жарыгы жашоомдун Жамила.

4.Булбулждай булагын сагынган,
Буйруксуз сүйүүгө таарынган.
Бул ырым махабат арманы,
Буулуктум жароокер Жамила!

# ЖАН БИРГЕМ

Сөзү,обону Кадырбек Ташматовдуку




2. Үрөнүн септик сүйүүнүн,
   Өстүрдүк өмүр гүлдөрүн.
   Жашоону күндөй нур чачып,
   Жарыгы болдуң үйүмдүн.
   Өзүңдөн башка ким тапмак,
   Өксүгөн жандын көңүлүн.

3. Баш кошуп кезде эселек,
   Бар-жокту жеңдик экөөлөп.
   Батасын адып атанын,
   Балдарды бактык бополөп.
   Алкоосун угуп апанын,
   Небере таптык керемет.

4.Бакытка балкып сен берген,
   Бактылуу болду жан-дүйнөм..
   Бакытты кайдан сезмекмин,
   Баш кошпой калсам сага мен.
   Балдарым,кызым мен үчүн,
   Бар болсун менин жан биргем!

# ЖАРЫК НУРУМ

Сөзү,обону Кадырбек Ташматовдуку




2. Артынан ээрчип келгени,
Эжеңдин болдуң эрмеги.
Куурчагын таштап ойногон,
Кубанып сени термеди.
Кулпунган кезде талпынып,
Кубанчым ашып, артылып.
"Жарасың ууртун,өппө",-деп,
Апакең турчу кызганып.

Капасын энең-атаңдын,
Каткырып-күлүп жазарым.
Эркелеп энең, атаңа,
Бактылуу күндө жаша уулум!
Соо болуп дениң оболу,
Заманга келип оңолуу.
Эрмеги болуп атаңдын,
Эсен-соо өссөң болгону!

# Кайда биздин балалык

Сөзү Кадырбек Ташматовдуку

Обону Алмаз Сейитказиевдики




2.Кайда кеттиң,кайтып келчи балалык,
Бажырайып биз мектепке баралык.
Курбуларды.эже-агайды сагындык,
Кучакташып,бир кумардан каналык.
Калып калган сабактарды кайталап,
Кечиримин эже-агайдын алалык.

3.Ай,ошол кез, биз баарыбыз бир жүргөн,
Аруу сезим, ак сүйүүгө туш келген.
Азыр кайда классташтар,курдаштар,
Ал күндөрүм күбүлүптүр четинен,
Алгач сүйүүм "А" класста окуган,
Ак тилектүү өмүрлүк жар,келишкен!

# КЕЛ, ЖАҢЫ ЖЫЛ

Сөзү Кадырбек Ташматовдуку

Обону Замирбек Ибраевдики




2. Бабалардын чачыласын келчи чачып,
Баласызга бала деген берчи бакыт.
Бар өмүрдүн бар бактысын бапыратып,
Алыстардан ак тоолорду келчи ашып.

3. Жашыбызга жаш кошуп дагы бирден,
Жашообузга бакыт чачып жаңы келген.
Жылдыз болуп жайнап жашоо асманында,
Жаркып келчи, жайнап бизге Жаңы Жыл, сен!

# Классташтар

Сөзү,обону Кадырбек Ташматовдуку




2. Өткөн күнүң ойлогонго тарыхтыр,
Андан бери жылдар суудай агыптыр.
Агайларга бойлорубуз теңелип,
Сегиз жашым он сегизге барыптыр.
Ошондогу ойноп жүргөн секелек,
Биздин кыздар бойго жетип калыптыр.

3. Билим берген бизге ыйык мектепте,
Классташтар он жыл бирге окудук.
Жылдар өттү... Билим жактан торолуп,
Биз коштошуу кечесине чогулуп.
Эже-агайдын эмгегине талыкпас
таазим этип, сыймыктанып коштоштук!

# ӨМҮР БАРКЫ

Сөзү, обону Кадырбек Ташматовдуку




1. Өкүнбөй жашоо үчүн сен,
   Өмүрдүн баркын бил демек.

2. Жашоонун ай баркын ким билет?
   Жашоого да адам бир келет.
   Жалындап өткөн жашоону,
   Жаңыртып бизге ким берет?
   Жаңылбай жашоо үчүн сен,
   Жашоонун баркын бил демек!

3. Жаштыктын баркын ким билет?
   Жаштыкка адам бир келет.
   Арманда өткөн жаштыкты,
   Кайтарып кайта ким берет?
   Калбасын артта арманың,
   Кадырын жаштын бил демек!

# Сени эстейм

Сөзү Кадырбек Ташматовдуку — Обону Алмаз Сейитказиевдики




2. Кубанычка батса жүрөк, сени эстейм,
Кубулжуган ыр укканда сени эстейм.
Кумарланып, кусалыктан ыр жазып,
Кушубак (бир) күндө кечте сени эстейм.

3. Кымбатым ай, унута албай күндө эстейм,
Кыйналамын, уктай албай,түндө эстейм.
Кыдырамын кыйырын бүт дүйнөнүн,
Кыялым (бир) учкан кезде сени эстейм,
Сени эстейм ай, сени эстейм!

# "Соң-Көлүм"

Сөзү Кадырбек Ташматовдуку

Обону Алмаз Сейитказиевдики




2. Ашык сага тоо башында мөңгүлөр,
   Ал гана эмес, адырдагы сан гүлдөр.
   Акындар да "Соң-Көлүм",- деп ыр жазып,
   Ашык болгон сага нечен өмүрлөр.

3. Келдим "Соң-Көл", мен өзүңдү сагынып,
   Касиеттүү бар күчүңө багынып.
   Кулпурасың сен да мени күткөндөй,
   Күлүп тосуп, күн нуруна чагылып!
   "Соң-Көлүм", "Соң-Көлүм!"

# ТАТЫНА КЫЗ

Сөзү, обону Кадырбек Ташматовдуку




2. Жүрөктү эзип,жүлүнүмдү оорутуп,
Жүрө бербей үмүтүмдү соолутуп.
Жүр кетебиз Долонду ашып Нарынга,
Жашоодогу бар түйшүктү унутуп.

3. Сезимди өрттөп,отко салбай куйкалап,
Себеби жок жанча бербей бырчалап.
Тамашага салбай менин ырымды,
Сүйсөң жаным, сүйөм,-деп кой шыбырап.

4. Айтаар жообуң билсем дагы эмне,-деп,
Ошол сөзүң мага чыны эң керек.
Оору жанга дары жардам бербеген,
Сенин сүйүүң балким, мага дем берет.

# ТИЛЕГИМ

Сөзү, обону Кадырбек Ташматовдуку

**Ойлуу,мелүүн ♩ = 74**




2. Ачылгансып сүйүү гүлдөрүм,
Арнап сага жаздын гүлдөрүн.
Өмүрүмө өчпөс таң атып,
Алгач ирет сени сүйгөмүн.

3. Гүлдөр өсүп сүйүү жолуна,
Бакыт кушу конуп колума.
Арнап жаздым ушул ырымды,
Түбөлүктүү түгөй болууга!

# *Атам, апам жана мен*

## КЕЧИР АПА

Чайпалбаган, чаалыкпаган жан эле,
Куттуу үйдө, күйүп турган шам эле.
Ооруп жатып, дүйнө салды апакем...
Үйдүн шамы жалп өчкөндөй жаны эле.

Атакемдин үйү калды, бош болуп,
Аалам бүтүн жетимсиреп, бозоруп...
Кайда барса таяп жүрчү апамды,
Таяк калды, ээсиз болуп томсоруп.

Ыйласак да, миң жалынып, чыркырап,
Эчкирсем да, эстен танып, буркурап.
Ачпай көзүн, апам кетип акырет,
Бүтүн дүйнөм, калды жетим зыркырап.

Кыз-уулуна өмүр тилеп, тенирден,
Өксүк кылбай, эч убакта мээримден.
Баарыбызды бактын эле алпештеп,
Кем калтырбай, бул өмүрдө эч кимден.

Бала көрүп, бакыт таптык баарыбыз,
Бар турмушта, жашап жүргөн чагыбыз.
Баары ушул Сиздин эмгек экенин,
Билем апа, кантип аны чанабыз.

Алдей айтып, ак бешикте термедиң,
Эр жеткирдиң, эл уулуна теңдедиң.
Арбагында кечирегөр уулуңду,
Актай албай калдым апа эмгегин?!

# АПАКЕ, СИЗГЕ КАРЫЗМЫН

Айрылып жашоо ай, күндөн,
Алсырап, азып, бар дүйнөм.
Жарыгы өчүп өмүрдүн,
Жай албай, турат жан дүйнөм.
Мээримдин соолуп булагы,
Мезгилдин, токтоп курамы,
Ак жарык өчүп ааламдан..
Асыл бир дүйнөм урады.
Ай нуру өчүп чачылган,
Айрылып асыл апамдан!
Күүгүмдөп өмүр сапары,
Күн чыкпас тоого жашынган.
Көтөрүп түйшүк бардыгын,
Көрсөттүң жашоо жарыгын.
Өзүң деп билип бакытты,
Өмүрдү сиз деп тааныдым.
Апакем, алтын асылым,
Аярсың болсо жазыгым.
Жан курман, апа сиз үчүн!
Жашоомдо сизге карызмын!

# АТАМ БАРДА

Атам барда, жок дегенди билбеген,
Аалам мага, бейиш болчу гүлдөгөн.
Аскар тоодой таянычым элеңиз,
Адам болбойт тура аттиң өлбөгөн?

Жакшы адамдын уулу экенсиң деп мага,
Көргөн жандар көп айтышат, аныктай.
Атыңызды албайын, – деп каралап,
Аракетти көрүп келем талыкпай.

Ата уулу билдим сыймык экенин,
Ал ансайын мен чыйралып кетемин.
Улуу адамдар мени көрүп айтышат,
Келбетимдин Сизге окшош экенин.

Акыл-кеңеш кеткен мага калтырып,
Айтып жүрөм балдарыма жат кылып.
Азыр өзүм, ак сакалдуу атамын,
Артта калган мени танып, жашчылык...

# АПАМ БАРДА

Апам барда, алыстан мен сагынып,
Айыл көздөп, ай өткөрбөй камынып.
Арбагыңдан айланайын апакем,
Тосоор элең жаш балача жалынып.

Күн мурунтан берээр ашын белендеп,
Күтөөр эле келин-уулум келет, – деп,
Азыр таппай апакемдин караанын,
Үй ичинен издей берем элеңдеп.

Көргөн сайын дубалдагы сүрөтүн,
Кусам күчөп, куйкаланып жүрөгүм.
Сагынычтын ачуу жашы айланат,
Аттиң, арман, апам жогун билемин.

Ата-эне жок, айыл чоочун үй бөлөк,
Адашкандай абал болуп бир бөлөк.
Башкалардын сый-урматын көрсөң да,
Ата-эненин ак батасын ким берет?!

## ЭНЕЛЕР

Бул өмүрдүн уюткусу энелер,
Эч нерсе жок эч силерге теңелээр.
Урпак үчүн өлүмдөн да тайышпайт,
Мындай эрдик жасайсыңар кимиңер!?

Ак сүтүнөн аалам бүтүн күч алган,
Мээриминен, күн күлүңдөп нур чалган.
Адам заттын алгач тили чыкканда,
Апа, – деген сөздөн аалам башталган.

Жакшы чыгып уул-кызы, балдары,
Жарык болсун апалардын маанайы.
Урмат менен ушул күнү, акындар,
Жакшы ыр жазып, апаларга арнайлы!

# КАРЫЗЫМДАН КАЛДЫМ АПА КУТУЛБАЙ

Аз жашоодо, ал дүйнөнү унутмай,
Ар адамдын табияты ушундай.
Акыры алыс, бул жашоонун, – деп жүрүп,
Ак сүтүңдөн калдым апа кутулбай.

Максатыма мен үлгүрө албадым,
Мен силерди Меккеге алып барбадым.
Дартыңызга дабаа издеп табалбай,
Менин болду ушул ичте арманым.

Бала бойдон элем барда көзүңүз,
Барган сайын, жаш баладай көрдүңүз.
Балам келди алыстан, – деп бапырап,
Бар болгонун кол алдыма төктүңүз.

А, мен болсом, ойлоп дайым ичимден,
Ажылыкка алып барам, – дечү элем.
Апам бар, – деп бийик чыкчу добушум,
Ат сурашып, таанышканда эл менен!

Көр турмуш, – деп, көйгөй тартып, баш урмай,
Кем дүйнөнүн шарты белем ушундай.
Кутула албай жүрүп куру кыялдан,
Карызымдан калдым апа кутулбай!!

*23. 03. 2021-ж*

## ЭСТЕП

Ак карлуу аяз, кышты эстеп,
Андагы жашыл жазды эстеп.
Айылга келди жол тарткым,
Айылдаш сулуу кызды эстеп.

Супаасын салган таңды эстеп,
Саратан салкын жайды эстеп.
Айлангым келди айлымдан,
Апакем жапкан нанды эстеп.

Ар дайым күтчү, бизди эстеп,
Аскарым атам Сизди эстеп.
Жол карап күтчү апакем,
Жолуккум келди Сизди эстеп.

Курбалым өскөн үйдү эстеп,
Кыярган кызыл гүлдү эстеп.
Кабатыр болдум негедир,
Кайрылбай кеткен күндү эстеп.

## КЕЛДИМ ЭЛЕ..?

Келем, – деп, дос-тууганда кабар алып,
Камынып жолго чыгып үмүт байып.
Айылым мен алыстан келгенимде,
Алдымдан тосуп алдың, кучак жайып!

Дос-тууган бапырашты, бардар болуп,
Сүйлөшүп, сыр чечиштик, көп сөз куруп
Туулган жер тузун татып, суусун ичтим,
Үйүндө ата-энемдин мейман болуп.

А, бирок, көңүл санаам толбой турду,
Ата-энем бардагыдай болбой турду...
Балам, – деп баштан сылаар атакем жок,
Балалык сезим мага конбой турду.

Чачылбай баары ордунда чарбагыңар,
Бапырап баары аман балдарыңар.
Эскерип куран окуп олтурабыз,
Ыраазы болсо экен, – деп арбагыңар.

Силерсиз айлым ачык, бош талаадай,
Сезденем сезимиме от жаагандай.
Ээ арман, эне-атанын көзү өткөндө,
Ээнсиреп Ата–Конуш бош калгандай..?
Арман ай, ата-эненин мээрими жок,
Куттуу үй кунарынан кур калгандай!?

## САГЫНДЫМ АПА

Сагындым апа, санаамды бийлеп элесиң,
Саялуу өмүр, сан ойдун тартып желесин.
Өмүрүм өксүп, өзүңдөн калып айрылып,
Өлүмдү жектеп, сагынып жүрөм мен өзүң.

Эсимде дале, эс тарткан кезим мен тентек,
Ээрчитип мени, колумдан алып жетелеп.
Таанытып мага табышмак, таттуу дүйнөнү,
Эркем, – деп дайым, бооруна кыстың, бөпөлөп.

Сагындым апа, мээримден бүткөн жамалың,
Сырымды төгүп, эркелээр элен адамым.
Жоготуп Сизди, жоболоң ушул дүйнөдөн,
Табалбай калдым, эч жерден элес-карааның..?

Уулунда азыр, баштагы кыял, сезим жок,
«Апалап» айтып, эркелээр азыр кезим жок.
Үлбүрөп жарык, үйүмдүн төрү бош турат,
Жарык нур чачкан, жашоонун шамы, өзүң жок!

Сагындым апа, бактылуу бала кезимди,
Башымдан сылаар, баа жеткис, ыйык мээримди.
Санаамды тартчу, садагам, асыл адамым,
Сагындым апа, сендеги ысык сезимди.

Санаачыл болуп, сан ойдун тартып желесин,
Сагындым апа, бук болуп кыял-мүнөзүм.
Кураным окуйм, кудайга жүз жол жалынып,
Айлам жок билем, тирилип кайра келбессиң?

# АКЫЛ КЕП

Акыл-ойдун аяк-башын бекемдеп,
Бир акылман айткан экен акыл кеп:
«Айтканыма көнбөдүң, балам –
Балалуу болгондо билесиң, – деп.

Азыр жашсың, али дагы баласың,
Аман болсон, алыс жолго барасың.
Балам, сен да мага окшоп өкүнбө,
Актай албай, атакеңдин батасын!

Эркелетип, бактык колдон түшүрбөй,
Эси жоктук кылба сөзүм түшүнбөй.
Жаангердин акыл, ою, кеңеши,
Жанга жаккан, кирешелүү түшүмдөй!

Атакелеп, ээрчип калбай чуркаган,
Күндөр калды..этегиме уктаган.
Учур келип, алганында бой жетип,
Уул болбо, акыл сөзүм укпаган?!

Айтпа дейсиң, сөздөрүңдү кеч кирген,
Акылыңды укпайм, – дейсиң эскирген.
Алда балам, анан калат кеч болуп,
Атаң-акыл, сөздү баккан, сөз билген!»

Асыл жан өтсө, артында жарык из калат,
Акылсыз өтсө, чачылып бүтпөй, иш калат.

# АЗАЛУУ ДҮЙНӨ

Атакем өткөн, аттиң, апам да өттү өмүрдөн...
Азалуу дүйнө, арманга батып жан-дүйнөм.
Жөлөнөөр аска, айрылып тоомдон таянаар,
Күндөрдөн өттүм, күйүткө, муңга чөмүлгөн.

Аттин арман, дүйнө жалган, жашоо чиркин ушу экен,
Адамзатта асыл өмүр, учуп кетчү куш экен.
Акыр бир күн, асыл жандар бир-биринен айрылып,
Бул өмүрдөн бири кетсе, зар болгону жыш экен.

Аядыңар дайым бизди, жамандыктан калкалап,
Асылдарым, качан болсо балдарым, – деп жан сабап.
Ал сезимди мен да кийин, турмуш көрүп түшүндүм,
Балдар үчүн жашап, иштөө – экендигин жакшы адат!

Азыр атам тирүү болсо, кайтпай турса табынан..?
Ач калсам да, алыс чыкпай, атакемдин жанынан.
Алдында анын тизе бүгүп, акыл сурап турмакмын,
Айткан насаат, накылдарын тыңдап угуп абыдан!

# АЛТЫН АПАМ

Жыгылып, ыйлайбы, – деп, капысынан,
Ойноп жүрсөм, жанымдан эч чыкпаган.
Өзгөнүн сөзү тийип калбасын, – деп,
Өзгөчө сезим менен коруп турган.
Чынардай көлөкөлөп күн-суукта,
Өмүрүмдүн сакчысы, алтын апам!

Сагынып кайтканымда сапарымдан,
Саамайым сылап, жыттап маңдайымдан.
Башымдан суу айлантып, садага, – деп,
Амандыгым жүз тилеп жаратקандан.
Мен үчүн мээримдин булагындай,
Асыл жансың, ардагым, алтын апам!

Үшкүрүп калсам эгер, кабак бүркөп,
Үйрүлүп абалыма убайым жеп.
Түйшүгүмө түшөсүң арачыга,
Кагылып карааныңдан, кудайым, – деп.
Кашымда өзүң барда картайбасмын,
Турмушту сага окшоп курайын бек!

## БАА ЖЕТКИС БАКЫТ

Төрүңдүн көркү болуп, ата-энең аман турса,
Ардактап, алган жарың аларга чайын сунса.
Уул-кызын эстүү болуп, улуунун сөзүн укса,
Батасын берип атаң, бактыңды тилеп турса.
Алганың сүйүп турса, балдарың күлүп турса,
Адамга ошол бакыт, бир келген бул турмушта.

Кечигип жүргөнүңдү жорубай жаман ишке,
Алганың акыл калчап, аныгын баалап билсе?
Айтайын, – деген оюң алдыртан дароо сезип,
Жашырып жаманыңды, жакшысын колдоп күндө,
Көтөрүп зоболоңду, жаныңда бирге жүрсө,
Жашоонун зор бактысы, мына ушул тирүүлүктө!

Ден-соолук эн зор байлык, иштээрге ишиң болсо,
Эл-журтун эч бөлүнбөй, ынтымак бекем консо.
Ата-Журт асманына ардайым тынчтык болуп,
Бакчаңда балдар ойноп, көңүлүң шаңга толсо.
Элиңдин биримдиги, жериңдин бейпилдиги,
Адамга тирүүлүктө баа жеткис бакыт ошо!

# ООРУТПАЧЫ АПАКЕМДИ ЖАРАТКАН

Тагдыр сенин буйругуңа аярмын...
Тайсалдабай, аткарууга даярмын.
Оорутпачы апакемди жараткан,
Ден соолукка кучагымды жаярмын!

Маңдайыма кандай сыноо жазбагын,
Мен макулмун, түйшүгүңдөн качпаймын.
Анчалык тез картайтпачы апамды,
Аны көрүп, мен да кабак ачпаймын.

Түйшүк берсең, азап берсен чегээрмин,
Оорун колдон, мен жеңилин эңээрмин.
Апам үчүн, Мекен үчүн ар дайым,
Керек болсо жүрөгүмдү берээрмин!
Оорутпачы апакемди жараткан!

# *Өмүр, жашоо ыргактары*

## ЖАРАТМАН ЭЛ

Жан үрөп, жакшылыка берип сүйүү,
Жашоого жаркын үмүт, үрөн себүү.
Элимдин эзелтеден келген ою,
Жакшылар жакшы ишти кел колдойлу.

Жаңыртып жаратмандык салтыбызды,
Жарык жолго баштайлы калкыбызды.
Алайды ак талаадан бөлбөгүлө,
Жараткан бир колдосун бүт кыргызды.

Кыргыздын түндүгүнөн түштүгүнө,
Кыдырган кадырман эл бир күндө эле.
Улуусун урматтаган угуп атын,
Учурашып анын жүзүн көрбөй эле.

Өксүйт да, бирок, өнөр өлбөйт, -деген.
Өксүбөйт кутман элим өнөрлүүдөн.
Өөрчүтөлү өткөндүн жакшы салтын,
Өргө чапсын өмүрү көңүл менен!

# ЭХ, ДОСУМ

Эх, досум, эске салып качанкымды,
Элүүнүн белесинен ашканымды...
Эми дос, ал кездерди кайдан таптык,
Эстеттиң сүйүү аттуу дастанымды.

Ай өтүп, жылдар жылып барган сайын,
Кабарын берип турат ал кез дайым.
Азыр ал – чоң эне, мен – чоң ата,
Тагдырдын кантем досум ушул жагын...

Өткөндү эске салуу бакыт, – дечи,
Бар тура бирок, жаштын эрте-кечи.
Жашартып жашты кантип алалабыз,
Жагдайын билсең досум, айтып берчи?!

## ТИЛЕКТЕШТЕРИМ

Бөлүшүп билбей-билгенин,
Кабарлап келген-кеткенин.
Абалым сураар ар убак,
Бар болсун тилектештерим.
Алыспы-жакын жердеби,
Нарында, Ошто, Көлдөбү?
Тилегим менен тилектеш,
Бар болсун достор мендеги!
Оюма оюн улаган,
Орошон кыял кураган.
Бар болсун калемдештерим,
Өнөрдүн учун чубаган.
Жай алып, жөн жай турбаган,
Жашоонун жолун улаган.
Жамгырдай болсун тилектер,
Жашартып жерди сугарган!

## КЕЗДЕШКЕНДЕ

Кез буюруп, досторум кездешкенге,
Кызыктуу күндөр болуп эстешкенге.
Кыялдар куп келишип бөлүнсөк дейм,
Кайра эле сагынышып кел, – дешкенге.

Сындашып, сыр жашырып, кылбай арга,
Сыйлашаарга издешип жакшы айла.
Көңүлдөр көтөрүлүп, бөлүнсөк, – дейм,
Кайрадан сагынышып, жолукканга.

Менмин, – деп бой көтөрбөй бардарыңа,
Март болуп, сый көргөзүп колдо барда.
Сыйлашып, жолугушуп жүрсөк, -деймин,
Калтырбай көңүлдөрдү бул жалганда.

Ким билет, кимдер качан, кайда барат..?
Кечээкини ким бүгүн кайтара алат.
Өмүрдүн жолу өзү өйдө-ылдый,
Бүгүнкүм эртең бар, – деп ким айталат?..

Тогошпосо ойлорго ойлорубуз,
Томсоргону – жолукчуу жолдорубуз.
А көрөкчө, алыстын сыйы артык,
Оң болоор дейм, кездешпей койгонубуз.

# ТЕНТЕК ЭЛЕК

Тентек элек, биз оюнга тойбогон,
Тегеренип, бүт айылды жойлогон.
Улуулардын айтканына азыр, – деп,
Оңой менен бир тил алып койбогон.

Тажачуубуз, сабактардан каччубуз,
Топ тепкилеп, рогатка атчубуз.
Сабак бүтөөр убагынан кечикпей,
Үй-үйлөргө кыйраткансып шашчубуз.

Класстарда кыздар калчу качалбай,
Жашырбастан эми жаздым такалбай.
Канча жолу эже-агайдан тил уктук,
Кайталоонун сабактарын айталбай.

Эх, балалык, окуучулук күндөрүм,
Ошондо эле классташым сүйгөмүн.
Классташым болуп жүргөн ошол кыз,
«Класскому»– үй-бүлөмдүн, сүйгөнүм!

# АКЫНДЫН ОЮ ӨЧПӨСҮН

Кары деп мени, кай бирөө анча жактырбайт,
Кабагын бүркөп, махабат ырын жаздырбайт.
Жараткан берсе, жазганым эле оң болоор,
Жактырып балким, бирөөндө сезим ташкындайт.

Жазгын, – деп мага жараткан талант, шык берсе,
Жатканым болбос, жазайын ийкем, ык келсе.
Жакпаган болсо, окубай коёор ырымды,
Жакканы болсо, ырдашаар сунуп ыр десте.

Сүйүүнүн жайын ким гана даңктап жазбаган,
Жазайын ырды жашымдан жазып баштаган.
Коркконум болбос, сынчылар мени сындайт, -деп,
Жазайын жакшы ыр эч ийменбей башкадан.

Бар болсун сүйүү, өмүрдүн гүлү көктөсүн,
Өкүнүп адам, өмүрдө өксүп өтпөсүн.
Бүтпөгөн дастан, махабат жашап жүрөктө,
Арзуусу жандын, акындын ою өчпөсүн!

# КЕЧИРГИЛЕ

Акынмын, – деп айрымдар жазып жүрөт,
Аралашып биз менен, басып жүрөт.
Сынга толбос саптарды жазып коюп,
Сын уккандан зымылдап качып жүрөт.

Көзгө сайып, аттарын атабайын,
Көрүп -билген адамга баары дайын.
Аларга мен асылып эмне кылам,
А көрөкчө, табайын ырдын жайын.

Кечиргиле, начар ыр жазып койсом,
Акындыктын беделин басып койсом.
Сөз берметин талыкпай издеп жүрөм,
Сөзгө чебер окурман колдоп койсоң?!

## КАЙДА БИЗДИН БАЛАЛЫК?

Кайда достор? Кайда биздин балалык.
Кайда калган, кайран күндөр адашып.
Кайрып турчу балалыктын алдынан,
Аябачы, тагдыр сенден сураныч.
Кайтып барып кереметтүү күндөргө,
Бала болуп бир аз ойноп алалык.

Кайда кеттиң? кайтып келчи балалык.
Кол кармашып биз мектепке баралык.
Курбуларды, эже-агайды сагындык,
Кучакташып, бир кумардан каналык.
Калып калган сабактарды кайталап,
Кечиримин эже-агайдын алалык.

Ай ошол кез, биз баарыбыз бир жүргөн,
Аруу сезим, ак сүйүүгө туш келген.
Азыр кайда классташтар, курдаштар,
Ал күндөрүм күбүлүптүр четинен,
Алгач сүйүүм «А» класста окуган,
Ак тилектүү өмүрлүк жар. келишкен!

## ТАРЫХ БИЗДИ КЕЧИРБЕЙТ

Негедир жай табалбай, кетти тынчым,
Келечегин турмуштун келет уккум!
Билбедим, заман кайда көчүп барат,
Ошону келди билгим, улуу журтум.

Көп ойлонгон..оорулуу жүрөгүм бар,
Көктүгү жок, акындын жүрөгү ал.
Көрбөй турам, элимдин оңолоорун,
Келечектен жараткан, күмөнүм бар..?

Арабызда аралап жалган жүрөт,
Аласадай параны алган жүрөт.
Мансап үчүн май куйган өрт үстүнө,
Хан сарайын кан ичип салган жүрөт.

Менменсинип, мен деген көпкөн жүрөт,
Мээси иштебей, энесин сөккөн жүрөт.
Ата сөзүн алдыга салып айдап,
Ата абийирин айрандай төккөн жүрөт.

Кыз кылыгын кылмыштап бузган жүрөт,
Кызмат ордун кыянат туткан жүрөт.
Өзүм үчүн жашайм, – деп эрге тийбей,
Кыз намысын бүтүндөй жуткан жүрөт.

Арам байлык аябай жыйган жүрөт,
Ата-энени сыйлабай урган жүрөт.
Бек болдум, – деп манчыркап мансабына,
Бечарадан ырыскы жулган жүрөт.

Жерин саткан жексурлар желип жүрөт,
Элин саткан эссиздер келип жүрөт.
Эчак айткан арамдын ошондогу
тезегин дале көптөр терип жүрөт.

Анан кантип кыргызым оңолобуз,
Ойлонбосок, оодарылып жоголобуз.
Орун бербей жаманга ортобуздан,
Тазалансак, так күтүп торолобуз!

Ойло кыргыз, урпактын келечегин.
Ушул милдет мойунда сенин, менин.
Тарых бизди кечирбейт тайсалдасак,
Таап коет, бир паста бир эсебин.

# ТАРЫХ БИЗДИ КЕЧИРБЕЙТ

Негедир жай табалбай, кетти тынчым,
Келечегин турмуштун келет уккум!
Билбедим, заман кайда көчүп барат,
Ошону келди билгим, улуу журтум.

Көп ойлонгон..оорулуу жүрөгүм бар,
Көктүгү жок, акындын жүрөгү ал.
Көрбөй турам, элимдин оңолоорун,
Келечектен жараткан, күмөнүм бар..?

Арабызда аралап жалган жүрөт,
Аласадай параны алган жүрөт.
Мансап үчүн май куйган өрт үстүнө,
Хан сарайын кан ичип салган жүрөт.

Менменсинип, мен деген көпкөн жүрөт,
Мээси иштебей, энесин сөккөн жүрөт.
Ата сөзүн алдыга салып айдап,
Ата абийирин айрандай төккөн жүрөт.

Кыз кылыгын кылмыштап бузган жүрөт,
Кызмат ордун кыянат туткан жүрөт.
Өзүм үчүн жашайм, – деп эрге тийбей,
Кыз намысын бүтүндөй жуткан жүрөт.

Арам байлык аябай жыйган жүрөт,
Ата-энени сыйлабай урган жүрөт.
Бек болдум, – деп манчыркап мансабына,
Бечарадан ырыскы жулган жүрөт.

Жерин саткан жексурлар желип жүрөт,
Элин саткан эссиздер келип жүрөт.
Эчак айткан арамдын ошондогу
тезегин дале көптөр терип жүрөт.

Анан кантип кыргызым оңолобуз,
Ойлонбосок, оодарылып жоголобуз.
Орун бербей жаманга ортобуздан,
Тазалансак, так күтүп торолобуз!

Ойло кыргыз, урпактын келечегин.
Ушул милдет мойунда сенин, менин.
Тарых бизди кечирбейт тайсалдасак,
Таап коет, бир паста бир эсебин.

## ӨЧПӨЙТ ЧЕКСИЗ САГЫНЫЧ

Ата-эне жок, айлым комсоо, үй бөлөк,
Айылдаштар баары чоочун өңдөнөт.
Сагынычың канча ташып барсаң да,
Ата-энедей эчким күтпөйт бөпөлөп.

Ата ордуна агаң ата боло албайт,
Апа ордуна эжең эне боло албайт.
Эне-атанын көзү өткөндө дүйнөдөн,
Эңшерилген бүтүн кайра толо албайт.

Ата-энебиз, ырас, үйдүн башыбыз,
Ашуу ашып, карыса да жашыбыз.
Өчпөйт өңдүү, өлгүчөктү жүрөктө,
Ата-энеге болгон чексиз сагыныч!

## УШУЛ ТАҢ

Көңтөрүлүп көпкөк асман төбөдөн,
Түркүгү жок же бир анын жөлөгөн.
Тээ чыгыштан күндүн нуру күлүңдөп,
Аппак таңга күбө болдум, мына мен.

Айланамда тирүүлүктүн кыймылы,
Аны коштоп, ажарланат күн нуру.
А, мен болсо, бак аралап жай барам,
Гүлгө оронгон, мен бараткан жол бою.

Урмат сага, сени сүйгөн жүрөктөн,
Ушул таңды сен көргөздүң жараткан.
Жеткир эми марасына максаттын,
Куттуу болуп адам үчүн ар бир таң.

## ӨМҮР ТЕРМЕСИ

Өмүр сен бир күн атчу, аппак таңсың,
Өрүшүң кең, уч-кыйырсыз бир ааламсың.
Өксүтөөр жашоо жолун акыр бир күн,
Өчөөр күнүң белгисиз сен бир шамсың?..

Өмүр сен, кайгысың да кубанычсың,
Өткөндө, узун сабак уламышсың.
Өксүткөн өмүр сенин артың арман,
Акырың ачуу чындык, сен жалгансың.

Жарыкка жашоо үчүн бир келебиз,
Жолуңда жашоо сенин иргелебиз.
Өрүшүн басып өмүр сапарынын,
Өзүңө бир келгенбиз, бир кетебиз.

Жашоого жаралганда адам болуп,
Жан дүйнө жашоо үчүн кадам коюп.
Жаратып жакшы ырларды тирүүлүктө,
Жашап өтсөм мейли эле адам болуп.

Ойлосоң аалам бүтүн миң бир түркүн,
Ойлобойбуз алууну керектүүсүн.
Көргөн сайын, көз тойбой алсак дейбиз,
Ушунчалык ачкөзпүз эмне үчүн?

Ак-караны эмнеге талдабайбыз,
Адамдыкты аздектеп сактабайбыз.
Өмүр берген жараткан сыноо кылып,
Топук кылып, эмне үчүн актабайбыз.

Байлык, бийлик ажалдан калбас алып,
Башка келет бир өлүм, акыры анык.
Асыл баштар тигинде көмүлөт ээ,
Тапкан-терген байлыгың мында калып...

Жарды-байың өлүмгө баары окшош,
Жакшы болсоң тирүүлүк жүрөр коштоп.
Жан дүйнөсү бай адам өлбөс болуп,
Жан дүйнөсү жардылар өлүүгө окшош!

## ЫРЫМ БҮТСӨ,
## ТАМ БҮТКӨНДӨЙ СҮЙҮНӨМ

Мени бекер жүрөсүң, – деп жектебе?
Жемеңди уксам, жерге кире күйүнөм.
Кыялданып, мен бүтүрчү иштер бар,
Оргуп чыкчу жүрөгүмдүн төрүнөн.
Ыр жазууга ышкы берген кудайым,
Ырым бүтсө там бүткөндөй сүйүнөм.

Кышын кынап, сырын сырдап, кынаптап,
Менин үйүм жылуу болуш керек, – деп.
Куруучудай курган асыл кыялын,
Мен ырымды жазгым келет келептеп.
Окурманга жакса экен дейм жазганым,
Ой кыялдын учун улайм серептеп.

Жаратканым жаратса эгер жазат, – деп,
Жазбай койсоң билгениңди күнөө го..?
Жектебечи, мени бекер жаттың, – деп,
Жол берегөр бүтө элек үлгө.
Жадабастан сүрөөнчү бол сен мага,
Жазган ырым жагып калаар бирөөгө?..

## СУЛУУ ТАҢ

Таратып, табышмак сыр бүт боюма,
Талпынган канат бүтүп ойлоруума.
Тагдырга миң мертеме курсант болуп,
Таңда туруп, турамын суу боюнда.

Шаңданган шары менен сезимди арбап,
Шар өзөн, жан дүйнөмө булук салат.
Ойлорум өктөм өзөн шары менен,
Оргуштап, ырга айланып, агат, агат.

Өмүр да өзөн сымал, шар экенсиң,
Эңиште эң бир шаттуу шаң экенсиң,
Бүгүнкүң, эртең кайра кайталангыс,
Күндөрүм суу шарындай бар экенсиң.

Мен турам, сулуу таңда суу боюнда,
Суктанып, таң нуруна, суу шарына.
Ташкындап ырлар агат тилек айтып,
Досторум ушул таңда бар болгула!

## ҮМҮТ

Дагы бир күнү кетти өмүрдүн жаңырып,
Дайра болуп, толуп-ташып агылып.
Үмүт менен эртеңкиге карадык,
Келечектен күтүп жакшы жаңылык.

Баркын билбей, бар өмүрдүн балким биз.
Эмнегедир, эртеңкини кел дейбиз.
Келээр күнүң кандай болот табышмак,
Жандырмагын эч кимибиз билбейбиз.

Колдон келип калаар болсо окшотуп,
Мен өмүрдү отуз бешке токтотуп.
Жашатмакмын жакшыларды жаш бойдон,
Жаштык күнүн кеткис кылып коштошуп.

Бар өмүрдүн баркын билип досторум,
Кудай жалгап келечектин ак жолун.
Оорубастан аман-эсен жүрөлү,
Улуу элдин улап баскан жолдорун.

## САГЫНЫЧ ЫРЫ

Мен сагындым, өткөн бала кезимди.
Өткүр курак, өрттөй ысык сезимди.
Чаң көчөдө чыгырыкты айдаган,
Чыт курсакчан, чыбык минген кезимди.

Мен сагындым, окуучулук күндөрдү,
Билим алып, ойноп-күлүп жүргөндү.
Ашык болуп, айылдык бир сулууга,
Мен сагындым ошол алгач сүйүүмдү.

Мен сагындым, ата-эненин мээримин,
Ата-Журттун асылдыгын жеримдин.
Мен сагындым садагалар, курбулар,
Жаштыктагы назиктигин көңүлдүн.

Жаштык сени жаным чындап сагындым,
Жан дүйнөмдө жалоорудум, жалындым.
Жазмыш экен, жаштык сенден адашып,
Жашоо-тагдыр жазганына багындым.

Мен сагындым кечээкимди, негедир,
Сандыгыма сала албадым аны бир.
Санап баарын, көз алдымдан өткөрүп,
Сагынычтын ырын жаздым дагы бир.
Ал сенчи?..

## БИР КАЙРЫЛЫП КЕЛЕЛИЧИ

Ак мектеп айлыбыздын четиндеги,
Алтындай классташым эсиңдеби?
Ээрчишип класстарга кирээр элек,
Укканда коңгуроону кереметтүү.

Баарыбыз бир класстан билим алып,
Барчындай талпынганбыз, канат кагып.
Балалык күндү бирге өткөрүппүз,
Башаты бул өмүрдүн келбес кайтып?..

Алтыным, классташым, парталашым,
Азыр сен, ушул тапта каяктасың?
Аздектеп унуталбай жүрсөң керек,
Акыркы коңгуроонун добулбасын.

Кылгырган көздөн жашты токтото албай,
Кыйылып, класс менен коштошо албай.
Кол булгап, амандашып калышты эле,
Кай жакта, азыр биздин эже, агай?!

Азыр биз чоң апабыз, чоң атабыз,
Алтындар келгилечи, катташабыз.
Балалык ырын ырдап, чер жазалы,
Ансыз да биз картайып баратабыз.

Кырк жыл мурун төрөлгөн бир, айылда
Балалыкка баралычы жайында.
Изин басып, ойноок кездин андагы,
Бир кайрылып келеличи айылга!

## КЕЛ ДОСТОР, ЧОГУЛАЛЫ?

Кутман таң курбуларым,
Кубаттап турчуларым.
Жашооңор жайма жайбы,
Көктөмдүн тосуп таңын?

Мен туруп эми жаңы,
Ыр курап жаткан чагым.
Баарыңар барсыңарбы,
«Вотсапта» сырдаштарым.

Табият укмуш көрктүү,
Таң нурун көрдүңөрбү?
Жараткан ыроологон,
Тагдырга көндүңөрбү!?

Күлкү, шат үйгө толсун-
Бейиштин кушу консун.
Кай жакта жүрсөк дагы,
Күнүбүз куунак болсун.

Келгиле, чер жазабыз,
Кезигип, сырдашабыз.
Вотсаптан болсо дагы,
Бали, – деп ырдашабыз.

Жакшы ойду катпагыла,
Жакшыны мактагыла.
Ушул күн кайрылбайт эч,
Жашынып жатпагыла?!

Өмүрдү шаштырбайлы,
Өгөйлөп, качырбайлы?
Өксүүнү жактырбайлы,
Өмүрдүн арты кайгы...

Кел достор, чогулабыз,
Керемет той курабыз.
Картайдык, – дебегиле,
Кайрат бар, жаш турабыз!

## ЫР ДҮЙНӨ

Ай чагылып, кыр-кырдагы мөңгүгө,
Азоо тайча, «оюн салат» ыр дүйнө.
Ашык болгон айдын аппак нуруна,
Ажарланат сезимдеги гүл дүйнө!

Алыстардан сапар улап келаткан,
Мен бир пенде, ата жолун уланткан.
Ботоярдын таткан тунук булагын,
Бала экемин ата-энемди кубанткан.

Жайлоо көркү козгойт чыны делебе...
Жылкы тосуп, кулун байлап желеге.
Кең Соң-Көлдүн керемети арбаган,
Коломто -кут, ыйык ошол кемеге!

Мен тоолордун тыңшап шылдыр булагын,
Тоолор берген мага ырдын кумарын.
Сансыз гүлүн жыттап, жайлоо «Бабыктын»,
Сайраганын уккам тоодон улардын.

Атам мага токуп жорго мингизген,
Алыс жолго апам тонум кийгизген.
Аруу тилек, ак батасын тартуулап,
Акын бол, – деп асыл оюн билгизген.

Жанды кыйнап, жашка салбай убайым,
Жаздыра көр, жакшы ырларды кудайым?!
Курбу-курдаш кубат берип жаныма,
Кубанычтын ыр берметин чубайын.

Шерик болуп, өмүрүмө ырларым,
Өйдө-төмөн чертет жүрөк кылдарын.
Жетип, жакса окурманга изги кеп,
Жан-дүйнөмдө катып жүргөн сырларым.

## II.

Сабалаган сансыз ойдон адашам...
Сага бир пас кыялымда жанашам.
Жүрөгүңө жаккан ырды жазуу үчүн,
Дүйнө кезип, дербиш болуп баратам.

Мен уктабай өткөрөмүн түнүмдү,
Муза толгон укчу Лира үнүмдү.
Жазгандарым терең, жакшы болсунчу,
Жаратканым жаркытагөр Күнүмдү!

Максат ишке ашпайт чыны талапсыз!
Ыр кайыгым – айдап алып калаксыз...
Саптарыма ак баракка тизилген
мен таянып, учам түндө канатсыз...

Мейкиндикте – менин жазчу ырларым,
Мен жөнөтөм, оку досум, сындагын?
Мекен үчүн мээнет чегүү-ыйык парз,
Менин үнүм терендикте тыңдагын!

Жаккан болсо жүрөгүңө бир жери,
Жакшы экен, – деп кубаттап кой, сен мени.
Ыр өмүргө шерик экен досторум,
Ырыскы, кут түгөнбөсүн элдеги!!

## БАЛАЛЫКТЫ ЭКЕРҮҮ

Ак-Талаанын ак топурак чаңында,
Алтын күндөр өткөн экен айылда.
Окуучулук күндөр кандай керемет,
Ойночу элек, биз мектептин багында.

Жылгаяк тээп, бар сыяктуу өчүбүз...
Агайлардан далай «жеме» жечүбүз.
Чачты коюп, сулууланып таранып,
Биз кыздарга жаксак экен, – дечүбүз.

Ашык болуп калды досум, бир кызга,
Андай учур кездешет го турмушта?!
Акын болуп, ага жардам берем деп,
Ыр жазгамын сегизинчи класста.

Парталарга байлап чачын кыздардын,
Кулакка илбей эжейлердин тыйганын.
Тентек эле Рыспай дос өзгөчө,
Бир заматта кетирчү эсин кыйланын..?

Узун бойлуу Талант менен Бекназар,
Тентектикте билчү эмес, чекти алар.
Эңка досум атчан келип сабакка,
Агайларды туурап берчү бир катар.

Айыпбек дос алыс жашап мектептен,
Адат болчу бешөөбүздө бир жүрмөй.
Келбей калса, Айты капыс сабакка,
Бешөөбүз тең кирбейт элек билдирбей...

Киндигиңер туташпы? – деп эжелер,
Күнөө кылган күндөр болгон жемелээр.
Жыйгалак, – деп, момпосуйду момпо, – деп,
Аман доско жок эле анда теңелээр..?

Аяш атам сатып берген жаңы эле,
Бакы достун гармошкасы бар эле,
Бала туруп, карындаш, – деп ырдаткан,
Балалыктын мезгили анда шаң эле.

Чика кызды сүйүп калып бир жигит,
Мен ыр жазып... сүйүүсүн ал билдирип.
Ошол жигит, жакын досум азыр да,
Ким экенин, табат азыр ким билип?..

Кошунанын эрке кызын жактырып,
Мен жүрүпмүн көңүлүмдү шат кылып.
Көрсө сүйүүм класста эле жүрүптүр,
Эх, чиркин ай, энөө албас жашчылык!

Каккан күнү Коңгуроону акыркы,
Калтырыппыз, биз мектепте жаштыкты.
Кайда кеттик айтчы, анан досторум,
Канат кылып, кагып жалын жаштыкты.

Убакытты кармап кала албадык,
Аздыр-көптүр жашоого өмүр арнадык.
Кулк-мүнөздөр азыр деле жаш бойдон,
Биз, өзүбүз бала бойдон калбадык.

Эх, чиркин ай, ошондогу балалык!
Эми келбес, аны кайдан табалык?!
Ушул танда эске түшүп досторум,
Ушул ырым калды ырас, жаралып.

## ӨМҮРДӨН КЫМБАТ ЭМНЕ БАР?

Бир келген энчи белем ал,
Башкадан болбос көңүл зар
Байлыкка сатып алалгыс,
Бийлигиң издеп табалгыс,
Өмүрдөн кымбат эмне бар?

Ашыктык аттуу дүйнө бар,
Арзуусу анын менде бар.
Алтынга дагы алмашкыс,
Акчага сатып алалгыс,
Өмүрдөн кымбат эмне бар?

Паанасы өсөөр жери бар,
Пайызы аздан кеми бар,
Падыша сатып алалгыс,
Пайгамбар белек кылалгыс,
Өмүрдөн кымбат эмне бар.

Өмүр бир аттуу терме бар,
Өтөсү сенде, менде бар,
Өткөндө кайтып алалгыс.
Өксүсөң кайра табалгыс,
Өмүрдөн кымбат эмне бар?

Өтөөрсүң, бир күн кетээрсиң,
Өмүр сен – кымбат экенсиң.
Өткөндө өмүр соңунан,
Өр тарткан өйдө жолунан,
Өткөндөн кийин бекерсиң?!

## БИЗДИН КЫЗДАР

Кызгалдактай ачылып, гүлдөп турган,
Кыздар ай, кылыгыңар күчөп турган.
Кылчак карап койсоңор башкаларга,
Кызганыч бар эле бир күсөп турган.

Жоогазындай ал кезде жаш элеңер,
Жагоо жүздүү, жагымдуу шат элеңер.
Буралган бир жаш талдай булактагы,
Бириңерден бириңер наз элеңер.

Тагдыр буйруп баарыңар келин болуп.
Туш тарапка кеттиңер, турмуш куруп.
Азыр баарың чоң эне болгон чагың,
Куттуу үйдүн, ак жарык, куту болуп.

Бул өмүрдө курбулар бар болгула,
Жарык аткан жашоодо таң болгула.
Жолугушсак жолдордон капысынан,
Ким элең? – деп таанybай койбогула!

# КАЙРАН ЖАШТЫК ЭЛИРГЕН...

Ойноок мүнөз, эч оюнга канбаган,
Ырга, бийге, ынак болуп, танбаган.
Кечээ эле биз окуучу бала элек,
Убакыттың куш экен го, чамдаган.

Жаңы эле турмуш жүгүн артынган,
Жаштар элек келечекке талпынган.
Кайдан чыкты, кабары жок карылык,
Мезгил чиркин, балбан экен алкынган.

Кечээ эле ата болуп сүйүнүп
жүргөн элем сүйүнчүлөп, жүгүрүп.
Бүгүн уулум, уулун жүрөт жетелеп,
Келин балам күндө келет жүгүнүп.

Уулдарым – ата, тулпар теминген,
Кыздарыбыз апа болгон керилген.
Кечээ эле жандап жүргөн жанымда,
Кайда калды кайран жаштык элирген..?

## ЗАМАНА

*(терме)*

Башаты сөздүн термеден,
Баштаарды билбейм эмнеден?..
Бар-жоктун кеткен кадыры,
Баркы жок, ушул дүйнө экен..?
Жакшысынан жаманы
Жамыраган замана.
Жарым түштө жер жүзү,
Жаңы болгон замана.
Эл энчисин эргулдар,
Ээлик кылган замана.
Эски салтты жактырбай,
Эсил кылган замана.
Кышкы кыраан чилдеде
Жамгыр жааган замана.
Жайдын ысык аптабы,
Карга айланган замана.
Атасына баласы,
Акыл айткан замана.
Алкаштары молдого,
Азил айткан замана.
Кытайга кыргыз кыздары
Тийип кеткен замана.
Күйөө шымын энчилеп,
Кийип кеткен замана.
Чындык калып чыркырап,
Жалган чыккан замана.
Осуяты улуунун,
Ойрон болгон замана.

Окуу токтоп мектепте,
Онлайн болгон замана.
Атага бала тил албай,
Азап болгон замана.
Санаалаштар жолукпай,
Сырдаш болгон замана.
Сагынычтар заматта,
Офлайн болгон замана.
Смартфон, айфон, телефон,
Сагынычың бөлүшкөн,
Жол арытып жол тартпай,
Жолугушкан замана.
Түндө болчу иштериң...
Күндүз болгон замана.
Көргөн көзгө ишенбей,
Күмөн болгон замана.
Түйшүк менен кайгысы,
Түгөнбөгөн замана.
Элден коркпой, эргулдар,
Жерин саткан замана.
Эптеп жетип бийликке,
Элин саткан замана.
Шайлоо болот дегенде,
Шаңга толгон замана.
Шайласаң мени бүтөт, – деп,
Жайлоо болгон замана.
Айлыңа азыр келем, – деп,
Алтын үрөн себем, – деп,
Азгырып, элдин добушун,
Алдоо болгон замана.
Күлүгүнөн жорго көп,
Момунунан молдо көп,
Кыйындар көп, билим жок.

Кызыр калган замана.
Музейлерде айымдар,
Чечинишкен замана.
Чет элдиктин пулуна,
Эсиришкен замана.
Ата-Мекен, атуулдук,
Алсыраган замана.
Акчалуунун арымы,
Алыс болгон замана.
Капшырылып казына,
Карыз болгон замана.
Жүргүнчүдөн унаа көп,
Жүзүң курган замана
Таажылуу, – деп вирусту,
Тастыктаган замана.
Бет кап деген эмени,
Бетке такты замана.
Бишкек – борбор болбостон,
Базар болгон замана.
Уурдап качкан ажолор,
Катар болгон замана.
Аягын таппай термемдин,
Аябай эле тердедим.
Анча-мынча акыл-эс,
Алладан сурап, «бер», – дедим.
Келечегиң көрүнбөй,
Акыр болгон замана.
Ажырашмай жаштарда,
Бачым болгон замана.
Эркектерге эркектер,
Катын болгон замана.
Эл байлыгын уурдаган,
Эчен болгон замана.

Эки ооз сөздү билбеген,
Эсирип колдо пулуна,
Чечен болгон замана.
Айран, сүтүң аракка,
Катыкталган замана.
Акка, көккө карабай,
Сатып калган замана.
Эне тилди унутуп,
Эси кеткен замана.
Эзелкинин нускасын,
Эски деген замана.
Эмгек кылбай кыйратып,
Берчи деген замана.
Китеп-кагаз окулбай,
Кирдеп турган замана.
Дарыдан дарт айыкпай,
Зилдеп турган замана.
Карыдан кадыр-барк кетип,
Карып болгон замана.
Улуудан урмат-сый кетип,
Уяты кеткен замана.
Ушунун баарын ойлодум.
Ойлорум ойго койбодуң,
Кагаз, калем кармадым.
Каректи жашка майладым.
Канткенде заман оңолот?!
Ойлонуп таба албадым.
Кайрылып калың журтума,
Кайгы сөз болду айтаарым.
Жакшыларды колдойлу,
Жатып ичээр болбойлу,
Ууруну кармап, камайлы,
Ушак уксак, талдайлы.

Ажону жүргөн айланып,
Чөөлөрдүн баарын кармайлы.
Улуунун сөзүн угалы,
Ууктай бирге туралы.
Карынын сөзүн угалы,
Кереге болуп туралы.
Түндүктү бийик көтөрүп,
Кыйшайбайлы, жылбайлы.
Кыргызым улуу эл дейбиз,
Кылымга жашы тең дейбиз,
Улуу элдин урпагы.
Анда эмне сөзгө келбейбиз?!
Түндүк-Түштүк болбойлу,
Түркөйлүктү оңдойлу.
Биригип бирдей бир кыргыз,
Биз Мекенди коргойлу.
Ыдырап, бөлөк болбойлу.
Ыйманды, салтты колдойлу.
Партияга бөлүнбөй,
Улуттун наркын ойлойлу.
Кадырлап четтен келгенди,
Кастырбайлы кендерди.
Кастарлап Ата-Мекенди,
Карыш жерин бербейли.
Асманды карап дегдебей,
Алманы түш, – деп эңсебей.
Аракет менен жашайлы,
Алладан күнөө издебей.
Кел кыргызым бир болуп,
Бир муштумдай чогулуп,
Башка келген түйшүктү,
Бүтүрөлү оңолуп!!

# ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

Жаз жамгыры эске салып кыйланы,
Жамгыр менен кошо жаадым, мен дагы...
Ак жамгырда, калган күндөр, көп болгон,
Ага күбө жаштыгымдын жылдары.

Ала шалбырт, адырдагы кар эрип,
Көчө баткак, арыктарда суу кирип.
Анан келчү, көктөм күлүп-жадырап,
Жер-Энебиз, жашыл кымкап түр кийип.

Ах, балалык! Айыл ичи кубулуп,
Анда жашоо жомок сымал туюлуп...
Биз сабактан тараар элек чурулдап,
Кутулдук, – деп чыкчу элек жулунуп.

Асыл өмүр, ал кездеги балалык,
Аттиң дүйнө, кайра келбес жаралып.
Азбы-көппү, ушул жашоо күнүндө,
Көңүлдөрдө жапжаш бойдон калалык!

## АК КАЛПАК КҮНҮ

Ак калпак күнү, ак кар жаап,
Айлана бүтүн апаппак.
Көчөдө адам жүрө албайт,
Кар эрип жатат баткактап.
Жашоонун шары токтобой,
Жаткансыйт тирдик жансактап...

Таңкы жел тосту эркелеп,
Таң атпай тургам энтелеп.
Сураныт калды бир сулуу,
Кадырын салып-өнтөлөп,
Жеткирип коюп жумушка,
Кар күрөп жатам эртелеп.

Керемет жазың келиптир,
Сары кар белем, себиптир,
Аздан да болсо акыры,
Ызгаарын кыштын жеңиптир.
Тургула эрте туугандар,
Эшикке жазым келиптир.

## ӨТКӨНДҮ ЭСТЕП

Өткөндөрдү көз алдымдан чубатсам,
Уттурупбуз көп нерсени убактан.
Ушул күндө кыздар болгон чоң эне,
Өтүп эчак, келин деген куруктан.
Өзүбүзчө, өткөн күнгө чек коюп,
Өзгөрбөпсүң, жаш экенсиң, – деп коюп.
Кыялдарда жапжаш бойдон жүрөбүз,
Кемпирлерди биздин кыздар, – деп коюп.
Элүү жашты, аңтарып алтымышка,
Баш ийипбиз, биз деле карылыкка.
Жүрөк жаш, – деп жүрөбүз, бирок, дале,
Кыз кыялын сагынган балалыкта.
Куурактабыз кутмандуу ушул тапта,
Кубалашып биз келдик, кутман жашка.
Алтымыштын акырын эшик кагат,
Ырдап, бийлеп, баралы туткан жашка!
Эх, балалык, кырлардын артындагы,
Эмне мынча, тез өттү жаштык шаңы, -
деп өкүнбөй, өмүргө шүгүр кылып,
Жакшылыкты көп көрүп, шаттаналы!

# АК КАЛПАГЫМ

Кыргызым башындагы ак калпагын,
Кастарлап урунат чын, билип баркын.
Кыюусу кызыл, кара, өңүрү аппак,
Кышта жылуу, жаныңа жайда салкын.

Кыргызга ак калпагы Ала -Тоодой,
Көтөрүп зоболосун, зоболодой.
Күн нуру чагылышкан мөңгүсүнө,
Көрүнөт аппак чоку аска-зоодой.

Зор сыйлап, баш кийимин ыйык туткан,
Зоболоң арта берсин кыргыз улан.
Башыңдан ак калпагың эч түшпөсүн,
Ак калпак күнүң менен кыргыз тууган!

## КЛАССТАШТАРГА

Таңдай таза, суудай тунук балалык.
Бир келбестир, бизге кайра жаралып.
Бир чогулуп, интернеттен болсо да,
Балалыкты бир жол эстеп алалык.

Эскирсе да, эстен кеткис дүйнөмдө,
Эссиз элек, окуучулук күндөрдө.
Эске албай, эже-агайдын айтканын,
Эки алчу элек, сабактардан кай бирде.

Коңгуроонун коңур үнүн укканда,
Оюн калып, ойноп жаткан ордунда.
Кубалашып, кулундарча жүгүрүп,
Класстарга кирээр элек биз анда.

Бир да сулуу, жоктой анда теңелээр
Биздин кыздар укмуш сулуу элеңер.
Классташты албай анда теңине,
Бизди бирок, кароочу эмес элеңер.

Бирге окуган, кыздарды биз кызганып,
Шоктук кылып, канча тентек кылбадык.
Ыраа көрбөй, биз силерди бөлөккө,
Канчаларды силер үчүн урбадык..?

Кызыл жагоо, ак бантикчен кездерди,
Азыр окуп, ыр жазышчу дептерди.
Сүрөттөрдү көрүп алып андагы,
Эске салып, олтурам мен өткөндү.

Кайдасыңар классташтар, курбулар,
Биздин кыздар, periштедей сулуулар.
Кырк жыл өттү окуучулук күндөрдөн,
Кандай деги, бай-байбиче болдуңар?

## КЕЛЧИ ЖАЗЫМ

Келчи жазым, керемет бир күн берип,
Керегелүү тоолорума дем берип.
Ышкы отун бир тутантчы сезимге,
Ыр жазайын мен кыялды терметип.

Таңдай атчы таалайыма жарк этип,
Таңшып обон, оболосун шаңк этип.
Төгүлсүнчү жамгыр болуп ырларым,
Талантыма дем-күч берчи сен келип.

## ЭРТЕҢКИНИ ЭСТЕЙЛИ

Эрте туруп, эшиктерди ачып коюп,
Эрмек кылып, эстегенди жазып коюп.
Эркелетип жетелеп неберени,
Эңсөөлөрдүн толкунун басып коюп...

Бүгүн бар бул өмүрдө, эртең жокпуз,
Эл жер үчүн, анча эмгек кылган жокпуз.
Кийим бүтүн, курсак ток болгон үчүн,
Эртеңкини көп эске алган жокпуз.

Ушул өмүр, тирүүлүк бир, күн кетээр..?
Жакшы иш кылсак, жакшылар бизди эстээр.
Азырынча, кудайга шүгүр, – дейли,
Өмүр барда, тирүүлүк баркын сезээр.

## БАКЫТ ТАПТЫМ

Жолуксак, мынчалыкты айталбасмын,
Бүгүн мен тилегимди ырга жаздым.
Балалык, силер менен жашайт белем,
Бар үчүн бир өзүңөр, дайым жашмын.

Өзүнчө бакыт белем, улгаюуда,
Өзгөртүп, өңү-түзүн гүл каруудa.
Өмүрдүн өзү бакыт экен чиркин,
Өмүрдө эмне жетсин бир болууга.

Толгонуп, көңүл толо, ырлар жаздым,
Толуктап, көөдөнүмө сүйүү жазын.
Турмушта байлык эмес, бийлик эмес,
Таланттын арты менен бакыт таптым!

Досторум бул өмүрдө бар болгула.
Доор сүрүп, жаштык менен бир болгула.
Кудайым өмүр берсин баарыбызга,
Классташ-курбуларым бар болгула!

## БИР ДҮРГҮТҮП КЕЛБЕЙЛИБИ?

Жүр кетебиз, досторум айлыбызга,
Бар го, – дейм жыргал, бакыт ошол жакта.
Басып жолун, чаңдатып өскөн жердин,
Балкыйлычы балалыкка ушул чакта.

«Бооралбаска» эс алып барбайлыбы?
Суусун, жыгып балыгын кармайлыбы?..
Атакемдин конушу ал жерде эле,
Бир аз күнгө ал жакта калбайлыбы?

Күлүктөрдү алкынтып минбейлиби,
Күргүштөгөн Нарынды кечпейлиби.
Улак тартып, удургуп Ботоаярдан
Учун улап, маселе чечпейлиби.

Керемет жер, кең Соң-көл барбайлыбы,
Булуттардан жамгырдай тамбайлыбы.
Абалкыдай ал чалкып жаткан чыгаар,
Ак балыгын тор салып кармайлыбы?

«Жылдыз» көлдөн жөргөмүш тербейлиби,
«Таш-Дөбөгө» жылкы айдап келбейлиби?
Сабаа бышып, саамалдан кере жутуп,
Сагынычты бир жазып келбейлиби?!

Коктуну өрдөп карагат тербейлиби,
Карагайдан тобурчак эңбейлиби.
Анкыган абасынан кере жутуп,
Ак чөлмөктүн кезегин бербейлиби.

Артта калды ал күндөр, кел, – дейлиби?
Тирүүлүктүн түйшүгүн жөндөйлүбү.
Ак топурак чаңына аралашып,
Айылды бир дүргүтүп келбейлиби?!

# ЫР БЕЛЕК

Жаңырган жаңы жыл менен,
Жаңырып менин ыр дүйнөм.
Ак кардай, аппак бак тилеп,
Жалпыңа жаңы ыр берем.

Асмандан карга кошулуп,
Аралаш жаасын жакшылык.
Жараткан бизге буюрсун,
Береке, байлык, токчулук.

Кут болуп жаны жылыбыз,
Кубансын кутман элибиз.
Кут даарып өссүн кулпунуп,
Кутмандуу кыргыз жерибиз!!!

# ПЕНДЕБИЗ

Жарыкчылык, жашоо күнүн тең көрүп,
Жаратқандын ырыскысын кем көрүп...
Жолду басып, жашоо улап келаткан,
Жөпжөнөкөй биз адамбыз, пендебиз.

Ашыгабыз, алды жакка күн санап,
Ал ансайын, алтын өмүр сыр салат.
Алыстайбыз улам ушул күндөрдөн,
Ал күндөрдү адашканда ким табат?

Бузулбастай ушул өмүр сезилип,
Бир четинен барат бирок, кетилип.
Байлык, бийлик, калбас сактап өмүрдү,
Бул өмүрдөн бир кетебиз, бир келип.

## ТАРКАБАСЫН

Эски достор эстен кетпейт, байкасам,
Эригемин, бир сырдашып кайтпасам.
Жоодурашып жолукканда силерге,
Жол тартамын балалыкка кайрадан.

Эх, досторум, бала кезде бир жүргөн.
Балалыктын бакыт доорун бир сүргөн.
Баарлашсам силер менен саамга,
Баштагыдай бала болот, жан-дүйнөм.

Кыялдарым ээ -жаа бербей элирип,
Балалыкка баштайт оюм берилип.
Биз чогулуп өткөндөрдү эстесек,
Көңүл толкуйт балалыкка жеңилип.

Эски достук – эзелки бир кыялдар,
Эч картайбас бизде тентек кыял бар.
Эч бөлүнбөй эсен-аман жүрөлү,
Таркабасын достуктан эч кумарлар!

# ЭМКИ КЕЗЕК БИЗДИКИ

Тереңден жалп, – деп шамдай үмүт өчүп,
Тескебей адилдикти аттап өтүп.
Тарыхын улуу элдин тастыктабай,
Тар заман баратасың кайда көчүп?..

Алданып, эл башкарттың канкорлорго,
Аянбай байлык бердиң жалкоолорго.
Алдынан ырыскысын тартып алып,
Астырдың кыргыз элин ойго-тоого.

Үйрүлүп үмүттөргө жар болбогон,
Үйүлгөн көйгөй турмуш жарга орногон.
Үшкүлүү турмуш болдуң калкым үчүн,
Үңкүрдөй үйү үстүндө бар болбогон.

Ажолор алдап элин качып кеткен.
Ашыкча байлык топтоп, басып кеткен.
Акмактар канкорлуктун канын ичип,
Асыл-жан өмүрлөрдү атып кеткен.

Өкүлдөр өздөрү үчүн мыйзам жазып,
Өзгөчө күн кечирип сайрандашып.
Өлсүнчү... шайлоо күнү келгенинде,
Өзгөрүлө түшөт ов, шыйпаңдашып.

Асмандагы айды алып берем дешет,
Айылыңа алтын үрөн себем дешет.
Атка минип алган соң, алдап элди,
Ант ургурлар, анан ким элең дешет?

Билемин, -деп, партиялар арбашышат,
Бийлик үчүн өлчүдөй кармашышат.
Билимине, жөндөмүнө карабастан,
Бир жыл өтпөй өкүмөт алмашылат!

Ажо сөрөй, кабак бүркөп, үңкүйөт,
Айтсаң кепти чыгып кет, – деп бир тиет.
Анын деле өзүндө эмес өз башы,
Алып койгон башка бирөө өңдөнөт..?

Аракетин кылып же бир эл бакпай,
Айткан элге убадалар ишке ашпай.
Ажо тандоо азап болуп биз үчүн,
Адат болуп баратабы адашмай?..

Ойгонолу, кыргызым ойлонолу.
Обу жокту болду эми, колдобойлу!
Оомат кетип калбасын башыбыздан,
Ойгонолу оо, калкым, ойгонолу?!

Отуз жыл мына ушулар сайраңдашты,
Эл байлыгын олжолоп, тайраңдашты.
Ойлонолу, ооз ачпай, болду, жетет,
Опурталдуу келечек болуп калды...

Эске келип эл-журтум ойлонолу,
Эскилерди бул жолу колдобойлу.
Эсириштти жакшы эле элди соруп,
Эми кезек биздики болду, болду!!

# КЛАССТАШ КЫЗДАРГА

Ойлор түнөп, таттуу кыялга,
Ойночубуз батып жыргалга.
Ошол кезди кантип сагынбайм,
Өзгөрүлдү өмүр бир кыйла.

Эх, чиркин ай, анда жанчу элек,
Кумарына оюндун биз канчу элек.
Бирге окуган курбал-кыздарга,
Сүйүү арнап, ырлар жазчу элек.

Бирге окуган, кыздар-классташ,
Бир карабай бизди кылактап...
Алып-учуп алтын кыялдар,
Кеткенсиңер бизден ыраактап.

Ошол кыздар, анда биз сүйгөн,
Кемпир болуп азыр өзгөргөн.
Учурашсаң кээде таанмбай:
«Көрдүм эле сени кай жерден?»

Баарыбызды мезгил өзгөрттү,
Толуктады..кээсин бөксөрттү..?
Анда түшкөн ар бир сүрөттөр,
Кечээгини бүгүнкүдөй көрсөттү.

Кызыл жагоо, аппак бантикчен,
Кыздар эле анда биз сүйгөн.
Неберени алып жетелеп,
Азыр алар маасы-кепиччен.

Балалыктан айтып учкай кеп,
Байкабапмын жүрөк сыздайт, – деп,
Өзүм эле келбей картайгым,
Келиндерди коём «кыздар»-, деп.

Кемпир, – десем чочубассынар,
Балким мага, кошуласыңар?
Досторумду биздин балдар, – дейм,
Демек, силер дале кызсынар!

Балалыкта бирге басканбыз,
Таттуу кыял, ойго батканбыз.
Кадырбекти тааный жүргүлө,
Карысак да, классташтарбыз.
Ташматовду тааный жүргүлө,
Түбөлүктүү классташтарбыз!

## КЛАССТАШ КЫЗДАРГА

Ойлор түнөп, таттуу кыялга,
Ойночубуз батып жыргалга.
Ошол кезди кантип сагынбайм,
Өзгөрүлдү өмүр бир кыйла.

Эх, чиркин ай, анда жанчу элек,
Кумарына оюндун биз канчу элек.
Бирге окуган курбал-кыздарга,
Сүйүү арнап, ырлар жазчу элек.

Бирге окуган, кыздар-класстаг,
Бир карабай бизди кылактап...
Алып-учуп алтын кыялдар,
Кеткенсиңер бизден ыраактап.

Ошол кыздар, анда биз сүйгөн,
Кемпир болуп азыр өзгөргөн.
Учурашсаң кээде таанбай:
«Көрдүм эле сени кай жерден?»

Баарыбызды мезгил өзгөрттү,
Толуктады..кээсин бөксөрттү..?
Анда түшкөн ар бир сүрөттөр,
Кечээгини бүгүнкүдөй көрсөттү.

Кызыл жагоо, аппак бантикчен,
Кыздар эле анда биз сүйгөн.
Неберени алып жетелеп,
Азыр алар маасы-кепиччен.

Балалыктан айтып учкай кеп,
Байкабапмын жүрөк сыздайт, – деп,
Өзүм эле келбей картайгым,
Келиндерди коём «кыздар»-, деп.

Кемпир, – десем чочубассынар,
Балким мага, кошуласыңар?
Досторумду биздин балдар, – дейм,
Демек, силер дале кызсынар!

Балалыкта бирге басканбыз,
Таттуу кыял, ойго батканбыз.
Кадырбекти тааный жүргүлө,
Карысак да, классташтарбыз.
Ташматовду тааный жүргүлө,
Түбөлүктүү классташтарбыз!

## ЖООКЕР ЫРЫ

Бабам Манас эл тынчтыгын күзөгөн,
Жоокер элбиз, кыйшайганды түзөгөн.
Кыл чокуда кызыл туудай желбиреп,
Кыйындыкта оттой жанып, күчөгөн!

К а й ы р м а:
Кагылып чекте жер үчүн,
Казатта – өмүр эл үчүн.
Каралдым, кыргыз-бир боорум,
Кан-жаным даяр сен үчүн!!!

Улак тартып, ат жалында ойногон,
Ууга аттанып, Ата -Журтту коргогон.
Урмат-сыйды улууларга тартуулап,
Улуулугун, ата салтын ойлогон.

Биз жоокери, кайрат-күчү элимдин,
Биримдиги ажырагыс жеримдин.
Бергенбиз ант, Ата -Журттун алдында
Бек сактоого алтын туурун элимдин!

## НАРЫН ЧЕК АРАЧЫЛАРЫ

Ак кар баскан Ала-Тоонун кырларын,
Алыс менден, сүйгөн селки, курбалым.
Арпа, Аксайда Мекен чегин кайтарып,
Артта калды, алтын жаштык жылдарым.

Мекен чеги карегимдей ыйык, – деп,
Максат, ойлор турчу дайым бийиктеп.
Жолдор басып, жоо жаракты түшүрбөй,
Чек араны кайтардык биз иликтеп.

Кар, бурганак, каптап туман алдыдан,
Катаал шартта, учур болбой тим калган.
Тоо арасы туман баскан кырлардан,
Толкуп жүрөк, жоокер ырын ырдагам.

Тууган жердин туусу көктө желбиреп,
Турмуш шаңы, толкуп жүрөк, элжиреп.
Тынчтыгы үчүн, Ата-Журтун элимдин
Сактайт жоокер чекти бекем белгилеп!

Ыйык милдет, улуу жолду жолдогон,
Бабам Манас элди терең ойлогон.
Тайлак баатыр тарых болгон элимде,
Ата Журтун эрдик менен коргогон!

## ЖЕҢЕЛЕР

Эстүүсүңөр, эч ким жоктой теңелээр,
Эптүүсүңөр ар бир иште женелер.
Агаларды алдап-соолоп башкарбай,
Азоолукту кайдан күткөн элеңер?..

Күйөө бала, кайнилерге жеңелер,
Уул-кызга урмат, сыйлуу энелер.
Кайындарга келин болуп кадырлуу,
Күйөөлөргө кыйын болгон немелер.

Өйдө сүйлөп коёсуңар : «Биз кыйын»,
Өзүңөр жок, чыны менен иш кыйын?
Агаларга азап болот силерсиз,
Тамекиге таппай калат бир тыйын..?

Агаларга алтын баштуу жар болуп,
Аяз болбой, жайда жарык таң болуп.
Урмат-сыйды улуу тутуп, салт сактап.
Жүргүлөчү женелерим, бар болуп!

## КАЙГЫРБАЙ ЖАША

Айланып булут аскасын,
Ала-Тоо башын кар басат.
Аярлап турбай мезгилиң,
Ай, жылдар кылым алмашат.
Атадан алтоо болсоң да,
Арбайын жандын ким тартат?

Өтөт күн турбай аярлап,
Өр жолун бизге даярдап.
Өзгөртүп жашоо-турмушту,
Өткөндү турат баяндап.
Энеден экөө болсоң да,
Эки үйдө бир от жагылбайт.

Тууралап башка салгандай,
Турмушта болот ар кандай.
Тагдырдын кай бир кырдаалын,
Танабыз кээде, жалгандай.
Табышмак, татаал жолдор көп,
Туманда сапар алгандай.

Тирүүлүк – жашоо төрүнүн,
Түшүнсөң, бакыт өмүрүң.
Түгөнгүр ушул турмушта,
Калтырба адам көңүлүн.
Ар убак жаша кайгырбай,
Акыры башта бир өлүм!

# ЖАРАТКАНДЫ СҮЙӨЛҮ

Өмүр берип, бул дүйнөгө жаратып,
Акыл берип, адамзатка жарашык.
Сезим берип, бүт жандуудан артыкча,
Жаша, – деди тукумуңду таратып...

Дүйнө берип, дүңгүрөтүп аябай,
Алгын, – деди ак-карасын карабай.
Бүт жер жүзүн, адам үчүн жаратып,
Тартуулады, азын-көбүн санабай.

Аябады жаратканым ал, – деди,
Адамзатым, акыл-эстүү кал, – деди,
Ушул өмүр башыңдагы чоң сыноо,
Акылыңа ар тарабын сал, – деди.

Ак-караны кошо берди өмүргө,
Назиктикти салып берди көңүлгө.
Тартуу кылып, табиятты жаратты,
Жашасын, – деп тирүүлүктүн төрүндө.

Жакын болуп жалгыз гана Аллага,
Жаратканың, тааны деди, бир гана.
Жүрөгүңдө бирге жашайт сен менен,
Жаша адам, кудай барын унутпа!?

Көрүп турат чындык менен жалганды,
Билип турат жыргал менен армандьі.
Карап турат төбөбүздө жараткан,
Тең салмактап, тескеп бүтүн ааламды.

Жалыналы, жаратканды сүйөлү,
Жашоо берген бир кудай, – деп билели!
Акыр бир күн алдындабыз Алланын
Адашпайлы асыл өмүр сүрөлү!

# ЧИРКИН ӨМҮР

Кызыгы бүтпөс таралып,
Кыялда чиркин саматып.
Кылчайып бир жол карабай,
Кыр ашып кетти балалык.

Жакшынын билбей учурун,
Жалындын сезбей ысыгын.
Жашапбыз сенде жашчылык,
Жашоонун сезбей кызыгын.

Баркыңды билбей балалык,
Бакытты кайдан самадык.
Баа жеткис өмүр сен барда,
Башканы неге кааладык.

Жаштыгың жалын-өрт белем,
Жашоодо жалгыз көч белең?
Жамгырдай өттүң себелеп,
Жазалбайм эч бир сөз менен.

Ооматын билбей кезинде,
Ойлонбой келип чечимге.
Он сегиз, жыйырма, жыйырма беш,
От болуп жанды сезимде.

Отуз жаш оттой кез, белен?
Ой-бойго койбос тез белең?
Ойт берип кетти билинбей,
Ойнотуп жалын-өрт менен.

Кырк жашың кырдын гүлүндөй,
Кыярат белең билинбей.
Кызыктуу далай күндөрүм,
Кыялда калды күлүңдөй.

Элүү жаш – эрдин ортону,
Экинин бирдей болжолу.
Эстетип өткөн күндөрүң,
Эңсетет экен ой-тоону.

Алтымыш аздан жакындап,
Арт жагың барат закымдап.
Ага да шүгүр аманбыз,
Ах, чиркин, өмүр асыл зат!

Айланып жаштык күлгүнгө,
Алданам куру үмүткө.
Кыялдын тартам желесин,
Картайгым келбей бир күнгө!

Арт жакта калсаң закымсың,
Анчалык неге бачымсың?
Адамга моюн сунбаган,
Ааламда жалгыз асылсың.

Адамга өмүр бир келет,
Аздектеп аны сүр демек.
Алтындай өмүр барында,
Аянбай ойноп, гүл демек.

Кыскарат өмүр узарбайт,
Кыярган гүлүң кызарбайт.
Кыскасы, өмүр ушундай,
Күн өтсө артка кылчайбайт.

## КЕЛ, ЖАНЫ ЖЫЛ!

Куттукташып, дос-туугандыр шаң болсун,
Кубанышып, улуу-кичүү бар болсун.
Кырманыбыз кызыл данга үйүлүп,
Жаңы жылым жакшылыкка жар болсун!

Кел, жаңы жыл, кел, жаңы жыл,
Аппак кардай ак сүйүүнү, адам затка ала кел.
Кел, жаңы жыл, кел, жаңы жыл,
Алтын нурдуу шоола чачып, жашообузга тама бер.

Кереметтин күүсү болуп шаңшыган,
Кең дүйнөнүн бакытындай балкыган.
Кел жаңы жыл, кыргызымдын төрүнө,
Комузумдун күүсү болуп таңшыган!

Кел, жаны жыл, керегелүү төрүмө,
Керемет бер, кең пейилдүү элиме.
Ала-Тоомду, аппак кардай аруулап,
Ырыскы бер, ар бир кыргыз үйүнө!

Бабалардын чачыласын чачып кел,
Баласызга бала берип, бакыт бер.
Бул өмүргө кереметиң тартуулап,
Бак-таалайдын бар эшигин ачып кел!!!

# ӨМҮРДҮ КАНТИП ЖЕКТЕЙМИН?

Ак өргөө үйдүн эрмеги,
Апамдын асыл-тентеги.
Алдынан тосуп чуркаган,
Атамдын элем эркеси.

Тебелеп шибер, тулаңын,
Тектирдин бойлоп булагын.
Тескейдин терчү ышкынын,
Табылбас кулун курагым.

Кайтарып жылкы төрүндөн,
Кой жайып кокту-өрүңдөн.
Кырлардан обон жанырткан,
Кездерим кетти, өмүрдөн.

Карагай, арча аралап,
Кызыгып терип карагат.
Калган кез жамгыр алдында,
Кезеги кетти сабалап.

Кунан-тай минип жарышып,
Куушуп, жорго салышып.
Кызыктуу өмүр сереси,
Кырдаалы кетти адашып.

Жылгаяк тээп жылмышып,
Жете албай өргө тырмышып.

## КЕЛ, ЖАНЫ ЖЫЛ!

Куттукташып, дос-туугандыр шаң болсун,
Кубанышып, улуу-кичүү бар болсун.
Кырманыбыз кызыл данга үйүлүп,
Жаңы жылым жакшылыкка жар болсун!

Кел, жаңы жыл, кел, жаңы жыл,
Аппак кардай ак сүйүүнү, адам затка ала кел.
Кел, жаңы жыл, кел, жаңы жыл,
Алтын нурдуу шоола чачып, жашообузга тама бер.

Кереметтин күүсү болуп шаңшыган,
Кең дүйнөнүн бакытындай балкыган.
Кел жаңы жыл, кыргызымдын төрүнө,
Комузумдун күүсү болуп таңшыган!

Кел, жаны жыл, керегелүү төрүмө,
Керемет бер, кең пейилдүү элиме.
Ала-Тоомду, аппак кардай аруулап,
Ырыскы бер, ар бир кыргыз үйүнө!

Бабалардын чачыласын чачып кел,
Баласызга бала берип, бакыт бер.
Бул өмүргө кереметиң тартуулап,
Бак-таалайдын бар эшигин ачып кел!!!

# ӨМҮРДҮ КАНТИП ЖЕКТЕЙМИН?

Ак өргөө үйдүн эрмеги,
Апамдын асыл-тентеги.
Алдынан тосуп чуркаган,
Атамдын элем эркеси.

Тебелеп шибер, тулаңын,
Тектирдин бойлоп булагын.
Тескейдин терчү ышкынын,
Табылбас кулун курагым.

Кайтарып жылкы төрүндөн,
Кой жайып кокту-өрүңдөн.
Кырлардан обон жанырткан,
Кездерим кетти, өмүрдөн.

Карагай, арча аралап,
Кызыгып терип карагат.
Калган кез жамгыр алдында,
Кезеги кетти сабалап.

Кунан-тай минип жарышып,
Куушуп, жорго салышып.
Кызыктуу өмүр сереси,
Кырдаалы кетти адашып.

Жылгаяк тээп жылмышып,
Жете албай өргө тырмышып.

Жамынган ак кар жер бети,
Жакшы эле кышың бир кызык!

Кластсаш, курбу, бирге өскөн,
Кадыры кетпес жүрөктөн.
Каралдым эжей-агайлар,
Караймын дайым сүрөттөн.

Оюндан канбас кумарым,
Ойноок кез, бала курагым.
Оодарып күнүн жаштыктын,
Ойт берип кайда узадың?

Кыз сүйүп, ырлар арнаган,
Кызыктуу күндөр кайда анан?
Кыр ашып кеткен белемсиң,
Кылчайбас болуп кайрадан.

Жыл өтүп, бир аз бой жетип,
Жаштык, – деп жаны ой жетип.
Жандаган учур селкини,
Жашындың кайда жылт этип?

Өткөндү дайым эстеймин,
Өзгөчө эстен кетпейсиң.
Өзүңдү сүйгөн эң алгач,
Өмүрдү кантип жектеймин?!

## ЖАШАГЫМ КЕЛЕТ!

Эргиген жаштык көнүлдүн,
Элүү жаш – бүрү өмүрдүн.
Эркелеп чуркап небере,
Эрмеги болсо үйүңдүн.
Чепендеп чуркап баладай,
Ченине жаштын карабай.
Чырым тал бойдон, жүргүм бар,
Чыксам да, жүзгө карыбай.
Аралап басчу жолдор көп,
Айтылчу далай ойлор көп.
Аман бир жүрсөк көрөөрбүз,
Алдыда дагы тойлор көп.
Уул-кыз алган жар менен,
Урмат сый, шайыр-шаң менен.
Узакка келет жашагым,
Узаса келбейт, жаш деген..?
Ден соолук, иште ийгилик,
Дүйнөдө тынчтык, биримдик.
Даң салып келет жашагым,
Даанышман болуп түбөлүк!

# КАЛГАНБЫ КАЙРАН ЖАШ КАРЫП

Бырышып чеке, жүз карып,
Былтыртан быйыл күч карып.
Билинбей кара чачымды
баратат аздан ак чалып.
Акырдан атым жем жебей,
Агай, – деп кыздар сен, – дебей...
Ары жок дымак алы жок,
Азоом да калды тердебей.
Кишенеп турчу токтобой,
Күлүгүм күндө оттобой.
Күттүргөн жанды сулууну,
Кыялдан барам жоктобой.
Алыстап, ал кез карааның,
Алганбы жылдар алаарын.
Айлыма келип карылык,
Аз-аздан койду талабын.
Күлмүңдөп турчу көз жанып,
Күлкүдөн турчу сөз кайып.
Кылыгы кымбат сулуулар,
Калганбы кайран жашты алып..?

Карчылдап муун, бут талып,
Каректен кыраан, күч калып,
Кыраңда жаштык көрүнбөйт,
Калганбы кайран жаш карып?..

## ЧЫНДЫКТЫ ЭЧ ТАНА АЛБАЙМ

Болгону чын, чындыкты эч таналбайм,
Болгон ишти болбоду, – деп чаналбайм.
Балким ушул, менин жаман жагымдыр,
Жалган ишти, жактап такыр баралбайм.

Кандай болсун, калп айтканды каалабайм,
Карап туруп, калпты такыр таанылбайм.
Жакшы жагым болсо керек бул менин,
Жаман иштин пайдасына карабайм.

Асылдарым -атам-энем, устатым,
Айткан мага алтын сөздүн нускасын.
Чынчылдыкка жаштайыман үйрөткөн,
Калп казаны кайнаса да, бышпасын.

Чын чырылдап, ийилсе да сынбасын,
Калп ылайдай, канча болсо тунбасын.
Калыс бол, – деп айткан атам акылын,
Кадыр-барктын жалганчыга жукпасын.

Чындыкты айтам, чырылдаймын күйөмүн,
Чындык бирөө, майышпасын билемин.
Көз көрүнөө калп айтканды көргөндө,
Көөдөн түтөп, күйүп кетет жүрөгүм!!

# ӨМҮР ӨТСӨ

Өмүр өтсө, туулган жер, туш[1] калаар,
Өксүгөн дүйнөнүн өзөгү, бүт калаар,
Алаарсың Ата-Журт, койнуңа кулунуң,
Талпынып туурунда, тапталган куш калаар.
Ким билсин буйрукту, акыры бир күнү,
Алтын баш турпагың жазданаар..?

Тоо калаар, ой калаар, кыранда кыр калаар,
Томсоруп, жазылбай бүтпөгөн ыр калаар.
Акындан айрылып, армандуу муңканган,
Тал-терек кайгылуу үн коштоп, ыргалаар.
Талаалар шамалсыз, тунжурап үн катпай,
Токой, суу азалуу толкушаар, «ыйлашаар».

Көйкөлүп көгөргөн, көк ирим көл калаар,
Көк майсан, көк жашыл, керемет, төр калаар.
Көөдөнгө батпаган, кусалык тыйылып,
Көрүнбөй сагыныч, санаалар жөн калаар.
Ошондо мен жазып бүтпөгөн ырларым,
Бир укмуш муң коштоп, кайгылуу муңканаар..?

Өмүрдө жалындап, өрт болуп күйөөрбүз,
Чок болуп кызарып, түгөнүп түтөөрбүз.
Түйшүгүң оо, турмуш, түгөнөөр бир күнү,
Жылт этип жылдыздай, жашоодон өчөөрбүз.
Өзөнгө бир тамган туптунук тамчыдай,
Өмүрдөн билинбей, биз агып кетээрбиз...

---

[1] *Туш* – мезгил деген мааниде

## БАЛАЛЫКТЫН АСМАНЫ

Асманында балалыктын туптунук,
Ай баратат батыш жакка жай жылып.
Биз жоготкон, өткөн жаштык күндөрдөй,
Бүгүнкү күн, келбес эртең кайрылып.

Байкабастан өмүр өтүп жатканын,
Баалабастан өткөн күндүн арт жагын.
Өткөрүппүз өмүр деген учурдун
өрттөн ысык, жалындаган жаш чагын!

Шаңдуу эле, анда куштун үндөрү,
Шайыр эле, курбулардын күлгөнү.
Бар көңүлдүн баарын алып багынтып,
Башкарчу элең, баёо кыял дүйнөмдү.

Ким билиптир, күндүн өтүп жатканын,
Кызык дүйнө бир жоголсо кайтпасын.
Мезгил чиркин, өз өкүмүн токтотпой,
Мерчеминен эч убакта кайтпасын.

Бир сен калып, өткөн жаштык күнүмдөн,
Азыр ойлоп, өткөндөрдүн көбүн мен.
Асманында балалыктын Ай калкыйт,
Ал жаштыкты таппай турам өңүмдөн!

## ӨМҮР ӨТСӨ

Өмүр өтсө, туулган жер, туш[1] калаар,
Өксүгөн дүйнөнүн өзөгү, бүт калаар,
Алаарсың Ата-Журт, койнуңа кулунуң,
Талпынып туурунда, тапталган куш калаар.
Ким билсин буйрукту, акыры бир күнү,
Алтын баш турпагың жазданаар..?

Тоо калаар, ой калаар, кыранда кыр калаар,
Томсоруп, жазылбай бүтпөгөн ыр калаар.
Акындан айрылып, армандуу муңканган,
Тал-терек кайгылуу үн коштоп, ыргалаар.
Талаалар шамалсыз, тунжурап үн катпай,
Токой, суу азалуу толкушаар, «ыйлашаар».

Көйкөлүп көгөргөн, көк ирим көл калаар,
Көк майсан, көк жашыл, керемет, төр калаар.
Көөдөнгө батпаган, кусалык тыйылып,
Көрүнбөй сагыныч, санаалар жөн калаар.
Ошондо мен жазып бүтпөгөн ырларым,
Бир укмуш муң коштоп, кайгылуу муңканаар..?

Өмүрдө жалындап, өрт болуп күйөөрбүз,
Чок болуп кызарып, түгөнүп түтөөрбүз.
Түйшүгүң оо, турмуш, түгөнөөр бир күнү,
Жылт этип жылдыздай, жашоодон өчөөрбүз.
Өзөнгө бир тамган туптунук тамчыдай,
Өмүрдөн билинбей, биз агып кетээрбиз...

---

[1] *Туш* – мезгил деген мааниде

## БАЛАЛЫКТЫН АСМАНЫ

Асманында балалыктын туптунук,
Ай баратат батыш жакка жай жылып.
Биз жоготкон, өткөн жаштык күндөрдөй,
Бүгүнкү күн, келбес эртең кайрылып.

Байкабастан өмүр өтүп жатканын,
Баалабастан өткөн күндүн арт жагын.
Өткөрүппүз өмүр деген учурдун
өрттөн ысык, жалындаган жаш чагын!

Шаңдуу эле, анда куштун үндөрү,
Шайыр эле, курбулардын күлгөнү.
Бар көңүлдүн баарын алып багынтып,
Башкарчу элең, баёо кыял дүйнөмдү.

Ким билиптир, күндүн өтүп жатканын,
Кызык дүйнө бир жоголсо кайтпасын.
Мезгил чиркин, өз өкүмүн токтотпой,
Мерчеминен эч убакта кайтпасын.

Бир сен калып, өткөн жаштык күнүмдөн,
Азыр ойлоп, өткөндөрдүн көбүн мен.
Асманында балалыктын Ай калкыйт,
Ал жаштыкты таппай турам өңүмдөн!

## ОО, ТУРМУШ!

Оо, турмуш! Тузуң таттым, балың таттым,
Азабың чектим, далай кырың аштым.
Айрылып ата-энемден, бир туугандан,
Аза күтүп, армандуу кайгы тарттым.

Курбу күттүм, кубандым, кабак ачтым,
Калпыс басып кай бирде, кайгы тарттым.
Кызык дүйнө – махабат дүйнөсүндө,
Кыйырынан сүйүүнүн бакыт таптым!

Жүз торолуп, өзүңдө жүз жоголдум,
Жүз бөксөрүп, жүз ирет кайра толдум.
Жашоо менен күрөшүү токтогон жок,
Жазда гүлдөп, аязга кышта тоңдум.

Тушунда бир кайгырдым, бир каткырдым,
Тууралап, жаш өмүрдү бүт шат кылдың.
Тагдырым ырыскыңа ыраазымын,
Талант берип, аз-аздан ыр жаздырдың.

Бакыт күткөн жолумдан, бакыт бердиң,
Барчылыкта жаша, – деп, байлык бердиң.
Бар сураарым өзүңдөн мындан ары,
Бар кылагөр, жашоонун келечегин!?

## ЖАШОО УЛАНАТ...

Билинбей өтүп кырдаалы,
Алтындай өмүр жылдары.
Айга окшоп батып бараткан,
Азгансыйт жаштын ыраңы.
Бир кетсе кайра кайрылгыс,
Бүгүндүн эртең убагы.

Жаңырар өмүр күн өтсө,
Токтобос бирок, мүнөткө.
Тоолор да карыйт байкасаң,
Токтобос кылым, жыл өтсө...
Жашоо-тирдик кыйындайт,
Жер байлыгын түгөтсө?!.

Жакшы-жаман бейнебиз,
Адамбыз, асыл пендебиз.
Ааламды жарып өтсөк да,
Алланын кулу элебиз.
Жараткан берген жашоодон,
Билинбей бир күн кетебиз.

Биз жок да жашоо уланат...
Билинбей дүйнө куралат.
Жер огунда айланып,
Ай-аалам көчпөй туралат!
Ал кезде мүмкүн, адамдар
Галактик гүлүн сугарат?!

Ушундай дүйнө жаралган,
Тамырлап-өсүп таралган.
Жандуунун баары тирдикте,
Суу ичип, абаа дем алган.
Тирүүлүк белем түбөлүк,
Бардыгы текши каралган!

## СҮРӨТТӨР

Сүрөттөр, саргыч тартып, өңдөн азган...
«Сүйлөшөт, баян куруп» өткөн чактан.
Өндөрү түрлүү түстө болбосо да,
Миң түстүү, балалыктын сырын каткан.

Сүрөттөр, сүрөттөрүм жаш кездеги,
Картайбас караандардын элестери.
Сүйлөшүп силер менен, кайра баштан,
Жактырам, жаштыгыма кез келгенди.

Сүрөттө калды жаштык жапжаш бойдон,
Суйсалган сулуулуктар, мотурайган.
Сүрөттө эле адамдын жашы токтоп,
Өмүрлөр калат экен ошол бойдон?!

## БЕШИК ТОЙГО АК ТИЛЕК

Кыз төрөлдү, мына бүгүн өмүргө,
Көптөн күткөн тилек эле көңүлдө.
Сүйүнүчкө, мен да болуп ортоктош,
Кубанычтын олтурамын төрүндө!

Жетине албай, бир башкача кубанып,
Сырын айтат, жашырбастан чыгарып.
Ой-тилегим, кыздуу болсом, – деп жүргөн,
Орундалып, жатамын, – дейт кубанып.

Кубанычтар, сүйүнүчтөр, кут болсун,
Бешик боосу, кызыңардын бек болсун.
Оорубастан ойноп-күлүп, чоңоюп,
Кыргыз элим, сыймыктанаар, кыз болсун.

Күндөй жайнап, келечеги нурдансын,
Ажарынан ай нурундай, нур тамсын.
Аруу жанга ак кайыңдай буралган,
Эркелетип эне-атасы кубансын!

## БАКЫТ ТАПТЫМ

Алтыным, татына кыз, садагасы,
Алдыртан карек таштап карабачы?
Ансыз да махабаттан зарлап жүргөн,
Аялуу жүрөгүмдү кыйнабачы?

Секетим, неден бүткөн асыл жансың,
Сезимди бийлеп алды көз карашың.
Өзүңдөн өзгөлөрдөн бир башкача,
Сүйүүнүн кереметтүү күүсүн таптым!

Бизди бөлгөн мезгилге не демексин?..
Мен сага жашым менен тең эмесмин.
Өзүңдү өмүр бою ырдайм эми,
Таарынар тагдырыма мен эмесмин.

Каралдым, карегинен оту жанган,
Күнөө менде капыстан сүйүп калган.
Кыйнаган сүйүү жайын не кылмакмын,
Барбы жан бул сүйүүдө берер жардам?

Көзүңдөн көрүп нурун махабаттын,
Көңүлдүн көксөө деген сырын ачтым.
Ырахмат сен төрөлгөн бул дүйнөгө,
Өзүңдөн сүйүү, – деген бакыт таптым!

## КЫЗ УЗАТУУ

Эркелетип бактык элек экөөлөп,
Мен көтөрүп, сен колунан жетелеп.
Мына бүгүн эрке кызым бой жетип,
Учкан турат уясынан көкөлөп!

Сүйүүнөрдү, күйүүнөрдү биле албай,
Араң турат көзүмдөн жаш тамчыдай.
Бой жеткенде бүлө болуу бирөөгө,
Кыз баланын тагдыры экен ушундай.

Сүйүнүчтөн эт-жүрөгү тилинген...
Багың тилеп, бата берем дилимден!
Асыл кызым этегинден жалгасын,
Жакшы бүлө болгун элге билинген.

Барган жерден таалайлуу бол берекем,
Айырбасын жаратканым теңинден.
Кайын журтуң кадырлаган келин бол,
Кайненесин тартып устат делинген!

# УЛУУ КҮЧ

Жаз келет, жашарып бак-дарак бүр байлап,
Жай келет, жер бети түркүн түз гүл жайнап.
Күз келет, гүл соолуп, жалбырак күбүлөт,
Кыш келет кычырап, жер ак кар жамынат.

Ар мезгил өзүнчө, өзгөчө керемет,
Сыры көп сыйкырлуу биз али биле элек.
Күн жылат күлүңдөп, жол улап батышка,
Күн батса Ай чыгат аппак нур себелеп..

Алмашып ай айга, жылышып жыл кетет...
Өзгөрүп турмушуң, өмүргө кеч кирет.
Өткөндүн баарына жараткан сен күбө,
Башкарар бардыгын улуу күч, сен демек!

## АКЫН ЖҮРӨК

Акын чыкса алтымышка талыбайт,
Ырлар жазат махабаты тарыбайт.
Айтаар сөзү дайым даяр ырында,
Акындар да жүрөк эч бир карыбайт!

Жаш кезинде жазалбаган ырларын,
Жаштык кылып айталбаган сырларын.
Жазат экен алтымыштан ашканда,
Жалындаган махабаттын ырларын.

Жыйырмасында жыргап өткөн күндөрүн,
Отузунда ойногонун-күлгөнүн.
Кыркка келип, кызык өмүр кечирип,
Элүүсүндө эргип өмүр сүргөнүн.

Алтымышта акында алтын сөз болот,
Алп ойлордун казынасы топтолот.
Келишимдүү кыз-келинден кыя өтпөй,
Акын жүрөк эч картайбас, шок болот!

## ЖАШАСА ДЕЙМ

Гүл соолубай, мезгил токтоп жаз бойдон,
Адам жашы калса дайым жаш бойдон!
Наристенин күлкүсүндөй аруулук,
Каптап турса жердин жүзүн бүт бойдон!

Тоо-токойлор күндө турса жаңырып,
Өзөн, суулар, мүрөк болуп агылып.
Аруулуктун арасында биз жашап,
Болбосо эч көңүл калуу, таарыныч.

Кубулжуган булбул үнү угулуп,
Жер-Энебиз кымкап кийип кубулуп!
Адам пейли Ай нурунан ак болуп,
Ааламды бүт каптап турса сулуулук.

Түбөлүктүү болуп адам өмүрү,
Калбаса эч бул жашоодон көңүлү.
Карылыкты каалагандар алышса,
Кайра экинчи болсо адамда төрөлүү.

Дүйнөң түгөл, талашаарың сый болуп,
Дос, душман жок, ой-тилектер бир болуп.
Жарыкчылык бул өмүрдө адамзат,
Жашаса дейм, бир кудайга кул болуп!?

## НЕБЕРЕМДИН СУРООСУ

Неберем атакелеп, кайталап суроо берет,
Кар жаады, Аяз ата кана эми, качан келет?
Коолдодум балатыны, карасам көрүнбөйт да,
Камдаган белектерин, ал мага качан берет?.

Карды да Аяз ата асмандан түшүрдүбү?
Токойдо балатыны тоңдуруп үшүттүбү?
Муз кылып аккан сууну, муздатып бардык жерди,
Ким тартты терезеге, кар менен сүрөттөрдү?

Ооба кызым, карды жерге Аяз ата жаадырды,
Муз тоңдурду, ойносун, – деп чана тээп балдарды.
Силер үчүн сүрөт тартып, терезени түрлөдү,
Жакында эми өзү келет, акка бөлөп таңдарды!

# ЖАШООНУН БАКЫТЫ

Ата-энең, туугандарың,
Уул-кызың, алган жарың.
Кубанып, күлүп турса,
Досторуң, жакындарың.
Өмүрдө ошол бакыт,
Күлкүсү адамдардын!

Ата-Журт, Мекен үчүн,
Аткараар болсо ишиң.
Өтөсөң өмүрүңдү,
Көтөрүп Мекен жүгүн.
Өлүүнүн өзү бакыт,
Кан төгүп Мекен үчүн!

Жер бети гүлгө жайнап,
Торгою көктө сайрап...
Толукшуп тоо-токою,
Жашаса элиң жыргап!
Жашоонун өзү бакыт,
Жаштыктын ырын ырдап.

Балдарың урмат кылса,
Алганын сүйүп турса.
Баркыңды баалай билип,
Сыйлашып, чайын сунса.
Баарынан ошол бакыт,
Неберең күлүп турса.

Бакытты баалай билип,
Бар-жоктун баркын сезип.
Өтөсөң өмүрүңдү,
Жакшы жар, бүлө күтүп!
Жашоонун бактысы ошол,
Жашасаң оттой күйүп!

## АРТЫ АРМАН...

Артта калган, айлар, жылдар, күн жалган...
Ай, жылдызы жанып турган түн жалган.
Акыр бир күн жайдакталаар тагдырлар,
Аттиң арман, өмүр бизден уурдалган!

Жал-жал карап жалооруган, көз жалган,
Жаштык жалган, сүйөм, – деген сөз жалган.
Жандүйнөңдү кызыгына кандырбас,
Жашоо жалган, бул өмүрүң бүт – жалган.

Көктөн бизге тийип турган күн жалган,
Көркүн чачып, өсүп турган гүл жалган.
Келет бир күн, бул дүйнөнүн чындыгы,
Кезеги анын жалган дүйнө, арты арман..?

# КЕЧИКПЕЙЛИ

Жашап келем, сыртка сырым чыгарбай,
Билгизбестен бир бактылуу адамдай.
Өмүр короп, өтүп жатат, а, бирок,
Сенден күткөн чын сүйүүгө жете албай?..

Өксүтпөчү, өмүрдү сен кор кылып,
Өткөн өмүр келбес кайра, кайрылып.
Тагдырды биз, талдагыча өмүрдүн,
Турбасы чын бизди күтүп, жай жылып?!

Бакыт үчүн бул өмүрдө чын себеп,
Сүйүү керек, сүйүүгө зор сый керек.
Өткөнү ошол өмүрүндүн бекерге,
Учурунда сүйүү баркын билбесек.

Аз өмүрдү ардактайлы андыктан,
Ансыз деле алыстадык жаштыктан.
Алдыбызда канча өмүр бар ким билет,
Кечикпейли, келген башка бакыттан!?

# ЖАШОО – САПАР

Келише албай өйдө-төмөн тартышып,
Кепке келбей, жаман-жакшы айтышып,
Көп күнөөнү коюп бөлөк, биреөгө,
Жүргөндөр бар, жөн жеринен чарпышып?!

Жашоо – сапар, турмуш чыны – араба,
Жолу татаал, чиркин ушул замана!?
Убактылуу жүргүнчүбүз адамдар,
Өмүр – сыноо, ага салкын караба!

Өмүр – сапар, өлчөм менен ченелүү,
Өкүнгөндө болбос кайра төрөлүү!
Катыш кылбай кайгы-муңду көңүлгө,
Тирүүлүктө барктуу өмүр сүрөлү!

# МЕН КИММИН?

Мен киммин? Мен бир пенде, башында бар бактысы,
Балдарымдын атасымын, үй-бүлөмдүн башчысы.
Элим үчүн мен дарыгер, ден соолукту сактаган,
Жерим үчүн мен жоокермин, Мекенимдин сакчысы!

Сен ким дебе, мен жөнөкөй кыргыздын бир жараны,
Жаштайыман сүйөм акты, жактырбаймын караны.
Аздыр-көптүр ыр жазамын, ага талант-шыгым бар,
Жакшы, көркөм жаза билүү, бул мезгилдин талабы.

Тулпар минсем чабандесмин, күлүк минсем саяпкер,
Таш боорлорго мен катаалмын, боорукерге жароокер.
Жараткандын кулу болом, буйругуна баш ийер,
Жакшы адамдын досу болом, бир боорундай боорукер.

Ак калпакчан кыргыздардын арасында биримин,
Кичүүлөргө ага болом, улууларга урмат кылар инимин.
Ой-кыялдын чабытында жашаган мен акынмын,
Махабаттын сыры болом, жарчысымын сүйүүнүн!

Жараткандын жарлыгына башымды ийер пендемин,
Жашоо жүгүн аркалоого жарыктыкка келгемин.
Жакшы-жаман экенимди көргөн-билген айтышаар..?
Жакшы сөздүн кезегин мен акылдарга бергемин!

## ЖАКШЫ ИШИБИЗ БОЛБОСО

Көптүн бири болуп басып жүргөнчө,
Көрүш керек аракетти өлгөнчө.
Өтсө өмүр бул дүйнөдө не калат?
Биз көмүлгөн боз топурак, бир дөңсөө.

Жашадым, – деп бекер өмүр сүргөнчө,
Жазаш керек, жакшы ишти өлгөнчө.
Биз өлгөндө артыбызда не калат?
Биз коюлган боз топурак, бир мүрзө.

Бир күн келет.. өлүм чындык акыры,
Кары, жаш, – деп, ал санабайт жашынды.
Жашоо бүтсө ала кетип жаманын,
Калтыралы бул дүйнөгө жакшыны.

Жан бөлүнүп, жер алдында жатаарбыз..?
Жакшы болсок, эсинде элдин калаарбыз!
Эл эскерээр жакшы ишибиз болбосо,
Жок болоорбуз урпактарга кабарсыз!?

## КОЛДООЧУБУЗ – ЖАРАТКАН

Өмүр, – деген бул дүйнөгө төрөлүү,
Жашоо, – деген тирүүлүктүн эрөөлү.
Тагдыр, – деген маңдайыңа жазылган,
Жаратkандын бизге берген белеги!

Сүйүү бакыт, сезимдердин асылы,
Акылдуу адам жараткандын жакыны.
Жаштык – майрам, жашообузга бир келчү,
Карылыктын келээри чын акыры.

Достук, – деген, жан-дүйнөңдө бир болуу,
Мезгил ченем, өмүр жаштын болжолу.
Байлык, бийлик бар болгону азгырык,
Бир жараткан адамзаттын колдоору.

Ой – аргымак, чарчай турган түрү жок,
Үмүт – закым, учу-кыйры, чеги жок.
Максатыңдын колдоочусу ишенич,
Марасына жетээрине шеги жок.

Ченем чектүү, түбөлүктүү нерсе жок,
Күнү бүтөт, өмүр дагы токтолот.
Байлык, бийлик, тапкан, жыйган дүйнөңдүн,
Баасы ошондо бир тыйынча жок болот.
Баардыгы бүт бир кудайдын колунда,
Кудай деген кулдун көөнү ток болот.

# БАЛАЛЫККА КЕЛЕТ ЖОЛУККУМ

Калтырбай кайгынын элестерин,
Карааныңа кабылгым келет менин.
Өзгөртүп өмүрүмдү кайра баштан,
Өзүңдө калгым келет, жаштык сенин.

Кыялымдын кемесин айдап алып,
Баа жеткис балалыкка кайра барып.
Секелек кызга келет тартуулагым,
Байчечек гүлүн терип, арнап алып.

Балалыктын мезгилин кайра кайрып,
Оюнчук машинемди айдап алып.
Бакчада жүргүм келет сени менен,
Быйтыйган колдоруңду кармап алып.

Гүл бакчасын аралап мектебимдин,
Акмалап үйгө кайтчу жолуң сенин.
Окуучусу болгум келет ак көйнөкчөн,
Алтындай агайлардын, эжелердин.

Кыялкеч (бир) кыялда жигит болуп,
Калган сага капыстан ашык болуп.
Түбүндө терезеңдин тургум келет,
Түнү бою сүйүү ырын ырдап коюп.

Өмүрдү ыраа көрбөй карылыкка,
Жолуккум келет менин балалыкка!
Жоготкум келбей турат жаштыгымды,
Жок дебей, бир айла тап, тагдыр буга!

## БАЙДЫЛДА МЕНЕН БААРЛАШУУ

*(жанытма)*

Байдылда анык акындыр,
Жалпыга ыры жакындыр.
Көйнөккө болуп көп ашык,
Көөдөндө сырын ачыптыр,
Көйнөктү минтип жазыптыр.

Ак көйнөк, кызыл көйнөк, жашыл көйнөк,
Баардыгы махабатка жакын көйнөк.
Баардыгы кир чалбаган, асыл көйнөк,
Жүрөктү чытыраткан сүйүүм менен,
Жакасын жыттасам, – дейм жаным дегдеп.

Байдылда акын айткандай,
Башында элим уккандай.
Баа берип элим койгула,
Башымда менин иш кандай,
Баштайын анда, иш мындай.

Ак көйнөк. кызыл көйнөк, жашыл көйнөк,
Көрсөм, – деп көйнөкчөндү жаным дегдеп.
Көрө албай көчөлөрдөн таппайм, издеп,
Байдыке, баарын жыйнап кеттиң беле?
Көп кыздар көйнөгү жок, шымчан жүрөт!

Көйнөктөр ордуңарды шымдар басып,
Көчөдө көйнөк кийген, кыз азайып.
Шымдар да сулууларга куп жарашып,
Жашынбай көйнөктөрдүн этегине,
Буралган буттар жүрөт, багы ачылып.

Көк шымдар, кара шымдар, жашыл шымдар,
Баарыңар махабатка жакынсыңар.
Кийишсе сулуу кыздар асылсыңар,
Кыналып, кымча белди кысып алып,
Кызганып жигиттерден турасыңар.

Сулуулар шым кийишип буралышып,
Шымдары денесине кыналышып.
Жигиттер жакшы көрүп, кубанышып,
Көчөдө көйнөксүздөр бара жатса,
Улуулар жерди карайт, уялышып.

Кыргызымдын кыздары сулуусуңар,
Көйнөктөрдүн көркөмүн унуттуңар?!
Көйнөктөн балким, шымдар жылуу чыгаар?..
Жашырып арык санды, ийри бутту,
Шымды да кийсе жакшы, жарашчулар.

Ак көйнөк, кызыл көйнөк, жашыл көйнөк,
Жыттаган жакасынан жаны дегдеп.
Баардыгы Байдыкеге жакын көйнөк,
Көйнөктөр болбогондо көркөмдүү, кооз,
Байдикең шымчан кызды кантип сүймөк!

Көйнөктүн баркын азыр кимдер билет?
Көйкөлтүп, кийип жүргөн жарлар билет.
Көйнөкчөн кызды сүйгөн жандар билет,
Шым кийүү, кыз балага уят, -десем,
Жомокту айтпаңыз, – деп балдар күлөт!

Көйнөктүн, шымдын дагы көркү кетет,
Убагы келсе койгон мезгил ченеп.
Кийилбей, кирдеп бир күн эскиришет,
Ыймандан кудай куру калтырбасын,
Абийирди көйнөк-шымга койбо тенеп!?

## ЖАКШЫНЫ ЖАРАТА БИЛ, МЫНА БҮГҮН

Ким билет өмүр барда, өмүр баркын,
Келбесин бир кылчайып карап артын..?
Сезилбей учурунда баркы, баасы,
Секунд сайын кемип ал баратканын?..

Ким билет жаштык баркын, жаштык барда,
Кийимдей жаңы кийген, жаркып турса.
Бүгүнкү жандап жүргөн жаш күндөрдүн
Билинбей айланаарын закымдарга.

Ким билет сүйүү барда, сүйүү баркын,
Сүйүү дайра, сүйүү толкун, сүйүү ташкын.
Картайбас, ыйык сезим, бул махабат,
Сүйгөндүн ылгабаган кары-жашын.

Өткөрсөң өмүрүңдү байкабастан,
Өзгөрүп, артка кайра кайтпасы чын.
Эп болоор, эстүү ойноп-күлгөнүбүз,
Учурун баалай билип, ар бир жаштын!

Бекем сактап, түйүп ал көңүлүңө,
Аныктыгын кеч кирээри өмүрүңө.
Андыктан, өтүш керек өмүрдөн да,
Татыктуу из калтырып бул дүйнөгө!

## ӨТКӨНҮҢ КЕЛБЕС

Тагдырды болоор уурдасаң,
Тарыхты уурдай албассың!?
Таалайга болоор таарынсаң,
Тарыхың кантип танмаксың.

Өзгөртүп болбос өмүрдү,
Өткөнүң келбес кайрылып.
Өзөнүн жаштык кезиңдин,
Өтөөрсүң эңсеп, сагынып?

Жалбырак эмес жаштыгың,
Жазында жаңы ачылаар.
Жазуудай эмес бул өмүр,
Жаңырып кайра жазылаар.

Бир келет тура учуру,
Билсин, – деп адам ушуну.
Бир өткөн мезгил кайрылбас,
Билинбей өтүп кызыгы.

Кылчайып артка карасаң,
Кыялың кетээр өзгөрүп.
Кызыгын ушул өмүрдүн,
Койгонго бекер өткөрүп.

Артына кайра ким баскан,
Амалын анын ким тапкан?
Армансыз адам бар бекен,
Адашпай жолун түз тапкан!?

## ЭРКЕТАЙЫМ

Неберем – каражаным,
Тентегим, сагынарым.
Өзүңдөн көрүп турам,
Өзүмдүн бала чагым.
Өпмөйүн тура албаймын,
Өзгөчө баласаакмын.
Айлансын атаң сенден,
Аман бол, айланайын.

Учугум улаарымсың,
Чачыгым жыярымсың.
Ардайым атакелеп,
Алдымдан чыгаарымсың.
Жүгүмдү колдон алып,
Урмат-сый кыларымсың.
Өмүрдүн өр жолунда,
Өзүңсүң кубанычым!

Эркелээр эрмегимсиң,
Эселек тентегимсиң.
Эзилип сагынамын,
Эсимден эч кетпейсиң.
Жар болуп жакшылыка,
Бар болчу бактыбызга.
Бакыттын кушу консун,
Бакчалуу айлыбызга.

Бакчамдын түрү сенсиң,
Бактымдын гүлү сенсин.
Башкарчу бар дүйнөмдү
Паашасы үйдүн сенсин.
Жаркыган күнүм, айым,
Жанымда болчу дайым.
Батасы тийип элдин,
Бактылуу бол ылайым!

# ТАЙ КҮЛҮГҮМ

Кас-кас балам турагой,
Тай-тайлайын жүрөгой.
Көтөрөйүн чарчасан,
Кучагыма келегой.
Кадамыңды аярла,
Жыгыласың абайла.
Тайдай күлүк болоорсуң,
Жашың толсо буюрса.

Атакелеп талпынып,
Алдым тосуп кол сунуп.
Кубантасың адамды,
Кыялымды толкутуп.
Бакчасында сүйүүнүн,
Байлап турган бүчүрүм.
Келечегиң кең болсун,
Таттуу кыял, үмүтүм.

Кичинекей бөбөгүм,
Өмүрдү өйдө жөлөөрүм.
Өсө бергин чоңойуп,
Күндө чыгып өнөрүң.
Күлкү төгүп үйүмө,
Күлүп турчу күнүгө.
Күбө болуп бакытка,
Гүлгө оронсун бул дүйнө!

## БИЗ АЛ КЕЗДЕ

Жапжаш элек, биз ал кезде, жаш элек,
Жашыл гүлдөй, мөл булактай, таза элек.
Жаркын эле келечекке жолубуз,
Таштак жолдон таманыбыз баса элек.

Жаркып аткан, жайлоонун ак таңы элек.
Жаңырыгы, жаш өмүрдүн шаңы элек.
Жайдар болчу анда биздин көңүлдөр,
Кусалыктын, бир тамчысы тама элек.

Кырандагы кызыл гүлдүн ачылган,
Кыяраарын билдик анда, биз кайдан?
Эске албапбыз, өзгөрөрүн өмүрдүн,
Өмүр көчүп, жаштык деген айылдан.

Балдарыбыз болуп азыр ата эне,
Билинбей биз картайыпбыз бат эле...
Бактылуубуз анткен менен экөөбүз,
Мен чоң ата, ал сен болдуң чоң эне!

# КУДА ТОСУУ

Кудалар куш келгиле сүйүнүчкө,
Үлпөт той бүгүн биздин үйүбүздө.
Жайылды ак дасторкон жакшылыкка,
Куттуу өргөө, өткүлө төрүбүзгө!

Буюрду жаратkандан нике кайып,
Баш кошкон эки жашка тилейм бакыт.
Ак никенин ак жолу ачык болсун,
Асыл ой, ак тилектер орундалып.

Ыйык салты байыркы бабалардын,
Башты ийип, бата сурайм кудаларым.
Кыргызда кыз бергендин жолу улук,
Жакшылыкты жалгасын жаратканым!

Эки жаш бизге бирдей бүлө болсун,
Куда-сөөк бактысына күбө болсун!
Кубантып неберелер баарыбызды,
Куттуу үй кубанычтуу шаңга толсун!

# ЖАКШЫ КӨРӨМ ЖАШООНУ

Түмөндөп түйшүгүңдү тарткан менен,
Кайдадыр өмүр сапар шашкан менен.
Кантсе да тирүүлүккө эмне жетсин,
Баары бир жашоо сени жакшы көрөм.

Жүгү оор, болгон менен жолу татаал,
Мен эмес түйшүгүңдөн безип качаар!
Жакшылык, убараңды тартсам экен,
Ал үчүн жаратканга мен карыздар.

Көз ачып күндө жарык таңды көрсөң,
Жарыктык кандай сүйкүм, кандай көркөм.
Аттиң ай, кандай гана аянычтуу,
Капилет бул жашоодон өтүп кеткен?!.

# ТУУЛГАН КҮНҮМ

Туулган күнүм, менин бүгүн төрөлгөн,
Эмнегедир мен бул күнү сүйүнбөйм.
Да бир жашка калганыма картайып,
Капа болуп олтурамын бүгүн мен...

Кайсыл жылы, кайсыл жерде төрөлгөм,
Кызык экен айтып берсе апакем.
Киндигимди апам өзү кесиптир,
Үйдө жалгыз, жанында эчким жок экен.

Киндик каным Ботоаярда тамыптыр,
Мени жерден апам өзү алыптыр.
Кадыр-барктан айырбасын кудай, – деп,
Кадырбек, – деп чоң атабыз атаптыр.

Кимдер билет дагы канча жаш берет,
Түйшүгүн же ийгилигин бак берет.
Шүгүр кылып жаратканга жашоомо,
Жашап жүрөм эртели-кеч кудай, – деп.

Өмүр берген эне-атама ырахмат,
Силерсиңер мага белек эң кымбат.
Тартуу кылып бүгүн туулган күнүмдө
Мен ыр жаздым апакебай, Сизге арнап!

## Мазмуну

«Күзгү жамгыр» дем берсин ........ 4

**Мекен ырлары**
Бактылуу кыргыз экемин ........ 8
Ыйык тутканым ........ 9
Жол тартканы турам мен айылыма ........ 10
Саламат тур, санжыралуу айылым ........ 11
Биздин айыл ........ 12
Ата-энемдин турагы ........ 13
Ташкындай бер, Нарыным! ........ 15
Бакыттын шаары Нарыным ........ 16
Өнөр, билим бешиги ........ 18
Таланттардын бешиги ........ 19
Алтын туур – турагым ........ 20
Долон ........ 21
Ыйык жерим ........ 22
Кыргыз комузу ........ 23
Мен, кыргызмын ........ 24
Улутуна карабас... ........ 25
Бийиктиктер ........ 26
Тоолорум ........ 27
Кел, Ноорузум! ........ 28
Ысык-Көлүм, күбөсүң ........ 29
Сагынычым Ысык-Көл ........ 30
Кыргыз тоосу ........ 31
«Бабык» ........ 32
Айылымды сагындым ........ 34
Бар бололу ........ 36
Жайлоо таңы ........ 37
Сагындым ........ 38
Соң-Көлгө ........ 39
Ак-Талаа – ата-мекеним ........ 42
Айылыма келгиле ........ 43
Таенемдин багы ........ 45
Улуу тоонун улары ........ 46
Тоо булагы ........ 47
Эски там ........ 48
Сары-Өзөн-Чүй жерине ........ 49
Туулган жердин элеси ........ 50
Ала-Тоом – ата-журтум ........ 51

Кусалык ........ 52
Чыктым жолго ........ 54
Суусамыр ........ 55
Асыл жерим ........ 56
Ысык-Көл жана Алыкул ........ 57
Эч болбос ........ 58
Ысык-Ата ........ 59
Аппак тоолор ........ 60
«Көк-Ой» ........ 61

**Арноо ырлары**
Амандыкта жүргүлө ........ 62
Баатыр жоокер ........ 63
Кубандырып жүргүлө ........ 64
Келиним Кымбатка ........ 65
Булбул үнүн келептеп ........ 66
Алыкулга ........ 67
Кызым, Мединанын туулган күнүнө ........ 68
Аскарыма ........ 69
Иним, Надырбекке ........ 70
Туулган күнүң менен кызым ........ 71
Үйлөнүү тойго арноо ........ 72
Сен тирүүсүң... ........ 73
Элүү жашка куттуктоо ........ 74
Methodinam ........ 75
Тилегим ........ 76
Өмүрлөшүмө ........ 77
Бар болгула, курбулар ........ 78
Арта берсин кадырың ........ 79
Жылдыз өчтү... ........ 80
Эркинбек доско ........ 81
Асыл ойдун ээси бол ........ 82
Аалым өттү дүйнөдөн ........ 83
Асылсыңар апалар ........ 84
Жүр эсен! ........ 85
Айдинурум ........ 86

**Обончу-композитор, акын-пародист, котормочу**
**Алмаз Сейитказиевге арноо** ........ 87
Жетимиш жашка куттуктоо ........ 87
Акын Байдылда Сарногоевге ........ 88
Эжем Торконун жаркын элесине ........ 89

Досторума ........ 90
Жаркын элес ........ 91
Кош, досум! ........ 92
Атсалоом алейкум! ........ 93
Болбойт тура ........ 95

**Сүйүү, сезим кайрыктары**

Күзгү жамгыр ........ 96
Кетпечи Асел? ........ 97
Буюрбас болдуң окшойт ........ 98
Бир арман ........ 99
Өмүр – белес ........ 101
Кылым көчү ........ 102
Жазда ........ 103
Күлгө айланды үмүтүм ........ 104
Өмүр көчү ........ 105
Билбей жүрөм ........ 106
Токточу өмүр ........ 107
Күтүп жүрөм ........ 108
Кетеличи ........ 109
Таптым сүйүү ........ 110
Ыр дүйнөсү зор бакыт ........ 111
Ачык айт ........ 112
Шыбырачы ........ 113
Келесиңби? ........ 114
Арзуудан тапкан сүйүү ........ 115
Жактыраар бекенсиз ........ 116
Сен экөөбүз ........ 117
Кызганам ........ 118
Чакырчы ........ 119
Сен бир гүлсүң ........ 120
Өрттөдүң жанды ........ 121
Он сегиз жаш ........ 122
Чындыкка жараша тамаша ........ 123
Бир күнү ........ 124
Үзбөйлү үмүттөрдү ........ 125
Сени ойлосом ........ 126
Бакыт нуру ........ 127
Баркынды билдим ........ 128
Жүрү ашабыз Долонду жыланаңайлак ........ 129
Көрксүздүк ........ 130
Ал – табышмак ........ 131

Сен да бир күн... ..........132
Менин бүтүмүм ..........133
Картайтпайт – махабат ..........134
Мен сага жетпей калгам..........135
Эстей жүргүн ..........136
Кучагыма кулачы..........137
Аттиң ай... ..........138
Кире көрбө түшүмө..? ..........139
Жан азык ..........140
Керемет сезим ..........141
Сезимимде жазылуу..........142
Сен белең..? ..........143
Өчпөдүң үмүт болуп..........144
Бактысы бийик болсун..........145
Жан-арманым ..........146
Демек... ..........147
Өтөм эми..?..........148
Сүйөм, – дештен тартынбайм..........149
Сагынычтын себеби... ..........150
Каралдым, таштап кетпесең?..........151
Сүйүү күчү – керемет ..........152
Дарыгери жүрөктүн..........153
Эх, сулуулар, айымдар..........154
Баратасың жетелеп... ..........155
Сезимимди сулуулукка сугарып..........156
Классташ кыз ..........157
Түшүмдө..........158
Ырахмат тагдырыма ..........159
Сагынычым..........160
Кайда кеттиң?..........161
Сүйүү дастаным..........162
Эми качан? ..........163
Улуу сүйүү ..........164
Бир көрүнчү?!..........165
Сураныч ..........166
Сагындым..........167
Сүрөт болдуң карегимде өчпөгөн ..........168
Аселим..........169
Өтөөр күндөр ..........170
Жоготтум сенсиз... ..........171
Деги менде не жазык? ..........172
Таарынычты таштайлычы ..........173

Байкабайсың....................................174
Үмүттөрдө шам жанып... ....................................175
Келдим сага....................................176
Сагындым сени....................................177
Жүрөк үшүн албачы?....................................178
Сүйүү – деген керемет....................................179
Ак берметим ....................................180
Ардагым....................................181
Уйкусуз таң ....................................182
Кайда элен? ....................................183
Аман жүр, алтын чырагым....................................184
Мен бир акын ....................................185
Бүлүктү салдың оюма ....................................186
Өмүр өтүп баратбайбы....................................187
Арзуу баяны ....................................188
Куштун арманы....................................189
Жамилам....................................190
Сүйүүмдүн символу ....................................191
Бир сөз айтчы?....................................192
Ыйык сезим....................................193
Оюнду билбейм толук ....................................194
Арзуума жетпегенге армандамын....................................195
Күттүм сени....................................196
Жактап койчу....................................197
Үмүт ....................................198
Сураныч ....................................199
Неге сен?....................................200
Жарыгым айтчы....................................201
Бирге жеңели....................................202
Жүргөндөйсүң....................................203
Сүйүү жашайт ыр болуп....................................204
Айымдардын майрамы....................................205
Кетпечи....................................206
Кубат алам күлкүңдөн ....................................207
Бар болчу ....................................208
Сени эстейм ....................................209
Аяп койчу ....................................210
Сен үчүн....................................211
Бакыт издеп... ....................................212
Аруу сезим ....................................213
Эмне сулуу?.. ....................................214

Ак жарыгым ........................................ 215
Жакшы көрөм ........................................ 216
Арманым Асанкалый кайрыгында ........................................ 217
Келчи кайра ........................................ 219
Сураныч ........................................ 220
Сүйүү барда... ........................................ 221
Бүтпөс ыр ........................................ 222
Сүйөрүңдү түшүндүм ........................................ 223
Сулууга ........................................ 224
Сүйө албасаң?.. ........................................ 225
Жолуккум келет... ........................................ 226
Жар бол мага ........................................ 227
Кош, – дебечи суранам ........................................ 228
Буйруксуз сүйүү ........................................ 229
Айрылуу ........................................ 230
Сүйүү баяны ........................................ 231
Жай түнү ........................................ 232
Бир өкүнүч ........................................ 234
Жанымда жүр ........................................ 235
Күтүп жүрөм ........................................ 236
Дабагерим ........................................ 237
Сен бир кезде ........................................ 238
Тоого барып келели ........................................ 239
Жаштык мейлин, кете бер ........................................ 240
Керемет күз ........................................ 241

**Ноталуу ырлар** ........................................ 242

**Атам, апам жана мен**
Кечир апа ........................................ 256
Апаке, сизге карызмын ........................................ 257
Атам барда ........................................ 258
Апам барда ........................................ 259
Энелер ........................................ 260
Карызымдан калдым апа кутулбай ........................................ 261
Эстеп ........................................ 262
Келдим эле..? ........................................ 263
Сагындым апа ........................................ 264
Акыл кеп ........................................ 265
Азалуу дүйнө ........................................ 266
Алтын апам ........................................ 267

Баа жеткис бакыт ........................................ 268
Оорутпачы апакемди жараткан ........................ 269

**Өмүр, жашоо ыргактары**
Жаратман эл ........................................ 270
Эх, досум ........................................ 271
Тилектештерим ........................................ 272
Кездешкенде ........................................ 273
Тентек элек ........................................ 274
Акындын оюу өчпөсүн ........................................ 275
Кечиргиле ........................................ 276
Кайда биздин балалык? ........................................ 277
Тарых бизди кечирбейт ........................................ 278
Өчпөйт чексиз сагыныч ........................................ 280
Ушул таң ........................................ 281
Өмүр термеси ........................................ 282
Ырым бүтсө, там бүткөндөй сүйүнөм ........................................ 284
Сулуу таң ........................................ 285
Үмүт ........................................ 286
Сагыныч ыры ........................................ 287
Бир кайрылып келеличи ........................................ 288
Кел достор, чогулалы? ........................................ 289
Ыр дүйнө ........................................ 291
Балалыкты экерүү ........................................ 293
Өмүрдөн кымбат эмне бар? ........................................ 295
Биздин кыздар ........................................ 296
Кайран жаштык элирген... ........................................ 297
Замана ........................................ 298
Жаз жамгыры ........................................ 303
Ак калпак күнү ........................................ 304
Өткөндү эстеп ........................................ 305
Ак калпагым ........................................ 306
Классташтарга ........................................ 307
Келчи жазым ........................................ 308
Эртеңкини эстейли ........................................ 308
Бакыт таптым ........................................ 309
Бир дүргүтүп келбейлиби? ........................................ 310
Ыр белек ........................................ 311
Пендебиз ........................................ 312
Таркабасын ........................................ 313
Эмки кезек биздики ........................................ 314
Классташ кыздарга ........................................ 316

Жоокер ыры ....................................................318
Нарын чек арачылары ........................................319
Жеңелер .........................................................320
Кайгырбай жаша ..............................................321
Жаратканды сүйөлү ...........................................322
Чиркин өмүр ....................................................324
Кел, жаны жыл! ................................................326
Өмүрдү кантип жектеймин? ...............................327
Жашагым келет! ...............................................329
Калганбы кайран жаш карып ..............................330
Чындыкты эч тана албайм ..................................331
Өмүр өтсө .......................................................332
Балалыктын асманы ..........................................333
Оо, турмуш! .....................................................334
Жашоо уланат... ...............................................335
Сүрөттөр .........................................................337
Бешик тойго ак тилек ........................................338
Бакыт таптым ..................................................339
Кыз узатуу .......................................................340
Улуу күч ..........................................................341
Акын жүрөк ......................................................342
Жашаса дейм ....................................................343
Неберемдин суроосу ..........................................344
Жашоонун бакыты .............................................345
Арты арман... ...................................................347
Кечикпейли ......................................................348
Жашоо – сапар ..................................................349
Мен киммин? ....................................................350
Жакшы ишибиз болбосо .....................................351
Колдоочубуз – жараткан ...................................352
Балалыкка келет жолуккум ................................353
Байдылда менен баарлашуу ...............................354
Жакшыны жарата бил, мына бүгүн ......................356
Өткөнүң келбес ................................................357
Эркетайым .......................................................358
Тай күлүгүм .....................................................359
Биз ал кезде .....................................................360
Куда тосуу .......................................................361
Жакшы көрөм жашоону .....................................362
Туулган күнүм ..................................................363

**Ташматов Кадырбек**

**КҮЗГҮ ЖАМГЫР**

*(Лирикалык ырлар)*

Редактору *А. Сейиткaзиев*
Корректору *А. Сейиткaзиев*
Тех. редактору *А. Жунусбекова*
Компьютерге терген *Н. Иманкулова*
Компьютердик калыпка салган *Г. Иманкулова*

Басууга 13.01.2022-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 23,25 б.т. Нускасы 200.

«Максат» басмасы.